Төрөбай ИСМАИЛОВ



# ТҮРКҮН ТАГДЫРЛАР

Ош – 2013



Исмаилов
Төрөбай
1953-жылы
Жалал-Абад
облусуна
караштуу

Кызыл-Суу айлында дүйнөгө келген. Ош мамлекеттик педагогикалык инстутунун филология бөлүмүн бүтүргөн. Райондук, шаардык, облустук гезиттерде кабарчы редакторлук кызматтарды аркалаган. “Чоочун бала” деген балдар үчүн жазылган китептин автору.



Төрөбай Исмаилов

# ТҮРКҮН ТАГДЫРЛАР



Ош – 2013

УДК 21
ББК 86.3
Т 40

Т 40 Төрөбай Исмаилов «Түркүн Тагдырлар» - Ош:
Ошбасмакана, 2013. – 144 б.

ISBN: 978-9967-25-119-9

Автордун бул жыйнагына улуу акын Барпынын, композитор, обончу Рыспайдын өмүрү, чыгармачылыгын, ошондой эле көрүнүктүү инсандар: Исхак Раззаков, Султан Ибраимов, Насирдин Исанов, Бекмамат Осмонов, Салижан Жигитов, Сатыбалды Жээнбеков, Майрам Керим кызы тууралуу баяндаган макалалар, көзү өтүп кеткен айылдаштар тууралуу ырлар киргизилген.

Т 0403000000-13 УДК 21

ISBN 978-9967-25-119-9 ББК 86.3

©Исмаилов Т. 2013



# Драмалар

# БАРПЫ
*(драма)*



**Катышуучулар:**

**Алыкул** - Барпынын атасы.
**Сайкал** - апасы.
**Барпы** - акын.
**Жеңижок** - акын.
**Төрөгелди** - Барпынын теңтуш досу.
**Бердибек** - эл башындагы жигит .
**Мөлмөл** - Барпынын сүйгөнү.
**Медина** - илимпоз.
**Түмөнбай,**
**Жолотай** - Барпынын ырын жазуучулар.
**Даутов** - адабиятчы.
**Төрөканов** - акындын ырын жыйнноочу.
**Кочкорбаев** - айтуучу.

**(Окуя өткөн кылымдын аралыгында жана биздин күндө болуп өтөт.)**

**НАЗАРБАЙ:** (өзүнчө) баякы жугундукор кайда кетти экен? Курсагы тоң түшкөнгө дагы оюн салып кетсе керек (кыйкырып). Ой Барпы, бооруңа чечек чыккан Барпы, кайда жүрөсүң?! (Эч кандай жооп болбогондон кийин дагы үн салат) Барпы-ы-ы! Кысталак куу моюн, качан болсо артынан өкүртүп бакыртканы бакырткан. Сени шашпа, жонуңан кайыш тилдирбесем! (Жүзүнөн заары чыгып, короодо нары-бери басат). Ошо саам нары жактан Барпы көрүнөт.

**БАРПЫ:** (энтигип) чакырган үнүңүздү угуп, кой жайып жүргөн жерден жетип келдим. Сиздин кызматыңызга мен даяр. (Эки колун бооруна алат).

**НАЗАРБАЙ:** (бетинен заары чыгып) Сен ушул сөздү чын айтып турасыңбы, же, мага айта койчу даяр жообуңбу?

**БАРПЫ:** Жашымдан жалган айтып, жанымды жегим келбейт, чынын айтып турган жерим.

**НАЗАРБАЙ:** Ошондойбу?.. (пауза) Качантан бери чын сүйлөп калгансң куу томаяк, же кошокчу боло баштагандан бериби?

**БАРПЫ:** Байым томояктыгымы тана албайм, бирок чындыкты дайыма айтам. Чакырганыңызды угуп, келип турган жайым.

**НАЗАРБАЙ:** Сенин чыгып баратат тилиң. Бул башыңы жэзрин билгин! Эки сөздүн башын бириктирсең өзүңдү ырчымын деп сезесиң.

**БАРПЫ:** Зериккенде анча-мынча кыңылдап коем. Ошондо да кой артында болом.

**НАЗАРБАЙ:** (жини келип) Койду кайтарып жыргаттыңбы, канчаларын кырды бөлтүрүк, жаның тынды канчаларын өлтүрүп.

**БАРПЫ:** Кой артынан калбай жүрөм, ушунда эле болбосо күнөөм.

**НАЗАРБАЙ:** (өзүнчө күбүрөйт). Кызталак куумоюн, көрсетсембү буга кызык оюн.

**БАРПЫ:** (бир балээ болоорун сезип) Ачууңузга тийип койдум окшойт. Менден кетсе кечириңиз байым, руксат берсеңиз билейин койлордун жайын.

Албууттанган бай жининен кайта турган түрү жок, жаш жигитти азыр катуу жазалап, баш көтөргүс кылып коюуну чечет.

**НАЗАРБАЙ:** Жигиттер! Кармагыла муну, кууп аларга жок куну. Сазайын бергиле, эсине келсин, экинчи өөдө карабас болсун!

(Сырттан эки жигит кирип келет)

**ЖИГИТТЕР:** Айтканыңыз эки болбойт байым, азыр эле беребиз, тил кайрыгандын сазайын! (Жигиттер Барпыны тооруп ортого алышып).

**1-ЖИГИТ:** Курсагың тоюп, Кудайды да таанибай калган экенсиң, мына сага! (өрмө камчы менен Барпыны жон талаштыра тартып калат).

**2-ЖИГИТ:** Жакшы аштын теңи эмессиң (чоку талаштыра салат).

**БАРПЫ:** Айланайын акалар, аясаңар мендейди, же адамдар таш боор болуп кеткенби. (Алабарман жигиттер сөз укчу беле, алмак салмак уруп жатышып, Барпынын ээсин оодарып чыгып кетишет).

Айлана күңүрттөнөт. Алыстан кандайдыр муңдуу күү угулат. Бара-бара күүнүн угулушу жакындагансыйт. Жерде сулк жаткан Барпы акырындап эсине келе баштайт. Катуу таяктан анын денесинин жанчылбаган жери жоктой. Кыймылдайын десе, сыздаган дене болчудай эмес. Бетин сыйпаласа, шүүшүңдөгөн кандарга колу тиет. Кан уюп, чачтары жумгалакташып калыптыр.

**БАРПЫ:** Ой! Жаным ой! Не жазыгым үчүн таяк жедим. (Өөдө болом деп боло албайт). Күү жаңырат. Барпы көзүн жумуп, күүгө кулак тосту. Бугунун баласы боздойт. Бутуна ок жаңылган, энесинен адашып алдастап барат бугунун баласы Бала бугунун көзүнөн көк жашыл аймак, көк кашка булак, көк мелжиген тоо учуп барат. Күү ушуну баян кылып атты. Байкуш бугу бирин-бири жеп коюуга даяр турган суук көздөрдөн, арам ойлордон оолак кетип калууну көздөп ашыгып барат. Барпы күүнү угуп жатып, жанчылган денесин унутуп, чыйралды. Көөдөнүн кандайдыр керемет күч байырлады. Турам деп обдулду. Бирок дарманы келбей кайра жыгылды. Сыздаган денесин эми сезди. Эрдин тиштеп, жан айласын таппай чабалактады. Ошол

саам үн жаңырат. Баарын унуткан Барпы ошол үнгө кулак төшөдү

**ҮН:** Эй букара, сенин бактың таштан беле, сен дегенде кабыргасы кайышып, көзүнүн жашын көлдөтүп, түн бою кирпик какпай азап чеккендир сени тапкан эне! Сен болсо башкалар үчүн турбайсың тыйынга, адамдар залим келет чынында, сага окшогон көрсө кордук, алар үчүн чеги жок сыймык.

**БАРПЫ:** (өзүнчө) сен кимсиң бурадар, жарыкчылыкта кара менен акты ажырата турган пенде барбы? Сөзүң жакшы айтчы айтарыңды! Бир бөксертөйүн көөдөндөгү муңзарымды!

**ҮН:** Айтсам, тагдырың пас, даңкың бийик, Кудайым пешенеңе ушуну койгон экен чийип. Жашыңда байга кызмат кылып, эл ичинде акын деген атка конуп, жашайсың көмөкөйүң ырга толуп!

**БАРПЫ:** (жаткан жеринен эптеп туруп, көктү караган калыбында) Бул кайсы адилет жан! Мага боор ооруп, жан тарткан! Же менин үнүм Кудайга жеттиби, же... мага кызыр ата келдиби?! Же, жан чыдатпай турганда сезимди дүргүткөн кандайдыр күчпү!?..

**ҮН:** Жок антпе букара, көңүлүңдө кириң жок, жан экенсиң ак санаган адамга.

**БАРПЫ:** (ырдап жиберет)

*Өзүмө издеп нан таптым,*
*Малай болуп мал бактым.*
*Керели кечке тынбастан,*
*Байга иштеп мен жактым.*

**ҮН:** Көкүрөгүң зилдеген, дартыңды эч ким билбеген жан экенсиң. Көкүрөгүң зирек, сөзүңөн ой чачылат.

**БАРПЫ:**

*Бир адамды ыйлатып,*
*Буркураткан дүнүйө.*
*Барга жокту жалынтып,*
*Пул сураткан дүнүйө.*
*Кээ бирөөнүн малы көп,*
*Бардам кылдың дүнүйө,*
*Кээ бирөөнүн малы жок,*
*Шылдың кылдың дүнүйө.*

**ҮН:** Адамдардан сыр калат, сендейлерден ыр калат. Бактыңы ойлоп эртеңки, кол куушуруп отурба.

**БАРПЫ:** (алаканын алдыга көздөй жайып)

*Эзилип, күйгөнүмдөн чыккан ырым,*
*Жашырбай элге чечип айткан сырым.*
*Тепкилеп баш көтөртпөй урган зулум,*
*Сандалып кой кайтарып жүргөн күнүм.*
*Малдарды качса чуркап тоскон күнүм,*
*Жокчулук шул кайгыга кошкон күнүм.*

## КӨРҮНҮШ

Барпы Назарбайдан кутулбашына көзү жеткен соң кайтарган малын таштап, Тогуз-Тородогу тагаларыныкына качып келет.

**САРЫ:** Ээ, байбиче, чайыңды алып келгиниң шам-шум этип алып, малды карайын.

**АТЫР:** (нары жактан) Азыр абышка, тамагың даяр маалында. Андан көрө жай отуруп, тамагыңды ичип ал, баягы мал тургандыр шашылба.

**САРЫ:** Байбиче, эки болбойт айтканың, даамдуу дайым, сен жасаган тамагың. Эми билдим сен айтканда курсактын ачканын. (Төргө чыгып малдаш урунуп олтурат. Тамак көтөргөн Атыр кирет. Дасторкон жайылып, оокат эми оозго тийгенде сырттан иттин авалаган үнү угулат).

**САРЫ:** Карачы байбиче, ит соо үрбөйт эле.

**АТЫР:** (терезеден сыртты шыкаалап карайт). Абышка, баягыжээн келатат, жээн!

**САРЫ:** Кайсы?..

**АТЫР:** Созоктогу жээнчи?

**САРЫ:** Барпыбы?!

**АТЫР:** Дал ошол, сыртка чыгып күтүп алалы, антпесек таарынып калбайбы.

(Алар опур-топур болуп, гөлөштөрүн оңдоп кийгиче сырттан Барпы кирет).

**БАРПЫ:** Ассалоом алейкум таға! Арыбаңыз тажеңе, оору сыркоодон тышкары тынч амансыздарбы?

**САРЫ:** Барпы балам амансыңбы, жүрөсүңбү тынч аман?

**АТЫР:** Айланайын жээн, тынч турабыз. Өзүңдү көрдүк аман, үйүңдөгүлөр кандай анан?

**БАРПЫ:** (Тагасы, тажеңеси менен учурашат). Бизден айтсам тажеңе, тага. Кудага шүгүр тынчпыз. Үйдөгүлөр салам айтышкан. Жеткиришти табышташкан эле мага.

**САРЫ:** Ырахмат. Тынч болсоңор болгону, баса апаң ооруй калчу эле?

**БАРПЫ:** Ооруганы ооруй калат. Оорудан сакая түшсө эле кол куушуруп олтургандан жадап, иштеп калат. Кой деп койдура албай атам кыжаалат.

**АТЫР:** Ээ, балам, адам көзү тирмийип, тили сайрап турганда кантип отура алат?

**САРЫ:** Көртирилик кайдан жөн койсун. Башың менен ашмелтек атсаң да кара жаныңды карч урганың урган. Ошентип жүрүп өтүп кетет экенбиз.

**АТЫР:** Ээ, ботом, жээнди төшөк салып, төргө өт дебей мага эмне болгон? (шашылып орун даярдайт).

**САРЫ:** Тажеңең да байкабай, кээде коет меймандарга төшөк салбай. Төргө өтө гой чырагым, кемпиримдин пейлине капаланбай.

(Барпы төргө өтүп отурат. Салт боюнча үйгө тынччылык тилешип, бата кылышат).

**САРЫ:** Кудага шүгүр, аман эсен экенсиңер.

**БАРПЫ:** Ушул эмеспи адамдардын тилеги. Бирок муну баары эле билеби? Кудайды унутуп, дүйнөгө манчыркап, далайлары жүрбөйбү?

**САРЫ:** Аның туура жээним, жаш да болсоң байкапсың.

**БАРПЫ:** (Ойлуу отуруп, анан) Бул турмушта күлбөгөн, жаркылдап өмүр сүрбөгөн, ошол мен болом тага.

**САРЫ:** (ичинен зээни кейисе да) Кой антпе Барпы, жакшылылктан үмүт үзчү беле адам, көөдөнүңдү бийлеп, жүрөгүңдү эзген, билинип турат ызаң.

**БАРПЫ:**

*Байдан бай авла эмес бардыгы сук,*
*Кедейди эзип жеген арам тумшук.*
*Эчен жыл азаптардын жолуп басып,*
*Азапка чыдай албай байдан качып...*

**САРЫ:** Олда айланайын ай, бизден оолак кетпейт окшойт малайлык. Асмандагы сур булуттай айланып.

**БАРПЫ:** Тага, болсом дагы малай, жүрөгүм, дилим таза.
**САРЫ:** Жакшы адамдар жашоонун ырын сезет. Болгондо да жүрөгү менен. Ал адамдар билесиңби доско даяр, душманга аяр.
**БАРПЫ:**

*Узак жолдун белгиси,*
*Бекет болот турбайбы.*
*Улак жүрүп чоңойсо,*
*Эркеч болот турбайбы.*
*Атан төөнүн сөөлөтү.*
*Өркөч болот турбайбы.*
*Отко көөмп бышырса,*
*Көмөч болот турбайбы.*
*Бир тууганга бир тууган,*
*Жөлөк болот турбайбы!*

**САРЫ:** Бали!, бали!
**БАРПЫ:** (токтобойт).

*Атадан болсо он уул,*
*Бардыгынын турмушу,*
*Бөлөк болот турбайбы.*

(Барпы бир топко чейин ырдап барып токтойт.)

**САРЫ:** (Жээнин алкайт). Кем болбо кагылайын, анча мынча болсо да, ырдап жүргөнүң бизге дайын. Жаман көз, жаман сөздөн Жараткан өзү сактасын.

Сырттан аттын дүбүртү угулат, ит үрөт. Сары сыртка чыгат. Үйдө Барпы езү калат. Менин артыман куугунчу келдиби деген ой Барпынын тынчын ала баштайт.

**БАРПЫ:** (өзүнчө) Мени издеп келген байдын жигиттери болсо шорум катты го шорум! Андан көрө бекинип калыштын жолунтабайын (белмө ичинде аркы-терки баса баштайт).

Сырттан Бозулан, ушул жерлик жигит Бердибектер киришет. Тигилерди көрүп, Барпынын кеенү жай алат.

**БЕРДИБЕК:** Ассолом алейкум!
**БАРПЫ:** Валекимассолом! (экөө кол алышып учурашат).
**САРЫ:** (Бердибекке карап) Беке, баягы өзүңө айтып жүрчү жээним ушул.
**БЕРДИБЕК:** А билем. Жалалабаттан.
**САРЫ:** Андан ары Ачыдан.

**БЕРДИБЕК:** (Барпыны карап) Кандай иним, эл журтуңар тынчпы?

**БАРПЫ:** Тынч турабыз. Өзүңүздөрдө кандай?

**БЕРДИБЕК:** Бизде жакшы. Эл аман, жер аман дегендей. Тиричилик деген бар го.

**БАРПЫ:** (күлүп) Андан качып кутулбайт пенде, көзү кыбырап тирүү турган кезде.

**САРЫ:** Ооба, айланайын, кыйноого жараткан да жанды.

**БЕРДИБЕК:** (Сарыга карап) Саке, уксаң керек, айылдагы мааракени, Кадырбек атасына аш берип жатат, жыйнап алыскы жуук элди.

**САРЫ:** Уккамын аны, чоң болот окшойт маараке даңкы.

(Бозулан сөзгө кошулат).

**БОЗУЛАН:** Ооба ошондой, улак, эңиш, байге чабыш, кыз куумай. Акын калкы да келишет. Ыр менен бирин-бири жеңишет. Айтор болот кызык тамаша.

**БЕРДИБЕК:** Андан көрө балбаның же акының болсо алып баргын жараса.

**САРЫ:** (Бердибекти далыга таптай). Жарайт Беке, тапканымы алпарам, ошондо көрөсүң баарыңы таң калтырам. (Өзүнчө жыргап күлөт. Күлкүсүн токтотуп Бердибекке карайт). Ой, тамашалап атам. Чын бүтүп алба. Беке, качан өтөт маараке?

**БЕРДИБЕК:** (койнунан камчысын алып жатып). Келерки аптада, шаршембиде, ошону айтып жүрөм элге. Айтмакчы Саке, жээниң Барпыны ала баргын ошол жерге.

(Бердибек кетүүгө камынат. Бозулан эми гана чай ич деп айтпаганын эстеп, дасторкон жайууга аракет кылат. Муну Бердибек байкайт.)

**БЕРДИБЕК:** Чайга ыраазымын. Шашылып турам. Дагы чайлашаарбыз болсок аман. Андан көрө сырттан эле ооз тийейин нандан. (Бердибек кетет. Бозулан, Барпы аны ээрчий басышат).

## КӨРҮНҮШ

Айлана жарыктанат. Бак-дарактуу айыл чети. Нары бери баскан адамдардын карааны көрүнөт. Аттардын кишинегени, адамдардын кажы-кужу сөздөрү угулат. Керней-

сурнай ойнолот. Аңгыча аштын жарчысынын үнү баарынын көңүлүн өзүнө бурат.

**ЖАРЧЫ:** Оо, калайык, жүргүлө, акындардын өнөрүн көргүлө! Кызык болот тамаша, сөз берметин укпай калат ким ага барбаса!

Жарчынын сөзүнөн кийин топураган эл акындар тарапка сүрүлөт.

**БЕРДИБЕК:** Барпы, бүгүнкү мааркедеги жарышта, бир жарарсың намыска.

**САРЫ:** Ошент Беке, батаңды бер, багына бап келсин акындык шер.

**БЕРДИБЕК:** Оомийин, акындык өнөрүңдү Кудай теңирим колдосун, турмушуңда жакшылык көп болсун. Жаныңда жылдызы жанган, ымаласы ысык жар болсун!
(Үчөө алакан жайып бата кылышат).

**БАРПЫ:** (Экөөнө карап) Көрөмбү деп жакшыны, тилдедим эле бактымы, көөнүм толду карасам, көрүп алып баарыңды. Айтыштык өнөр чынында, тынчытпай келет санаамды.

**БЕРДИБЕК:** Оп бали, аман бол Барпы, ырчылык өнөр элдин салты. Ак таңдай акын экен деп, таанысын сени элдин баары!

**САРЫ:** Айтканың келсин Беке, жоргосу эми ачылат, шекердей сөзү чачылат. Жээнимдин ырын угушуп, мүлдө кыргыздын чери жазылат!

**БАРПЫ:** (чөгөлөй калып). Айтканыңар келсин, батаңар тийсин! Силердин катарыңарда Барпыдай жигит ойноп-күлүп аман жүрсүн!

**БЕРДИБЕК:** Өнөрүң өркүндөсүн. Жамандын сөзү, каршыккандын көзү тийбесин! (Тойдогу айтышта, Барпы жеңет).

**БАРПЫ:** Силерге ыраазымын! Жаманбы жакшыбы биринчи жолу Тогуз Тородо эл алдыда ырдадым калкым аны тыңдады, мактаганы мактады, сындаганы сындады. Чоң сыймык болду го, Барпы үчүн бул жагы.

Тигилер Барпыны коштоп, Бали, айланайын ошондой болду, ырың калкыңдын купулуна толду, - дөшип акындын эргүүсүнө эргүү кошушат. (Баары кетишет).

## КӨРҮНҮШ

Бак дарактуу айыл. Бак аралап кеткен жол. Жолдон анча алыс эмес жерде булактын шылдыраган үнү угулат. Бак аралап учуп конгон куштардын үндөрү. Күндүн көзүн булут тоскондуктан айлана күңүрттөнүп көрүнөт. Бак аралап колунда челеги бар сууга келаткан Мөлмөлдүн карааны көрүнөт. Ал негедир ойлуу, басканы жай. Кээде гана жол жээгиндеги гүлдөрдү аяр кармап, эңкейип гүл жытын искейт.

**МӨЛМӨЛ:** (өзүнчө ырахаттанып) Ай, ий, гүлдөрдү карасаң, бир ажайып, бир сулуу. (челекти жерге коюп, гүлдү жыттайт).

Жерим бир сулуу чалкыган, гүлдөрү жыттуу аңкыган. Сонун айылган сөз ээ. (кыткылыктап күлөт. Өзүнчө айлангөчөк болуп жыргайт. Бир аз өткөндөн кийин сустая түшөт, колундагы кызыл гүлгө аяр карап, аны кайталап жыттап, элдик обондо кыңылдайт.)

*Чолок кайың конушка,*
*Чогулуп элиң конушса.*
*Эси жок душман көрө албайт,*
*Эки жаш ашык болушса.*

*Көк-Арт тоону кар баскан,*
*Көңүлдү муңдуу зар баскан.*
*Көпчүлүк элдин көзүнчө,*
*Көрүнбөй кантип жандасам.*

Мөлмөл ырынын аягына чыгып чыга электе алыстан сыбызгытып ырдаган жигиттин ыры угулат. Мөлмөл эки жагын элеңдей карайт. Эч ким көрүнбөгөндөн кийин ырга кулак төшөйт. Сүйүүгө жетпей бирок ал үчүн бар жогун арнап койгон бозой үнү кыздын жүрөгүнө бүлүк салды. Заматта кыз жүзү жадырап, ырды магдырап уга баштады.

*Жайнаган гүлдүү бак болсо, ээй,*
*Жанаша өскөн шак болсо, ээй..*
*Бир шагына сен консоң, ээй,*
*Бир шагына мен консом, ээй.*
*Үн кошуп бирге сайрасак, ээй,*
*Ичтеги дартты айдасак, ээй!..*

Аңгыча ат дүбүртү жакындайт. Мөлмөл челегин таппай, нары-бери чуркайт. Атчандар чукул келип калганынан улам Мөлмөл дарактын далдоосуна жашынып, тигилерди акмалайт, келип калган эки атчан Мөлмөл турган жерден көп алыс эмес жерге барып токтошуп, аттардан түшүшүп, ат чалдырышат. Бири мөнен бири тамашалашып, жигиттердин көөнү ачык эле.

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Барпы, ачык болот окшойт жолубуз, жакшы жерге келип токтодук карабайсыңбы?

**БАРПЫ:** Мынчалык гүлү жайнаган атыр жыты аңкыган, жерди көрбөптүрмүн. Жакшы болот ко, бүгүнкү күн чамасы.

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Баке (Барпыга карап) азыр эле супсулуу кыз жолуңан чыга калса, эмне кылат элең?

**БАРПЫ:** (паузадан кийин) Тосо чыгып жолунан, кармайт элем колунан.

**ТӨРӨГЕЛДИ:** (күлүп) Анан, анан эмне демексиң? Айтчы ошону?

**БАРПЫ:** (каткырып күлүп) кызыксың сен Төрөгелди, эмне демек элем (ойлоно калат анан мынтип айтат). Сени сүйөм дөп айтмакмын, ага арнап сөз берметин тапмакмын! Ошентип пери кызга жакмакмын.

**ТӨРӨГЕЛДИ:** (олуттуу) чын, сулууларга жагыш да кыйын, билбей туруп сырын, көрбей туруп мурун. Дароо сез табыштын өзү чечендик эмеспи.

**БАРПЫ:** Нурлуу кыздын бир кылгырып тиктегени, ысытып денеңди козгойт ко тынч жаткан делебеңди. Андайда оозуңан сөзүң түшүп, болосун го чиркин дудук.

(Экөө булакты көздөй басышат. Кемселдерин ийиндерине коюп алышкан. Кооз аймакка суктанышат.)

**ТӨРӨГЕЛДИ:** (Барпыны капталга түртүп) Байкадыңбы бир нерсени?..

**БАРПЫ:** (Элеңдеп эки жагын карайт). Байкабадым эч нерсени.

Төрөгелди (колун жаңсап) көрдүңбү, суу боюнда челекти?

**БАРПЫ:** Көрдүм, көрдүм!

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Көрсөң ошол челекти, ээси кайда, пайлайлы, байкабастан кетирип, катуу өкүнүп калбайлы.

**БАРПЫ:** Ээн таштаган челекти, кызбы же келинби, же челекти бизге туш кылган асмандагы теңирби?

(Экөө эки жакка көз жиберет. Эч ким көзгө илинбейт).

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Кана издеп көрөлү, тапсак беттен өбөлү.

**БАРПЫ:** Өзү келсе издетпей, айтканына көнөлү. (Издөшөт).

Нары бадал арасынан Мөлмөл көрүнөт. Экөө нес болгондой Мөлмөлдү карашат. Мөлмөл уялыңкы жерден башын өөдө көтөрбөйт. Чачпактары үн салып, көйнөгү желге желбирейт. (Тигилер үн сөз жок кызга жакын басышат).

**БАРПЫ:** (Төрөгелдинин кулагына шыбырайт). Бул көрүнүштүн-дө кызбы же периби, же көзүбүзгө көрүнгөн кереметпи?

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Кыпкыз эле, сулуу экен, чүрөк экен. Сыягы кудайым ушуну бизге берген.

**БАРПЫ:** (озунуп). Салам айттык сулуу кыз!

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Саламыбызды кабыл алыңыз!

Мөлмөл жигиттерди алдыртан тиктейт. Жооп айтсамбы, айтпасамбы деп ойлонот. Кантсе эки сымбаттуу жигиттин шагын сындырбоону ойлоп, жооп кайтарат.

**МӨЛМӨЛ:** Саламыңыздар кабыл болду (кыз жигиттерден жүзүн ала качып жер карайт).

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Саламыбыз кабыл болсо сулуу кыз, анда таанышалы, мүмкүн мунун да болоор жакшы жагы.

**БАРПЫ:** Таанышканга не жетсин. Атыңызды айтсаңыз?

**МӨЛМӨЛ:** (каш кагып, жигиттерди кыйгач тиктейт). Таанышалы дейсиздерби, өзүңүздөр кимсиздер?

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Өзүбүзбү (буйдалат) өзүбүз Ачы деген жерденбиз, Төөлөс болот уурубуз. (Кыз жериңерди билбейт экемин дегендей ишаарат кылат).

**БАРПЫ:** Уксаң көрек карындаш, Көгарт деген кең жерди, ошондо биздин айлыбыз.

**ТӨРӨГЕЛДИ:** (Барпынын сөзүн улап) Анча билинбесе да Ачыбыз,ошондон өнүп-өстүк баарыбыз.

**МӨЛМӨЛ:** (Көңүлү жайнап, шыңкылдап күлүп). Айлыңарды мактаган, атыңарды айтпаган, сиздерге мен таң калам. Же уялып жатасыздарбы атыңарды айткандан.

**БАРПЫ:** (Ыңгайсыз абалда) Жок андай эмес сулуу кыз. Таанышууну жерибизден баштадык, аны айып этпейсиз, эми атыбызды айталык.

**ТӨРӨГЕЛДИ:** (Барпыны көрсөтүп) бул жигиттин аты Барпы, менин атым Төрөгелди (Мөлмөлгө карап тамаша иретинде) эсиңизге түйүп алсаңыз аттарыбызды жакшылап.

**МӨЛМӨЛ:** Бир эле жолу укканда, калчу беле кулакта.

**БАРПЫ:** Тамашалап койсок, мен өзү тамашаны жакшы көрөм.

**ТӨРӨГЕЛДИ:** (Барпыны сүрөп) Тамаша менен күн өтсө, жазылат жарпы жаштыктын. (Тигилип кызды карайт, кыз үн катпайт) атыңыз ким айтыңыз, таанышып алып кайтсак биз, Айпери кызды таптык деп, айылыбызга айтсак биз.

**МӨЛМӨЛ:** (акырын бирок үнү даана угулат). Таанышып алып кайтсаңыз, айлыңызды айтсаңыз, аралап шибер чөптөрүн, Көгартта туулуп өскөмүн. Ашыкча болбос дагы айтсам, алдейлеп багып ата-энем, Мөлмөл деп атты койгонун.

(Барпы менен Төрөгелди бирин-бири карап, кыздын чечкиндүү, так жообуна тан берип, кызды айлана басышат.

**БАРПЫ:** (кыздын атын кайталайт)кыздын уялыңкы жүзүн карайт, кыз болсо жүзүн ала качат). Мөлмөл, Мөлмөл!.. Кудайым бир жараткан жан экен, өзүнө аты бап экен.

**БАРПЫ:** (ышкынын күчү менен төгүп ырдап жиберет).

*Эки илабиң кызыл гүл,*
*Ачылгандай Мөлмөлүм.*
*Бир карасаң жүрөккө от,*
*Чачылгандай, Мөлмөлүм.*
*Маңдай чачың - Маргалаң,*
*Жибегиндей, Мөлмөлүм.*
*Сенин ышкың - баланын,*
*Тилегиндей, Мөлмөлүм.*
*Гүлзар кылчы жүрөктүн,*
*Какшып жаткан чөлдөрүн.*

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Бали, Баке, бали! Көөдөнүңдө туйлаган талантыңды туйбаган жан эместир Мөлмөл!.

Жарашыктуу басканы, жандан ашык келбети, ушундайга туш болгон бактылуу экенбиз бир чети.

(Аңгыча Мөлмөлдү чакырган үн чыгат).

**ҮН:** Ой Мөлмөл, Мөлмөл дейм. Барсыңбы?

**МӨЛМӨЛ:** (жигиттерди тезирээк кеткиле деп ишаарат кылып, өзү нары бери чуркап, челекти колго алат). Апаке бармын. Мына баратам!

**ҮН:** Чунак кыз, ушунча да жоголосуңбу?

Сууну кутүп, казан аспай отурам го!

**МӨЛМӨЛ:** Отту жага бериңиз. Ага чейин жетип калам, санаасы тынчыбаган жан апам!

(Мөлмөл кетүүгө камынат. Жигиттер Мөлмөлдүн алдын торой басышат).

**БАРПЫ:**

*Сүйлөгөн сөзүм муңайым,*
*Сүйгүзөр бекен кудайым.*
*Экөөбүздү жанаша,*
*Жүргүзөр бөкөн кудайым.*

**МӨЛМӨЛ:** Кызык экенсиз (Барпынын айтканынан уялып, бөтин басат, Мөлмөл кетет).

**БАРПЫ:**

*Көкбөрү тартып тоюңа,*
*Көргөндөр ашык боюңа.*
*Көргөндөр ашык болот деп,*
*Келээр бекен оюңа.*
*Улак тартып тоюңа,*
*Уландар ашык боюңа.*
*Уландар ашык болот деп,*
*Келээр бекен оюңа?*

**ТӨРӨГЕЛДИ:** Бакө, кыз жүрөгү сергек келет. Сени бая эле сүйүп калбадыбы.

**БАРПЫ:** Төрегелди туура сезип байкадың. Муну эч кимге айтпагын. Бирок Мөлмөл дегенде өлүмдөн да кайтпаймын. Андан көрө жолдон калбай жөнөйлү. Теңи болоормун, бул жашоодо ардактап алаар Мөлмөлдү.

## КӨРҮНҮШ

Чоң үйдүн айваны. Айвандын ортосунда сөрү. Сөрүдө Нышан, Кара Жолдош, Сыдык, Калмырзалар сүйлөшүп, чай ичип отурушат. Булар акындык жактан элге таанылып калгандар. Сөз Нышанга келгенде.

**НЫШАН:** Жанагы Барпы деген куу туякты азыртан тыйып койбосо...

**СЫДЫК:** (пиаласын жерге коюп) Аның туура. Жашынан жалкытып, баш көтөргүс кылып койгон оң.

**КАРА ЖОЛДОШ:** Ой кысталак, адамды капарына алгысы жок, адыраңдайт тим эле. Акын болуп эле жыргатып кое тургансып.

**КАЛМЫРЗА:** (пиаладагы чайдан уууртайт. Отургандарды алдыртан тиктеп өтөт да). Бул каяктан келген?...

**НЫШАН:** Бул бала Сарыга жээн экен.

**КАРА ЖОЛДОШ:** Мен да ушундай деп уктум.

**СЫДЫК:** Көз жарып, көкүрөк көтөргөн жери Жалалабат имиш. Ортодо жымжырттык өкүм сүрөт. Калмырза ордунан ыкшалып, оңдонуп отурат, үнүн жасайт.

**КАЛМЫРЗА:** Каяктан болсо, ошоядтан болсун. Баары бир мага. Жолуга элек керүнөт, азуулуга! Баарыбызды шермендекылат, тыйып койбосок ушундайда.

**СЫДЫК:** Бул жандуу сөз болду.

**КАРА ЖОЛДОШ:** Каке (Калмырзага карайт). Бул сенин колуңдан гана келе турган иш. Эл, алдында келтирип туруп бапта, болуп калсын мыш!

**НЫШАН:** Сыдык деле андай мадыра башты Калмырзага жеткирбей туруп, оозунан сөзүн түшүрүп, турган сөз жайлап салары.

**КАЛМЫРЗА:** (алакан жайып) Айтканың келсин. Теңирим колдоп, кызыр жылоолоп, суук көздөн алыс, жакшыга жанашып, эл арасында аман эсен бололу. Ыр жылоолоп, элден айтсын ырыскыбызды. Оомийин! (Баары бата кылышат).

Сөз бүтүп, туралы деп атканда эшиктен Бердибек кирет.

**БЕРДИБЕК:** Ассалом алейкум авалар, салам айткан Бөрдибек деген иниңер (отургандар саламга алик алышат). Сиздерди издеп чыккан элем. Ушул жерде дешти сурап билсем.

**КАЛМЫРЗА:** Тынччылыкпы?

**БЕРДИБЕК:** Тынччылык эле ава.

**КАЛМЫРЗА:** Ошондой болсун, шашкан кейпиңди көрүп, чачылып кетти оюм.

**СЫДЫК:** Бизге издөө салышына караганда, маанилүү иш болбосо, келбейт эле мында.

**КАРА ЖОЛДОШ:** (өзүнчө) кызык, керек болгон үчүн келип отурат да!

**КАЛМЫРЗА:** (Бердибекти карайт). Кана баатыр, келген чоо жайыңды айта отур.

**БЕРДИБЕК:** (аптыккан түрдө). Издеп келгенимдин себеби авалар, айлыбызда чоң мааракe бар. Ошого барып катышып, акындык салт менен айтышып, элдин жарпын жазсаңар деген мааракe ээсинин таклиби менен келип турам, руксат берсеңер.

**НЫШАН:** Кандай маараке экен?

**БЕРДИБЕК:** Макамбай деген жигит атасына аш берип жатат. Байгесине төөнү баш кылып тогуз туяк мал саят. Балбандарга, күлүктергө, акындарга атаганы башка. Жумалап өргүп жатат келгендер ашка.

**КАЛМЫРЗА:** Чоң маараке экен. Атасын ардактап, уулдук милдетин аткарган Макамбай азамат жигит экен.

**СЫДЫК:** Кайсы жактар чакырылат ашка?

**БЕРДИБЕК:** Мен билгенден ашка бул жагы Ак Талаа, Жумгалдан, тыягы Кетмен Төбө, Аксыдан, Көгарттан, Анжыяндан, Өзгөн менен Алайдан келишет. Дагы көп жерлердин аттары эсимденчыгып жатат.

**КАЛМЫРЗА:** (отургандарга карап). Баркыбызды баалап, атайын ат арытып, ашка чакырыптыр, барбай койсок наадандыктыр, барганыбыз адамдыктыр.

**СЫДЫК:** Барабыз, барбай кантип коелу.

**БЕРДИБЕК:** (ордунан туруп кетүүгө камынат). (Авалар баргыла, аштын алдыңкы күнү так ошол жерде болгула. (Баары чыгып кетишет).

## КӨРҮНҮШ

Ачы кыштагы. Алыкулдун үйү. Үй жупуну жасалгаланган. Төрдө Алыкулдун байбичеси Сайкал бир буюмду тигип аткан болот. Эшиктен Алыкул кирет.

**АЛЫКУЛ:** (таягын дубалга сейөп жатып). Бул турмуштан өлүп кутулбасаң, андан бери кутулбайсың. Кыймылдап эле атасың., бүткөн эч нерсе жок. Талыкшыбаган жерим жок, ой жаныым! (Ал белин кармап какаят).

Сайкал абышкасынын алдына төшөк салып, жамбаштап жатарына жаздык коет.

**АЛЫКУЛ:** жаздыгына чыканактайт.

**САЙКАЛ:** Байкуш чалым баш көтөрбөй иштеп келесиң. Дөөлөттүү жашка келсең да, иш болду сенин эрмегиң, дал өзүңү тартып, мээнеттүү болду балдарың.

**АЛЫКУЛ:** Ээ, байбиче, ушундай экен пешене, турмушта лаазым экен, азап тартуу пендеге, элчилеп жашап өтсөм деп, ойлонуп келем мен деле. Эми эмне кылмакмын, көңүлү калган туугандай, дөөлөт мага келбесе.

**САЙКАЛ:** Кейисең, кейибесең да пешенеге бүткөнү ушу, жер тырмап жүрүп көргөнүбүз бу. (Ортодо тынчтык өкүм сүрөт).

**АЛЫКУЛ:** Байбиче, кабар барбы уулуңдан, чунак бала десе, ал чамасы бизди унуткан.

**САЙКАЛ:** Антип ойлобо. Бизди кантип унутсун, бизге оорлугун тийгизбей, өткөрүп жүрөт турмушун.

**АЛЫКУЛ:** Аның туура дечи. Жакшы болмок, Барпы келип кабар алып турса.

(Эшиктен ат дүбүртү угулуп, анан жок болот). Сайкал эшикке чыгат, көп өтпөй Сары, Сайкал, Бердибек киришет.

**САРЫ:** Ассалоом алейкум жезде, капачылык болбойбу, салам айтып кайниңиз алдыңызга келсе. (Бердибек Сарыны тамашалап).

**БЕРДИБЕК:** Сендей кайниге туш болгон бактылуу жезде экен, кайниси болсо эрке экен.

**АЛЫКУЛ:** (Ордунан өөдө боло берип). Салам айтып кайним келсе алдыма, алда болсо жездесинин баркы да (Жезде, кайни абдан ысык учурашып, төрдөн орун алышат).

**АЛЫКУЛ:** Баягы Барпыны көрдүңөрбү, ошондой айткылачы?

**САРЫ:** (пауза). Кошо жүрүп, кошо болдук азыр да кошо келаткан (аны Бердибек коштойт).

**БЕРДИБЕК:** Тиги Таштак дейби, ошол жерде достору алып калды.

**САЙКАЛ:** Ата кагылайын сагынып күтүп аткан ата-энесин ойлоп койсо болмок.

**САРЫ:** Кыйла кыйылып, калгысы келбеди. Тигилер да көптөн бери Барпынын келишин күтүп атышкан экен.

**АЛЫКУЛ:** Адамдын көңүлүн ташташ кыйын. Мейли алардын жарпын жазсын, ырдап берип ырын.

**БЕРДИБЕК:** (Алыкулга карап) Ава эшигиңизде келишкен ат байланып турат.

**САЙКАЛ:** (чочуп) Кайдагы атты айтып жатасың?

**САРЫ:** жетелетип жиберди. Барпы, билсеңиздер акындык өнөрүнүн тырмак алды.

**АЛЫКУЛ:** (толкунданып) Каерден тырмак асты таап жүрөт?

**БЕРДИБЕК:** Чоң маараке болуп Чарбакта, сөз табылбайт анын баарын айтканга.

**САРЫ:** Ооба, ошондой болду, чакырып оңду, солду, менмин деген акындар болду, аш берген катырып койду (ушул саамда Сайкал эшикке чыгып кетет).

**АЛЫКУЛ:** (өзүнчө). Уул деген ошол өткөн изиңи жаңылап, өчөйүн деген коломтоңу тамызат. (жанындагыларга карап) Жакшы болгон экен. Анан биздин уул айтышса болот бекен?

**САРЫ:** Ээ жезде, өмүрүн берсе, чоң акын чыгат уулуңуздан.

**БЕРДИБЕК:** Калмырзаны уксаңыз керек ава, акындан тең келчү жан жок ага.

**АЛЫКУЛ:** (чочуп) Эмне, ошо менен айтышып жүрөбү Барпы? (тигилер ооба деп баш ийкешет). Калмырзанын өркүндөп өскөн акындык салты. Ал жагынан кыргызда кыйла өөдө баркы, анын астында эмне болуп калыптыр Барпы.

**САРЫ:** (жездесин жооткотот). Анысын билбедим, караламан эл сүрөп жиберди.

**БЕРДИБЕК:** Ооба сүрөп жибериштi. Анын үстүнө Калмырзада эч ким жок мага тең келээр дегендей кылды. (Сайкал чай көтөрүп сырттан кирет).

**АЛЫКУЛ:** (Тынчы кетип, ары бери баса баштайт). Балалык кылып, карышкырга тиш салыптыр, атаңгөрү!

**САЙКАЛ:** (чайды куюп меймандарга сунат) Алгыла нандан, ичкиле кызыл чайдан, оокатка урунам анан. (чалынын кейпин көрүп) Чал, эмне болду, еңүң өзгөрө түштү да.

**БЕРДИБЕК:** (сөздү тамашага буруп) Авам уулунун айтышта жеңгенин угуп, сүйүнүп аткан чагы. Токтоолугун көрчү, билиндирбей атат дагы.

**САЙКАЛ:** Болбосо деле чоң акын, Кудайым көтөрүп баркын, аман болсо болду Барпым. (Алыкул дасторкон четине келип көчүк басат).

**АЛЫКУЛ:** Байбиче, акын болушуна каршы эмесмин, капа болдум угуп алып, атасында адамга айтышам деп беттешкенин!

**САРЫ:** Акындык өнөр таанымбайт атасын.

**БЕРДИБЕК:** (Сарыны коштоп) Аның туура (Алыкулга кайрылып) ава, уулуңузда бар экен чымын, Калмырзанын чыгарбай салды дымын.

**АЛЫКУЛ:** Жаш жигиттин шагын сындырбайын деген го. Калмырзага тең келе турган жан жок эле болбосо.

**САРЫ:** Калмырза катуу турду. Адегенде Барпыны жектеп кирди. Барпы да бекем турду. Таң калтырды таамай сөздөр, угуп турган элди.

**САЙКАЛ:** (сөзгө аралашат)Эл аралап жүрсө, ошол бизге дөөлөт.

**БЕРДИБЕК:** Аныңыз туура эне, Барпыдай акын керек элге.

Алыкул баш болуп, алакан жыйышат. Оомийн, ушул баламын дени сак, бактысы колунда, өнөрү өөрчүп, акындык жолунда бөксөрбөй толуп жүрсүн!

Сары, Бердибек кетишет. Аларды Алыкул, Барпы, Сайкал узатып чыгышат.

## КӨРҮНҮШ

Жай ортосу. Бак шактуу айыл. Ошол айылдагы коргондолгон үй көрүнөт. Үй ичи жупуну. Тартип майдалап өргөн саамайларын улам артына силкип таштап, кыңылдап ырдап, аткарып аткан иши менен алек.

Аңгыча кыздын кулагына мукам обон угулгандай болду. Ал ырды угууга ынтызарланды.

**ТАРТИП:** (өзүнчө)Ай ий, ким болду экен? Обону обонунан, сөзү сөзүнөн мыкты! (Ал ордунан жеңип туруп, бирок бирөө жарым билип калса уят дегенчелик эки жагын аяр карап, дарбазаны көздей жакындайт). Жигиттин үнү эми даана угулуп, кыз жүрөгүн кытыгылап, арзуу сезимин ойготту. Кыз жигитти бир көрүп калууга көксөөсү күчөп, дарбазага кандай жеткенин сезбеди. Жигиттин шериги бар экен, үзөнгүлөр кагышып, ырчы жигит Махабатка мас болуп, айнектей дидары таза, өмүрлүк жар болууга ынтызар, бир сулууну ырга салып баратты.

*Кызыл жибек чаласың,*
*Кыргый көз Тартип, баласың.*
*Кызыглыктан ырдасам,*

*Кылгырып тиктеп каласың.*
*Жашыл жибек чаласың,*
*Жайдары Тартип, баласың.*
*Жашчылыктан ырдасам,*
*Жалоорул тиктеп каласың.*

**ТАРТИП:** (өзүнчө) Мени ырдап жатабы, менин атымы кайдан билет болду экен? (көңүлү көтөруңку) Айылдагылар уккан болсо, кандай сөз токуп чыгышат. Ай ким билет? Дарбазаны ача салды. Атчандар узап кетишкен эле. Өзүн ырга кошкон ырчы жигиттин караанын узатып, Тартип ордунда катып турду. Аларга экинчи ирет туш келбесин эстегенде Тартип алардын артынан чурагысы келди. Артынан үн чыкты. Караса жеңеси Гүлүмкан.

**ГҮЛҮМКАН:** (тамашага чалып)Ай кыз, билип койдум, байкатпайм деген экенсиң, бой жетип бозойлорду самап кеөдөнүң кагылып турган кез экен.

**ТАРТИП:** (уялып, кыз каадасын кылат) Коюңузчу жеңе, сыртка чыккамын эми эле, оюңуз кызык, көз салмакмын мен кимге?

**ГҮЛҮМКАН:** (Тартиптин жанына басып келип ийнине колун коет, ойлуу)Ашыктыкты кимдер кылбайт, уялып жатасың кыз. Ырчы жигитке колукту болуп, жашап өтсөң, бул дүйнөдө болбойт элеңармансыз.

**ТАРТИП:** Жеңе бир нерсе айтайынбы?

**ГҮЛҮМКАН:** Айтагой кыз.

**ТАРТИП:** (бети албырып) Мени ырга кошуп ырдап өттү жигит.

**ГҮЛҮМКАН:** Тамашаңды койчу?

**ТАРТИП:** Жалган айтып, жаныман тоюпмунбу?

**ГҮЛҮМКАН:** (кызыгып) эмне деп ырдады?

**ТАРТИП:** (бир саам ойлонгондон кийин). Мындай деп:

*Кызыл жибек чаласың,*
*Кыргый көз Тартип, баласың.*
*Жашыл жибек чаласың,*
*Жайдары Тартип, баласың...*

**ГҮЛҮМКАН:** Өткөндө кыз тойдо, чиркиндин сага көзү түшүп калган экен да. Кыз сен кимдин ырын уктуң, билдиңби?

**ТАРТИП:** (назданып) Билбейт экемин жеңе. Бирок ыры чыкпайт эстен.

**ГҮЛҮМКАН:** Барпы деген акын бар, бала ырчы дөп аталып, көпчүлүктөн бата алып, бүт кыргызга таанылган, бизге окшогон кыз-келин ашык болгон артынан. Ошонун ырын угуп, тынч жаткан дүйнөң козголуп турган чагы экен да.

**ТАРТИП:** И жеңе, ошол беле? (саамга ойлоно калып)угуп жүрдүм эле (Тартиптин жүзү албырып, Барпыга болгон ышкысы козголот).

**ГҮЛҮМКАН:** Уксаң, ошол секет, далай кыз-келин ага оюн айталбай, бирок ашык бойдон келет.

**ТАРТИП:** (жеңесинин оюн башкага буруп) Жеңе, баягылар эмдигиче Чаңгет суусун кечип өтүп кеткендир.

**ГҮЛҮМКАН:** Барпыларды айтасыңбы? Аттарынын жүрүшү катуу экен, жетсе жеткендир, мүмкүн дагы бир жерде аттарын эс алдырып жаткандыр.

Тартип жигиттер кеткен тарапты кусалуу карайт. Гүлүмкан элдик обонго салып, ашыктык ырын ырдайт. Ага Тартип кошулат.

*Көпүрө менен Суук Кырда,*
*Көп адам сизден арманда.*
*Көз карашың жарашып,*
*Жок экен сиздей жалганда.*

*Тоодон бир шамал соккондо,*
*Мекенин башы ыргалат.*
*Сүйгөнү менен бир жүрсө,*
*Ичинде кандай муң калат?*
*(Караандар алыстайт).*

## КӨРҮНҮШ

Жасалгаланган үй. Төрдө куш жаздыкка чыканактаган калыбында комузун күүлөп, Жеңижок жатат. Элүүдөн небак ашса дажүзүнөн нуру төгүлүп, кыркма буурул сакалы анын сулуу жүзүнө ого бетер көрк кошкондой. Комуздун коштоосу менен кыңылдап ырдайт:

*Алтындан комуз күү айтам,*
*Айчылык жерден ыр айтам.*
*Күмүштөн комуз күү айтам,*
*Күнүмдүк жерден сыр айтам.*

*Ашууга салсаң лөк таштайт,*
*Арык бир аттын чобуру.*
*Асманда учуп куркулдайт,*
*Ала бир канат собуру.*
*Адамзат пендөнин,*
*Ар кандай болот жоругу.*
(Сырттан Көксулуу кирет).

**КӨКСУЛУУ:** Абышка, түшө тургансып жарышка, таң атып атпай комузду колго алыпсың да.

**ЖЕҢИЖОК:** (комуз үнүн токтотуп) Байбиче, комузсуз турчу белем. Ушуну менен өтүп келатпайбы чиркин өмүр деген.

**КӨКСУЛУУ:** Абышка аныңы го эл билет (Жеңижокко наздуу тиктеп) Бир нерсе шамшум этип алсаң, качанкыга чейин тамак ич деп артыңдан чуркайм.

(Эшиктен иттин үргөнү угулат) Сыртка Көксулуу чыгат. Көп өтпөй кайра кирет.

**КӨКСУЛУУ:** (шашкан түрү бар) Абышка, сыртта атту эки жигит турат. Бири ала кунан минген, сагызган чапан, башына топу кийген. Экинчиси кемселинин жеңин каруусуна чейин түргөн кадимки калпак кийген жигит.

**ЖЕҢИЖОК:** (жаткан жеринен өөдө болуп, кийимин оңдоп, тебетейин илинген жерден алдырып киет) ким болду экен, сурабадыңбы?

**КӨКСУЛУУ:** Сураган жокмун. Жеңижок авам барбы дешет. Болсо алдына кирели деп өзүңөн жооп күтүп, аттарынан түшпөй турушат.

**ЖЕҢИЖОК:** Эгер мен деп келишсе, аттарынан түшүрүп, үйгө киргизгиле. (Көксулуу сыртка чыгат). Бир аз убакыттан кийин Барпы, Төрөгелди киришет.

**БАРПЫ:** (эки колун бооруна алып салам айтат. Ассоллоом алейкум Жеңижок ава, сизге салам айткан Көгарттан келген Барпы деген бала. (Жеңижок отурган калыбында Барпыны баш аяк тиктеп саламына алик алат).

**ЖЕҢИЖОК:** Алейким ассолом, амансыңбы балам (үйдүн төрүн көрсөтүп) төргө өткүлө меймандар, кенен кесир сүйлөшөлү анан.

(Барпы менен Төрөгелди төргө өтүп отурушат, дасторкон жайылат).

**ЖЕҢИЖОК:** (сөздү улап) Барпы балам, ат арытып алыстан келип турганыңа кубанып турам.

**БАРПЫ:** Жашыман сиз жөнүндө уккамын, ошондон баштап, сизди өзүмө аксакал ава катары туткамын.

**ЖЕҢИЖОК:** Аның жакшы экен, кайсы уруудан болосуң, алыспы, жакынбы Созогуң?

**БАРПЫ:** Уруум Төлөс, барам дегенге жакын эле Созок, барып көрбөгөнгө тозок.

**ЖЕҢИЖОК:** (тамашага чалып) Келген экенсиң да тозоктун өзүнөн, бул бул байкалгансыйт тиги көзүңөн. (Барпынын көзү ооруп жүргөн учур эле).

**БАРПЫ:** Ден соолугуму байкасаңыз көзүмөн, ой-дилимди байкаарсыз сөзүмөн.

**ЖЕҢИЖОК:** (өзүнчө ой жүгүртүп, ушул баланын акындыгын сынап көрөйүн деп дубалга сүйөлүп турган комузду колго алат. Комузду күүлөп мындай дөйт):

*Избаскен менен Бүргөндү,*
*Кезип келдиң Барпы акын.*
*Канча элди аралап,*
*Өтүп келдиң Барпы акын.*
*Базар-Коргон, Тентек-Сай,*
*Жайдан келдиң, Барпы акын.*
*Сендей бала жок эле,*
*Кайдан келдиң, Барпы акын?*

**БАРПЫ:** (бир аз буйдала түшүп, анан кулагына кудум бирөө шыбырап, айтып берип жаткансып, ошол эле жерден жоопту берөт).

*Жалалабаттан жол тартып,*
*Жөнөп келдим, Жеңижок.*
*Жакшылардан ажырап,*
*Бөлөк келдим Жеңижок.*
*Угузаарга ыр жүктөп,*
*Бөлөк келдим Жеңижок.*

**ЖЕҢИЖОК:**

*Кара ала напти жибектен,*
*Кийип келдиң Барпы акын.*
*Казысы бар ала тай,*
*Минип келдиң Барпы акын.*

*Ала тайың кечкурун,*
*Соер бекен Барпы акын?*

**БАРПЫ:**

*Кара ала напти жибек тон,*
*Кийип келдим, Жеңижок.*
*Казысы бар ала тай,*
*Минип келдим Жеңижок.*
*Жолоочудан ат союп,*
*Жору беле болушуң?*

**ЖЕҢИЖОК:**

*Бул дүйнөдө бирее бар,*
*Бурулбай кетет жол менен.*
*Кадам койгон оң менен,*
*Казганактап жүргөн жан.*
*Кармай албайт кол менен,*
*Бул эмине Барпы ырчы?*
*Ар бир иши оңунан,*
*Бул эмине Барпы ырчы?*
*Бир бирине кошпой айт,*
*Басар жолун тоспой айт.*
*Жик-жигинен айрып айт,*
*Жол жобосун кайрып айт.*
*Акындыгың билейин,*
*Акыным деп жүрөйүн,*
*Асыл сөздү терейин,*
*Адилет баа берейин.*

**БАРПЫ:**

*Бул дүйнөдө бирөө бар,*
*Бурулбай кеткен жол менен.*
*Кадам койгон оң менен.*
*Казганактап тургандар,*
*Кармай албас кол менен.*
*Күн эмеспи, Жеңижок.*
*Актык ишти жылоолоп,*
*Аруулукту сактаган.*
*Адилет сөздү сатпаган,*
*Дил эмеспи, Жеңижок.*
*Муну чечпей такалса,*
*Болбойбу Барпы эби жок.*

Жеңижок бүйрү кызып, комузун күүлөп,
Аккан суу жөнүндө ырды төгүп кирет.

*Жер жүзүнө жайылып,*
*Жети кабат жер астын,*
*Жарып чыккан аккан суу.*
*Жер, асмандын барысын,*
*Багып чыккан аккан суу.*
*Алты кабат жер астын,*
*Жарып чыккан аккан суу.*
*Адам менен Обону,*
*Багып чыккан аккан суу.*
*Ала-Тоонун боорунан,*
*Жарып чыккан аккан суу.*
*Алты канат, жез куйрук,*
*Балык чыккан аккан суу.*
*Кара тоонун койнунан,*
*Агып чыккан аккан суу.*
*Күмүш канат, жез куйрук,*
*Балык чыккан аккан суу.*
*Кара жердин койнунан,*
*Жылып чыккан аккан суу.*

Жеңижок бир далайга чейин ырдап барып токтойт.

**БАРПЫ:** (токтолбостон жооп берип ырдайт).

*Былк этпей дүйне чың кеме,*
*Баарыбызга жер эне.*
*Жер Эне терең ким болгон?*
*Жерден чыккан кен болгон.*
*Жер бетинде бүткөн күн,*
*Күндөн ойноп чыккан суу,*
*Берекелүү дыйкан суу.*
*Туулган жердин баласы,*
*Такылетин карачы.*
*Жаркырап жердин койнунан,*
*Жайнап чыккан аккан суу,*
*Булак болуп тоолордон,*
*Кайнап чыккан аккан суу.*
*Топуракты нымдатып,*
*Сүзүп чыккан аккан суу,*

*Жер астынан аңтарып,*
*Бузуп чыккан аккан суу.*

*Эгиздеп туруп пас жакка,*
*Шаркыраган аккан суу.*
*Жүрүп кетсе алтындай,*
*Жаркыраган аккан суу.*
*Жылгадан түшсө обону,*
*Шылдыраган аккан суу.*
*Жээгинде ар түрдүү,*
*Гүл бураган аккан суу.*

Барпы дагы тээ кыйлага чейин токтобой төгүп ырдайт.

**ЖЕҢИЖОК:** Бали, бали Барпы, жетилсең ырчылардын болчудайсың алпы, бизди да сынап көрдү, ырчылыктын шарты, көөдөнүмө канат байлады, сендей инилердин бары.

**БАРПЫ:** (тизелөп отура калып) Акындардын ак жааны, айтыштардын арстаны, Жеңижок ава сизден бата алсам, жылуу сөзүңүздү уксам дөп келдим эле, кудай буйурса жөттим окшойт тилегиме.

**ЖЕҢИЖОК:** Жетесиң тилегиңе Барпы, кадырла талантыңды эң алды, мен сага бүгүндөн баштап бала ырчы деген ат берейин. Эрмек болуп элиңе, сыймык консун жериңе, түгөй болуп жүргүнүң, эңсеп жүргөн теңиңе. Оомийин! (Батасын берет).

**БАРПЫ:** (жетине албай) Айтканыңыз келсин, кызыр жылоологон авалардын батасы тийсин.

(Ортодо кыйла тынчтык өкүм сүрүп калат. Бир маалда Жеңижок бир нерсени эстей калып, Барпыга кайрылат).

**ЖЕҢИЖОК:** Баса, эсимден чыгып кеткен тура. Тиги Кетмен-Төбөдө Токтогул деген чоң акын бар. Аны менен бир жүргөн кара сакалчан Эшмамбет деген акын бар. Ошолорго барып жолугуп, ошолордун батасын ал, ошолордун насыятын, ырын көкүрөгүңө түйүп кал.

**БАРПЫ:** Жарайт. Кетмен-Төбөгө барам. Токтогулдун батасын алам, ансыз тынч болбойт санаам, барганда эле сизди жолдоду деп сизди айтам!

**ЖЕҢИЖОК:** (комузун дубалга жөлөп жатып) Бири-бирибизди билип алгыдай болдук. Алыс жолдон келдиңер, атыңар да, өзүңөр да чаалыктыңар. Эми үч-төрт күн өргүгүлө,

кымыз ичип, эт жегиле, Аксынын кооз жерлерин кыдырып көргүлө.

Барпы бул сунушка макул болот. Барпы өз элине кайтканда, Жеңижок ага ат мингизип, тон кийгизип жөнөтөт.

## КӨРҮНҮШ

Боз үйдүн ичи. Сыртта той шаңы. Бака-шака адамдардын үндөрү. Эңиш, күрөш жүрүп жаткан болот. Шаңкылдап чертилген комуздун үнү, ырчылардын ырлары угулат.

Сырттан Мөлмөл кирет. Үйдүн төрүндөгү салынуу төшөккө келип олтурат.

**МӨЛМӨЛ:** (өзүнчө муңдуу) Турмуш деген ушулбу, укпайын деген элем муңуңу! Өзүң менен бир болбой, минтип ээн үйдө угуп отурам ырыңы! Теңин көрбөй, тең басып жүрбөй, жаштыктын доорун сүрбөй, отурам мында соолуган гүлдөй, кудайым билер бекен зарымы!? (сырттан Барпынын ыры угулат. Мөлмөл керегеге сүйөнүп ырга кулак төшөйт.)

**БАРПЫ:**

*Кедейликтин дартынан,*
*Кейип жаным ексүдүм.*
*Тосо албады кедейлик,*
*Ашыглыктын өткүнүн.*
*Жарыя айтпай бул ишти,*
*Канбайт окшойт көкшүнүм.*
*Ышкыдар болдум, Мөлмөлүм,*
*Сени кошпой Барпы акын,*
*Чыга алабы кумардан.*
*Гүлзар кылчы жүрөктүн,*
*Какшып жаткан чөлдөрүн.*
*Серпилишиң - чынардын,*
*Чырпыгындай, Мөлмөлүм.*
*Ыргалышың - майдан тал,*
*Кырчынындай, Мөлмөлүм.*
*Түшүндүрөм канткенде,*
*Чын сырымды ай Мөлмөлүм!*

Сырттан Бермет кирет. Жеңесинин үнүнөн улам Мөлмөл селт этип чочуп кетет. Ошол замат ыр да токтойт.

**МӨЛМӨЛ:** (сыр билдирбей) Келиң жеңе, (анан жеңесинин жүзүнө карап) жайдарыланып калгансыз бүгүн неге?

**БЕРМЕТ:** (жайдары) Ой чунак кыз, ошону да сездиң беле? (күлөт)

**МӨЛМӨЛ**: (олуттуу боло калат) Сезбегендечи... (Мөлмөл маңдай чачын сылап, кереге башындагы күзгүгө каранат) Анан ал өзүнчө: - жаш жүрөгүң самайт нени, ырларың ойго салды мени. О Жараткан билер бекен мендеги, сендеги асыл дилди!

**БЕРМЕТ:** (Мөлмөлгө жакындап) Ой кыз, сулуу ыраңыңды эми көрүп, суктанып атасыңбы дейм.

**МӨЛМӨЛ**: Коюңузчу, ыраң эле менде бекен, көз талдырып караткан сулуулар бар нечен, нечен...

**БЕРМЕТ:** Андай дебе кызыке, сенден ашкан сулуу барбы, зарлантып ыр ырдаткан акындарды?

**МӨЛМӨЛ**: Жеңеке, мактап калдыңыз, мага жокпу айта турган жарлыгыңыз. (эркелей жеңесин каарйт).

**БЕРМЕТ:** Баса, бир жаңылык айтамын, анан дароо эле кайтамын (Мөлмөл кулагын төшөйт, жеңеси шыбырап бир нерселерди айтат).

**МӨЛМӨЛ**: (өңү өзгөрөт) Тамашалап жаткан жоксузбу жеңе?

**БЕРМЕТ:** (таң калып) Тамаша болсун неге? Тамашалагандай тагдыр оюн беле? (Мөлмөлдү кандайдыр кызык абал курчап, каны дүргүп, бети албырып чыгат. Барам же барбайм деп айталбай үй ичинде нары-бери басат).

**БЕРМЕТ:** Жигиттин жигити болгон Барпы, түгөй көрөт өзүнө өзүңдөй жанды, кызыке бул дагы бир бакты.

**МӨЛМӨЛ**: (эргип) Жаным жеңе, сөз айтасың ширин, ширин! Ошондой сөздөрдү уккан мен бактылуумун бүгүн.

**БЕРМЕТ:** Бирөө жарым карап отуруптурбу бизди, бизден алыс кылсын суук сөздү, күтүп калды, кызыке баралы (кетишет). Барпы Мөлмөлдү утурлай басат. Жигит менен кантип учурашууну ойлоп, уялат. Аны сезген жеңеси, шакылдап сөз баштайт

**БЕРМЕТ:** Жигит, биз келдик, күтүп алың.

**БАРПЫ:** Жеңе сизге ишенгемин келет деп.

**БЕРМЕТ:** (Мөлмөлдү карап) Кызыке, уяла бербе, андан көрө чер жазышып сүйлөшкүн, эсте калсын сезимдерде ушул күн.

**БАРПЫ:** Туура айттыңыз жеңе, Мөлмөл турса жанымда, ошолменин опол тоодой багым да.

**БЕРМЕТ:** (шаңкылдап) Кана жигит-кыз кол алышыңыз, келечегиңер кең болсун, кылым менен тең болсун. (Барпы менен Мөлмөл кол алышып учурашат.)

**БЕРМЕТ:** Мага руксат бергиле, кетейин, экөөңөр калып, көңүлдүн жазгыла черин. (Бермет кетет. Экөө калышат).

**БАРПЫ:** (Мөлмөлдүн колун аяр кармап, Мөлмөл, сагындым сени, келе албай жүрдүм кечир мени.

**МӨЛМӨЛ:** (уялат. Жооп табат) Унутуп калса керек дегем.

**БАРПЫ:** Кайдан унутайын, алгачкы махабатым! Күнбү, түнбү, жатамынбы, турамынбы көкүрөгүмө сенин ысмыңы каттым. Канча жолу келем деп камындым! (пауза)Ошончо жолу тагдырдын таш боорлугуна кабылдым! Бүгүн мен Көкө Теңирге ыраазымын, сени менен жолуктурганга. Мен бүгүн чексиз бактылуумун турганым үчүн жаныңда!

**МӨЛМӨЛ:** (Тунжурайт, жигиттен колун тартып ала албайт) Айылдан өтөт көп адам, өзүңүздүн обонуңузда ырларды уксам деп самайм. Бирок...

**БАРПЫ:** (толкунданып) Келбедим өзүңө, ат мойнун буруп, ушуга ызамын туруп. Айтсам чынымды, сага белек кылам ырымды (экөө жанаша басышат).

**МӨЛМӨЛ:** Жагымдуу экен сөзүңүз.

**БАРПЫ:** (Мөлмөлдүн саамайларын сылап) Махабаттын деми болсо керек, болбосо сөз таппайм издеп.

**МӨЛМӨЛ:** (кызыгып) анан кантип ыр табасыз?

**БАРПЫ:** (күлүп) Ырдайм дегенде ыр өзү эле куюлуп келе берет. Туура айтпасам, ыр чанып кетет.

Мөлмөл шаңкылдап күлөт.

(Барпы Мөлмөлдү колдон алат. Экөө кол кармашып, бири-бирине сүйкүмдүү карап, жай басышат).

**КӨРҮНҮШ**

Үйдүн төрүндө Барпы өзүнчө кыңылдап ырдап отурат. Сырттан Түмөнбай менен Жолотай кирет.

**ТҮМӨНБАЙ:** Ассолом алейкум!

**ЖОЛОТАЙ:** Барпы ава амансыңбы?

**ТҮМӨНБАЙ:** Отурасыңбы зерикпей апызым?

**БАРПЫ:** (эргип) Түмөнбай, Жолотайсыңарбы?
**ЭКӨӨ:** Ооба, бизбиз.
**БАРПЫ:** Көзүм азиз болсо, бир жакка ээн-эркин чыгалбасам, зериксем да отурам, айла канча.
**ТҮМӨНБАЙ:** Апызым, согуш да бүттү. Куда каалаtermin, эл ичи тынччылык, эми ырыңды кагазга калтыралы.
**ЖОЛОТАЙ:** Ырдалып эле калып кетип атат. Эми мындан быягына ырыңды мен жазам, анан Түкөм жазат.
**БАРПЫ:** (сүйүнүп) Андай кылсаңар кана, ырдаган ырларым жазылганда, бир арабага толгон кагазда болот эле.
**ТҮМӨНБАЙ:** Ага кыжаалат болбо апыз, ырларың эл ичинде сансыз. Ошолорду таап, жазууга аракет кылабыз. (Ордунан туруп басып). Бул Барпыны биз билбейбиз! Туурабы?!
**ЖОЛОТАЙ:** Түкө туура айттың.
**ТҮМӨНБАЙ:** (эргип) Көпчүлүгү "көр ырчы" деп шылдыңдап күлүшөт. Ошол көр ырчынын жан дүйнөсүндө тири укмуштай сөздөр жатканын ким туйду да, ким койду!? Өзүбүздө турган укмуш талантты баалабай, башкаларга суктанып, сөз калабыз!
**БАРПЫ:** Аны билгөн жан кайда?
**ЖОЛОТАЙ:** Ушул адамда го ыр дегендин каймагы!
**ТҮМӨНБАЙ:** (Жолотайга карап) Жоке, айрымдар шылдыңдаган Барпынын ким экенин биз экөөбүз элге жеткиребиз. Антпесек ырлары жамаатташ алты айылда элө калып калат.
**ЖОЛОТАЙ:** ырын жазсам, Өзгөн менен Алайга, Анжыян мөнен Аркага, ушундай акын бар деп аты кетээр далайга.
**БАРПЫ:** Кайгымы менин бастыңар, көңүлүмдү ачтыңар! Барпынын ырын жазам деп, Түмөнбай, Жолотай тарыхта калаар атыңар.
(Барпы кыйлага чейин ырдайт)
**ТҮМӨНБАЙ:** Жараткан буга ырды кочуштап оозуна куюп турат.
**ЖОЛОТАЙ:** Ошон үчүн апыз ырдаганда көпчүлүк муюп угат.
**БАРПЫ:** мөни мактап көзүмчө, канат байладыңар өзүмө.
**ТҮМӨНБАЙ:** Жоке, кагаз, калем камдайлы, ишти бүгүн баштайлы.
**ЖОЛОТАЙ:** Баштайбыз, даярдана берсин апыз!

Жолотай, Түмөнбай кагаздарын жайып, каламдарын алып, даяр турушат. Барпы төгүп ырдап кирет. Жазууга үлгүрбөй калышат.

**ТҮМӨНБАЙ:** Апыз жайыраак айт, толук жазганга жетишпей жатам.

**БАРПЫ:** Айтып барып, токтоп калып, кайра кайталасам саптарды чоочун саптарга алмаштырам, ырдын мааниси төмөндөйт анан.

**ЖОЛОТАЙ:** Жазабыз ылдам, алаксытпай апызды ырдан. (улап жаза башташат).

## КӨРҮНҮШ

Жалалабаттагы чайкана. Бака шака түшүп, чай ичкендердин күлкүлөрү, сөздөрү. Барпы кызы Бурулга жетелетип алып, четки сөрүгө келип отурушат. Барпы чөнтөгүнөн акча чыгарып кызын нан, чай алып келүүгө жумшайт. Бурул алып келет.

**БАРПЫ:** Кызым курсакты жакшылап тойгуз, күч-кубат болбойт ансыз.

**БУРУЛ:** (уялыңкы) ичип атам ата, өзүңүз нандан алыңыз, чайдан ичиңиз.

**БАРПЫ:** Менин ырларымы жаз кызым. Жалкоолук кылба. Мени бул дүйнөгө байлап койгон эч ким жок. Мен да кетем. Ошондо менден силерге калган байлыгым ырларым болот. Кийин атамын айтканы туура экен дейсиң.
(Чайдан чоң ууртап, бир аз туруп калып сөзүн улайт) Мен өлсөм кошуп ыйла, китептерим чыгып калса оку. Мени унутпа!

**БУРУЛ:** Ата елүм жөнүндө айтпаңыз. Узак жашаңыз. Ырларыңызды колдон келишинче жазам. Китебиңиз чыкса, жаздыгыма катып окуйм.

**БАРПЫ:** (кубанып) Бали кызым, таалайлуу бол! (ошол маалда Барпы отурган сөрүге эки аял жакындап келет. Булар Медина Богданова жана Гүлжамал Бакинова эле.)

**ГҮЛЖАМАЛ:** (Мединага карап) Биз издеген адам ушул болсо керек.

**МЕДИНА:** Көзү азиз дешти эле, ошол адам экен (Барпыга жакын келип, тигилер салам айтышат).

**ГҮЛЖАМАЛ:** Саламатсызбы ава.

**МЕДИНА:** (кыргызчага тилин ыңгайлаштырып). Саламатпы ата?

**БАРПЫ:** (алардын саламына кубанып) Барпы жакшы, эки көзүмүн көрбегенү эле болбосо. (Бир нерсени эстей албай жаткандай). Анан өзүңөр кимсиңер, ошону айткылачы? (Бурулга кайрылып) Эжеңерди сөрүгө чыгар, чай, нан, таттуусун кошуп алып кел. (Медина менен Гүлжамал сөрүгө чыгып олтурушат. Медина "Сен тааныштыр" дегендей ишаарат кылат Гүлжамалга.

**ГҮЛЖАМАЛ:** Ава, биз Фрунзден келдик, ырчылардын ырын топтойбуз. Макал-ылакап жыйнайбыз, атым Гүлжамал.

**БАРПЫ:** (оңдонуп отуруп) жакшы, кызым, мейман турбайсыңарбы?

**ГҮЛЖАМАЛ:** Менин жанымдагы келиндин аты Медина, Москвадан келди. Окумуштуу. Эл ичинен ыр, сөз, санжыра, каада-салтты жыйнайт.

**БАРПЫ:** (буйдалып) кечириң, атыңы ким дедиң эле.

**ГҮЛЖАМАЛ:** (күлүп)Гүлжамал.

**БАРПЫ:** Ырахмат Гүлжамал. Медина экөөңөр мендей акындан ыр жазам деп келгениңер үчүн төбөм көккө жеткендей болду.

**МЕДИНА:** (Гүлжамалга шыбырап) Парпини таап алганыбыз жакшы болбодубу.

**ГҮЛЖАМАЛ:** (эстей калып) Ава, айлыңыз Ачыга да бардык. Ал жерде сизди шаарга кетти дешти.

**МЕДИНА:** Акынды ырдатып көрбөйлүбү?

**ГҮЛЖАМАЛ:** (кагаз, калемин даярдап) Ава, ырдап бериңиз?

**БАРПЫ:** (оңдонуп) Силердей кыздарым суранып жатса, ырды катамбы (төгүп кирет. Медина Гүлжамалга кайрылып).

**МЕДИНА:** Менин түшүнүгүм боюнча ырлары философиялуу экен.

**ГҮЛЖАМАЛ:** Мен мындай акынды биринчи көрүшүм. (Барпы ырдап токтойт).

**МЕДИНА:** (Жазып бүтүп, өзүнчө) Көзү көрбегөнү бу адамга бүтпөс арманго (үнүн чыгарып) ава, ушу сиз айткан ырды жазгандар болдубу?

**БАРПЫ:** Жазгандар бар.

**МЕДИНА:** (кызыгып) кимдер?

**БАРПЫ:** (ойлонуп) Түмөнбай, Жолотай, анан кызым Бурул.

**ГҮЛЖАМАЛ:** Өзүңүз, үй-бүлөңүз жөнүндө айтып берсеңиз?

**БАРПЫ:** (айтсамбы, айтпасамбы дегенчелик кылып туруп калат). Анын эмне кереги бар?

**МЕДИНА:** Ава, биз сизди жазып алып, тиги академияга тапшырабыз.

**ГҮЛЖАМАЛ:** Ырыңыз сакталат, кийинкилер билет.

**БАРПЫ:** ырахмат айланайындар. Мындан алтымыш эки жыл мурда күз маалында жарык дүйнөгө келипмин. Уруум телес, түпкү чоң аталарыбыз Баткенден болот. Жыйырма үч жолу үйлөндүм. Керез деген эрмегим эки жашында, Умырай деген кызым он бешинде оорубай этпей эле учуп кетишти түбөлүк жайына.

**МЕДИНА:** (өзүнчө). Бул адамдыкы трагедиялуу тагдыр.

**БАРПЫ:** (Сөзүн улайт) Уулдан үчөө элек, Болот деген акамы басмачылар союп кетти. Көзүм көрбөй калганына отуз жылдай болду. Азыркы турган жерим Чаңгеттин Ачысы деп аталат. Акындын өмүр баяны кызыктуу, өкүнүчтүү да угулат экөөңө.

**БАРПЫ:** (үйүн ойлоп) Ой, күн кеч болуп калыптыр. Жеткиче эле түн бир оокум болот. (Бурулга кайрылып) кызым бол, кайталы (меймандарга карап) кечиргиле, жатып калаар жерим жок.

**МЕДИНА:** Ава, ырларыңызды топтоп, Фрунзеге жөнөтүңүз. Ал жерде жоголбой сакталат.

**ГҮЛЖАМАЛ:** Ошентиңиз (экөө акындын ырларын түзүк жаза албай калышканына өкүнүшөт).

**МЕДИНА:** жатаарга жай болгондо жаткырып, түнү бою ырдатып, көп ырды жазып албайт бөлек.

**ГҮЛЖАМАЛ:** Андай болсо, биз академиянын бир ыптасын толтурчу иш жасамакпыз. Өзүбүз жатарга жерибиз жок, бирөөнүн үйүнө аваны кантип алып бармакпыз.

**МЕДИНА:** (көңүлдүү). Бир саатча жаздык. Биздин утуш ушул болду. (экөө тең жылмайышат кагаздарын жыйнап жөнөшөт).

## КӨРҮНҮШ

Ачыдагы Барпынын үйү. Төрдө жаздыкка чыканактап, Барпы уйку соонун арасында жатат. Эшиктен Түмөнбай кирет.

**ТҮМӨНБАЙ:** (катуу сүйлөп) Апыз амансыңбы, буту колду керип жатасыңбы?

**Барпы:** (ордунан сергек туруп) Ой, кел аалым, амансыңбы, баарын коюп сурайын.

**ТҮМӨНБАЙ:** (шаңдуу) О, азизим, аман жүрөм, баягы Түмөнбай да жанын сабап жүргөн.

**БАРПЫ:** Аалымым, алты саның аман да, гүлдөй ачыл маалында, асти панда алсырап, сөзсүз мендей болбосун.

**ТҮМӨНБАЙ:** Көңүлдү чегербе, төп келчү жаңылык бар көңүлгө, андан көрө сүйүнчүңдү камда.

**БАРПЫ:** Сүйүнчүм жанымда, айтарыңы айт да?

**ТҮМӨНБАЙ:** Сени борборго чакыртып жиберишиптир. Багың ачылат деген ушул. Эшек минген баягы, "көр ырчы" ушундай даражага жеттиби деп көбүнүн оозу ачылат.

**БАРПЫ:** (сүйүнгөн түрдө). Чын кабарды, угуп атамбы?

**ТҮМӨНБАЙ:** Мен сага айтып жүрдүм беле жалганды. (Барпы ордунан туруп, үй ичинде аркы терки басат).

**БАРПЫ:** Жараткан тообо, мени да билгендер бар бекен борбордо.

**ТҮМӨНБАЙ:** Барпы деген жүрсө дагы айылда, анын ыры баарына дайын да.

**БАРПЫ:** Багым ачылат окшойт?

**ТҮМӨНБАЙ:** (көңүлдүү). Ачылат апыз багың, муну мындан билгин, ырларыңы жактырып окушат кыргыздан башкалар да.

**БАРПЫ:** (үнү бийиктеп). Мага чоң деөлөт Түменбай! Чын болсо ушунун баары (токтой калып).
Жашыруун болбосо, кимдер алар?

**ТҮМӨНБАЙ:** Аларбы (ойлонуп, кыргыздын сөзүн семичке кылып чаккан Константин Юдахин, андан кем эмес илим ээси Медина Богданова. Айрыкча Медина сенин жөндемүңдү тийиштүү адамдарга эң сонун баян кылган.

**БАРПЫ:** Орус да болушса, енөрүмдү баалаптыр,ар кимге келбөстир мындай тагдыр.

**ТҮМӨНБАЙ:** (сөзүн улап) Акындык өнөрүңдү эл башчысы Исхак Раззаков да көкөлөтүп айтыптыр.

**БАРПЫ:** (толкунданып). Бактылуумун чыны, жетекчибиз баалаcа ырымы.

**ТҮМӨНБАЙ:** (сөздү алып) Адамдардан уккан го ырыңды, көкөлөтүп өстүрүшүбүз керек мындай акынды, акынды колдойлу, өстүрөлү деп айткан го акыры. Ээ апыз, мулуңдап сүйүнө бер, ырың суктандырып жатат калкыңы.

**БАРПЫ:** (жетине албай) Поронзону көрөт экем акыры!

**ТҮМӨНБАЙ:** Көрөсүң борборду, ал жерге топтолгон таланттуулардын тобу. (Нары бери басып) даярдан, жөнөйбүз эртең. Ала турган буюмдарың чыкпасын эстен!

**БАРПЫ:** (шашып) үстүмдөгү кийимим, анан колумдагы таягым, башка жок алаарым.

**ТҮМӨНБАЙ:** (туруп баратып) Жуунуп, таранып, анан жакшылап эс алгын.

**БАРПЫ:** (өзү калып) Өңүмбү, түшүмбү, жараткан жакындатып жатат окшойт, бактылуу күнүмү. (нары бери басат) Кой, даярданайын жолго, Кудайдын боор ооруганы бул да болсо!

## КӨРҮНҮШ

Ташым, Зыяш сүйлөшүп отурушат.

**ТАШЫМ:** Зыяш, Барпы акын мейманканада жашап кыйналып кетти.

**ЗЫЯШ:** Мен да туйдум, кезү көрбөсө.

**ТАШЫМ:** Мен бир ой айткым келип турат, колдосоң керек.

**ЗЫЯШ:** Кана айтчы, анан оюмду айтайын.

**ТАШЫМ:** Барпы менен сүйлөшүп көрүп, Жусуптун аялынын үйүнө жайгаштыралы, үйлөрү кенен.

**ЗЫЯШ:** Эң сонун ой. Гүлсүн эмне дээр экен?

**ТАШЫМ:** Айтабыз, түшүндүрөбүз, ыймандуу адам го.

**ЗЫЯШ:** Анда ишти тездетели. Байкуш акынды эркиндикке чыгаралы.

Жусуптун үйү. Үйдө Гүлсүн китеп окуп отурган болот. Сырттан Ташым, Зыяштар киришет.

**ЗЫЯШ:** Саламатсыңбы Гүлсүн?

**ТАШЫМ:** (сөздү тамашага буруп) Китеп окуп аткан экенсиң жыргап.

**ГҮЛСҮН:** (ордунан элпек туруп, тигилерди жайдары күтүп алат) Келиңиздер, аман-эсен жүрөсүздөрбү?

**ЭКӨӨ:** (жарышып) Ден соолуктар жакшы, (анан алар Жусуп жөнүндө эскеришип, акырында Зыяш Ташымга карап, эми айталы деген белгини берет).

**ТАШЫМ:** (үнүн жасап) Бир сөз бар эле.

**ГҮЛСҮН:** Айтыңыздар.

**ТАШЫМ:** Тиги Жалалабаттан келген Барпы деген акын бар.

**ЗЫЯШ:** (Гүлсүнгө кайрылып) Билсең керек.

**ГҮЛСҮН:** Бир күнү ошол киши жөнүндө айтышты эле. Көзү азиз турбайбы?

**ТАШЫМ:** Ошол көзү азиз акын мейманканада турат.

**ЗЫЯШ:** Жатты, турдудан кыйналып кетти. Ырларын жазуу да кыйын болууда.

**ТАШЫМ:** Жаман акыбалда акын, ошону сени менен сүйлөшүп, сеникине жайгаштыралы дедик эле.

**ЗЫЯШ:** Бул сөздү академияда, Юдахин, Тыныстановдор да билишет.

**ТАШЫМ:** Ушул маселе менен келген элек. (Жымжырттык өкүм сүрөт).

**ГҮЛСҮН:** Ак батасы тиер, жашап турсун. Сиздер келсеңиздер жок деш уят ко.

**ЗЫЯШ:** Азаматсың Гүлсүн!

**ТАШЫМ:** Эртең алып келебиз.

**ГҮЛСҮН:** Ага чейин мен бөлмөнү даярдайын.

**ЗЫЯШ:** Ошондой кыл. (кетишет).

## КӨРҮНҮШ

Барпыны жетелеген, адам көрүнөт. Гүлсүн аларды утурлайт.

**ГҮЛСҮН:** Келиңиз Барпы ава.

**БАРПЫ:** (жетине албай).

*Билчү элем балам атыңды,*
*Акын Жусуп жары деп.*
*Кыргыз эли билет баркыңы,*
*Кыйналып жатып, тургандан,*
*Чыдамым кетип турганда.*
*Эсиңе алып алымды,*

*Жашасын акын авам деп,*
*Белендеп бердиң жайымды.*

(Барпы бир топко чейин ырдайт).

**ГҮЛСҮН:** Ава, ырахмат, жатуучу жайдан кыйналды деп айтышканын угуп, биздин үйдө жашай берсин дегем.

**БАРПЫ:** Ырахмат кызым, ачылсын багың. (үйгө киришет).

**ГҮЛСҮН:** Өз үйүңүз кандай болсо, ошондой көрүң. Каалагандай жатып, туруң. Чыгармаларыңызды жаздырганга шарт бар. Стол, стул мына(чыгып баратып) Жакшы жатып жай туруңуз

**БАРПЫ:** Ырахмат балам, багың ачылсын.

## КӨРҮНҮШ

Төрдө Тыныстанов менен Юдахиндин карааны көрүнет.

**ТЫНЫСТАНОВ:** Жолдош Кузьмич, баягы Жалалабаттан келген акын Барпыны Зыяш менен Ташым Гүлсүндүн үйүнө жайгаштырып, жакшы иш кылышыптыр.

**ЮДАХИН:** Акынга көргөн камкордуктары үчүн аларга ичим жылыды.

**ТЫНЫСТАНОВ:** Көзү көрбөгөн менен күчтүү акын экен, ырларын окуп мааниси тереңдигине ынандым.

**ЮДАХИН:** Барпы жөнүндө мага Карасаев айткан элө. Кылымдын күчтүү акындарынан деп.

**ТЫНЫСТАНОВ:** (Сөзгө кызып) Барпынын ырларында биз колдонмок турсун, уга элек сөздөр бар. Мисалы:

*Бошотконду бекиткен,*
*Жыгач сонун турбайбы.*
*Намарасы тез бышкан,*
*Гилас сонун турбайбы.*

Мен биринчи жолу намарасы деген сөздү жолуктурушум.

**ЮДАХИН:** Кусейиндин айтымында Барпы акындын ырларында перси, араб сөздөрү кеп колдонулат экен. Намарасы деген перси сөзү. Мөмөсү деген сөз.

**ТЫНЫСТАНОВ:** Ырларынын тили бай экен. Демек мазмуну терең, окурманды өзүнө дароо тарткан ырларды шыр тегөт экен акын. Жер, суу, аба, күн, өмүр, өлүм, жаман, жакшы эмне экенин терең түшүнөм деген Барпыны окуйт.

**ЮДАХИН:** Сүйүүнү Барпы акындай эч ким сүреттөп бөрө албаса керек. Сүйүү темаларын окуп, тим эле суктандым!

**ТЫНЫСТАНОВ:** Ушундай акындын ырларын убагында жазып калбасак, классикалык ырлардан куржалак калабыз.

**ЮДАХИН:** Туура сез. Жолдош Тыныстанов тийиштүү адамдардын жардамына таянып, ишти тездеп колго алалы. (Экөө кетишет).

## КӨРҮНҮШ

Өмүр бою адабиятты казып, көз майын коротуп келе жаткан Даутов Кадыркул адабиятчы аталып, окурмандарга таанылып калган. Дөө-шаа жазуучулардын чыгармаларын иликтеп, жиликтеп, жазуучунун шык-дараметин окурман алдына кашкайта жар салган курчтугу менен сынчылардан өзгөчөлөнүп турат.

Даутовду сынчы же адабиятчы дейбизби чоң акындын дүйнөсүнө күтүүсүздөн туш келди. Бул академиянын кол жазмалар фондусунда болгон окуя. Даутов Барпы менен кездешти. Мурда кийин акындын айрым ырларын окуса окуган чыгаар. Маани берген эмес. Барпы делип айрым учурда айтылып кала калганы болбосо. Китептери чаң басып, окулбай текчелерде жатып калган. Кадыке алп талантка дароо кирише албай буйдалды. Барпынын эч ким назар таштай элек эбегейсиз талантын окурмандын көөдөнүн нурдантып, көзүнө сайып көрсөтүп бере алабы, Кадыркул!? Кадыкем акыркы чечимди кабыл алды. Ал Барпы деген океандай чалкыган талантты күүп, тазалап, жаркыратып, тузу даамын кемитпей элине берүүгө бел байлады. Бул чечим Кадыкенин өзүнө гана дайын эле. Арадан жылдар өттү. Даутов каякта, эмне кылып жүрөт, эч кимдин иши болгон жок. Адабиятчы улуу акын жөнүндө колго тийгенин, тийбегенин издеп таап окуду. Барпынын чыгармаларын замандаш жашап еткөн, андан мурунку акындардын чыгармалары менен салыштырды. Барпы кайталангыс акын экенине ыналды.

Барпыны тереңдеп окуган сайын Даутов - поэзия деп ушуну айт! - канча ирет тамшанып шилекейин жутту. Окуган сайын жаңы салыштырууларга, жаңы ачылыштарга кез келди.

Махабат темасына келгенде Барпы чыгыш чолпондору деп аталган Фирдоуси, Рудаки, Саади, Омар, Жамилердин

катарында туруугa татыктуу экенине ынанды. Ошентип Кадыкем Барпы дүйнөсүн тааныган илимий эмгегин жазып салды! Китеп окурмандар чөйрөсүндө өзүнүн татыктуу ордун таба алды. Бул Даутовдун Барпы ааламын ачкан эмгеги эле.

## КӨРҮНҮШ

Бак аралай кеткен жол. Жолдо адамдардын карааны көрүнөт. Кадыркул Даутов, Омор, Сооронов, Амангелди Төрөканов, Чырмаш Кочкорбаев өз ара Барпы жөнүндө кызуу сөз кылып келе жатышат.

**КАДЫРКУЛ:** (сөзгө кызуу кирип алган). Ай Омоке, Барпы деп айта беребиз, Барпынын акындыгын качан сезебиз?

**ОМОР:** Барпыны тааныгыла деп өзүң баштадың ишти, алга үндөп, шыктандырып бизди.

**АМАНГЕЛДИ:** Барпы бааланбай жүрдү эле, эми апыздын арбагы ыраазыдыр Кадыкемдей жигитке.

**ОМОР:** Аны муну коелу, Барпынын ырларынан угалы.

Барпынын ыры айтылат:

*Айт! Айт - десе, ааламды айт.*
*Аалам алга кадамдайт.*
*Ар түркүн өнөр чыгарган,*
*Ааламдагы адамды айт.*
*Бири күлсө, бири ыйлайт,*
*Акыйкатсыз заманды айт.*
*Байга - бакыт, кедейге -*
*Шорду жазган каламды айт.*

**КАДЫРКУЛ:** (эргип) Акындын акыны айтат мындай ырды! (акындын ырына кезек берет).

*Жер болбосо калайык,*
*Жандуу, жансыз болобу?*
*Жер бетинде Суу да бар,*
*Жер бетинде Буу да бар.*
*Жан алгычтар чылаган,*
*Жер бетинде Уу да бар.*
*Жердин бетин тозуткан,*
*Жаңжал, уруш, Чуу да бар.*
*Жердин суусу - дары экен,*
*Жердин буусу - наары экен.*

*Жашоолорду жалмаган,*
*Жердин уусу - заары экен.*
*Жан бүткөндү мойсогон,*
*Жердин Чуусу - каары экен.*

**ОМОР:** Жер үстүндө эмнелер гана болбойт, акын ушуга боор толгойт.

**ЧЫРМАШ:** Барпы авамдай апыздар, жаралса кылымда бир жаралар.

**АМАНГЕЛДИ:** Акындык өнөрүнө кийинки муундар да таң калаар

**КАДЫРКУЛ:** (толкунданып, акындын ырларынан жатка айтат).

*Бүт кыдырган Ааламды,*
*Айткым келди шамалды.*
*Аягы жок, башы жок,*
*Шамал кайдан жаралды?*
*Кармайын десең колу жок,*
*Сыйрыйын десең тону жок.*
*Минейин десең кому жок.*
*Арыздапп барууга,*
*Айыбын айтып калууга,*
*Башкарган анын чоңу жок.*

**КАДЫРКУЛ:** (тургандарга кайрылып)Билдиңерби шамал ким экенин?

**АМАНГЕЛДИ:** Барпынын кыйындыгы ушунда эмеспи, жандуу кылып салбадыбы жансыз нерсени.

**ОМОР:** Барпынын көп биле бербесем да ырларына эми ынтызаар болуп калдым. Барпынын ырларынан айта баштайт:

*Же бетинде жаралган,*
*Элден мурун, аккан суу.*
*Элге рахат көрсөткөн,*
*Сенин нуруң, аккан суу.*
*Ада болбойт Аккан суу,*
*Ар канча ырдап мен айтсам.*
*Көңүлүмдү ачасың,*
*Узактан какшып келатсам.*

**АМАНГЕЛДИ:** (Барпынын ырынан улап айтат).

*От менен жашоо куралат,*
*Оту жок жашоо кубарат.*

*Оту менен дүйнө уланат,*
*Оту жок дүйнө куланат.*
*От менен сүйүү төрөлгөн,*
*Оту жок сүйүү тез өлөт.*
*От менен достук оңолот,*
*Оту жок достук жоголот.*
*От менен полот музду өрттөйт,*
*Оту жок полот сууга өтпөйт.*
*(кезек Чырмашка көлөт).*
*Азирет деп айтканым -*
*Амирвар деп жатканым.*
*Адам баарын башкарат,*
*Адам баарын аткарат.*
*Адам баарын катка алат,*
*Адам баарын тапка алат.*
*Адам баарын көндүрөт,*
*Адам баарын өндүрөт.*
*Адам баарын үйрөтөт,*
*Адам баарын сүйлөтөт.*
*Адам баарын бүрдөтөт,*
*Адам баарын гүлдөтөт.*
*Аалам менен төрөлүп,*
*Аалам менен бирге өтөт.*

**(КАДЫРКУЛ ЭЧ ТОКТОБОЙ).**

*Азирет деп айтканым,*
*Амирвар деп жатканым.*
*Адам улуу жамидан -*
*Акындарды багынтат,*
*Адам жылуу жамидан -*
*Алоосуна кабылтат.*
*Адам сулуу жамидан -*
*Ашыгларды сагынтат.*
*Адам жарык - билгенге,*
*Адам табып - билгенге.*
*Адам канык - билгенгө,*
*Адам тарых - билгенге.*
*Адам гүлгүн - билгенге,*
*Адам күүгүм - билгенге.*
*Адам тапкыч - билгенге,*

*Адам ачкыч - билгенге.*
*Адам акыл - билгенге.*
*Адам накыл - билгенге.*
(Ушул маалда айланадан үн чыгып, сүйлөп баштайт).

**ҮН:** Силер айтып жаткан апыздын ырларын бирин калтырбай уктум, ошолордун баарын ой-санаама туттум. (үн жоголуп, барып кайра уланат) Пенделерим, көкүрөгүңөр жарык, дилиңер таза жан экенсиңер, байкалып турат.
Сүйүү деп Барпы ырдады, сүйүү деп Барпы тынбады. Ооба. Акындын махабаты алоолоп, көбүнчө эңсеген селкисине жетпей калган армандуу сүйүү. Акындын махабат ырларынан кезметтешип ырдасаңар, жан жыргатып, кумарлана уксак, ырахат эмеспи туугандар!

**ОМОР:** Мен апыздын ышкы ырларынан айтып көрөйүн:
*Сүйүүнү ыйык көрөмүн,*
*Сүйүүдөн курчуйт өнөрүм.*
*Сайрашып булбул куш менен,*
*Сүйүүнүн нурун төгөмүн.*
*Сутактай таңды атырып,*
*Сүйүү деп жүрүп өлөмүн.*
*Сүйүү деп өттү өмүрүм,*
*Сүйүүдөн калбай көңүлүм.*
*Сүйүүгө кылсам кыянат,*
*Сегүлүп кетсин өңүрүм.*

**(ЧЫРМАШ МӨЛМӨЛДҮ СЫБЫЗГЫТАТ).**
*Чыныга куйган бал болсоң,*
*Чымындай ага малынсам.*
*Чыгалбай жатып ошондо,*
*Чын өзүңө багынсам.*
*Чыгарып койсоң боор ооруп,*
*Чырагың болуп жагылсам.*
*Алты оролуп мойнуңа,*
*Ак маржам болуп тагылсам.*
*Жанаша бүткөн алмаңдын,*
*Бирөөнү бер деп жалынсам.*

**(АМАНГЕЛДИ ЫРДЫ УЛАЙТ)**
*Кош алмага гүл болсом,*
*Көйнөгүңө түр болсом.*
*Түндүгүнөн боз үйдүн,*

*Тийип турган күн болсом.*
*Кош алмага кал болсом,*
*Караңгыда шам болсом.*
*Жүрөгүңдө сызылып,*
*Жүрүп турган кан болсом.*
*Чыгаар элем кумардан,*
*Чаңкоосу канган жанга окшоп,*
*Чолпону жарык таңга окшоп.*

**КАДЫРКУЛ:** (өзүнчө) аялды чындап сүйүп, ошого баарын берүүгө акын даяр. Керек болсо оттон, суудан, бычактын мизинен да коркпойт. Акынга таазим! (Ыр айтууну улайт).

*Бириң - дутар, бириң - кыл,*
*Бириң - дастан, - бириң - ыр.*
*Бириң - таңдай, бириң - тил,*
*Бириңди айтсам, бириң - бил.*
*Бириң - чынар, бириң - бак,*
*Бириң - булбул, бириң - шак.*
*Бириң - гунча, бириң - гүл,*
*Бириң - дүйнө, бириң бүр.*
*Бириң - комуз, бириң - үн,*
*Бириң - Аалам, бириң - күн.*
*Бириң - өрдөк, бириң - каз.*
*Бириң - өлөң, бириң - саз.*

(Чырмаш ыр ышкысы келип, Барпынын обонуна салып, ырдай баштайт).

*Аты эмес, өзү алтын,*
*Асемдеп айткан сөзү алтын.*
*Ачылган гүлдөй кези - алтын,*
*Алчадай кара көзү - алтын.*
*Оромол салган башы - алтын,*
*Оңолдой кара чачы - алтын.*
*Осмо койгон кашы - алтын,*
*Он сегизде жашы - алтын.*
*Кулактары - куйма алтын,*
*Куюлуп түшкөн мурду - алтын.*
*Кирпиктери - тизмө алтын,*
*Керек болду - бизге алтын.*
*Анардай кызыл бети - алтын,*
*Агарган кардай эти - алтын.*

*Илабинда - гүл алтын,*
*Ыраңында - гүл алтын.*
*Отуз эки тиши - алтын,*
*Ойдон кеткис иши - алтын.*
*Кашка тиштин мүлкү - алтын ,*
*Как мамактын үрпү - алтын.*
*Алкымында жайма - алтын,*
*Ар жоругу сайма - алтын.*
*Жүрөгүндө жуп - алтын,*
*Жүрөк сырын ук, - алтын*
*Бармагынын баары - алтын,*
*Баалаганга шаани - алтын.*
*Ак үйүнүн куту - алтын,*
*Аккари кийген буту - алтын.*
*"Сизи" менен "бизи" - алтын,*
*Секин басса изи - алтын.*
*Сарамжалы - сары алтын,*
*Саргайтканы - дагы алтын.*
*Айта берсем - баары алтын,*
*Аманат жанга күч - алтын.*

**КАДЫРКУЛ:** (эргип) Окусаң сүйүү саптарын, оюңа түшүп жаш чагың, ыраазы болуп "Бах" - дейсиң ырынын таамай айтканын дедиртип Байдыкемди чындап балбыратып эриткендей эле ыр эмес бекен. Акын болбосоң кое кал!

**ОМОР:** (сөздү тамашага бургусу келип). Кадыке, махабаттын күчү сөздө, анан кумарлуу караган көздө, мындай аракет байкалбагансыйт экөөбүздө.

**КАДЫРКУЛ:** (сөздү бөлүп) Биз баятан бери ким жөнүндө сүйлөшүп жатабыз. Албетте Барпы атабыз. Ушул адамды баалап, барктап, билип калса келечек урпактарыбыз, ошол болот акындын элесине урмат кылганыбыз.

**АМАНГЕЛДИ:** Кыргыз барда Барпы жашайт!

**ОМОР:** Бул калетсиз сөз!

(Караандар алыстайт).

Барпынын "Ала-Тоо көркко келбейт эл болбосо" ыры жаңырат.



## СЕНИ ИЗДЕЙМ
*(Драма)*



| | |
|---|---|
| **Жаңыбай** | - айылдык жамакчы акын. |
| **Рыспай** | - обончу. |
| **Зуура** | - Рыспайдын апасы. |
| **Мамат** | - музыкант. |
| **Оңол, Давлет** | - Рыспайдын сүйгөн кыздары. |
| **Аксуубай, Калыйбек** | - обончулар. |
| **Почточу аял.** | |
| **Катчы** | - бийлик өкүлү. |
| **Сүйүнбек** | - Рыспайдын замандашы. |
| **Жолон** | - акын. |
| **Бокен** | - Рыспайдын акеси. |
| **Сиюта** | - Рыспайдын кызы. |

**Башка адамдар да коштойт.**

**(Окуя биздин күндөрдө өтөт).**

Кыркалай кеткен тоолор көрүнөт. Ошол тоолор бир нече колотторго бөлүнүп кетет. Бир колоттун чыга беришинде чоң таш көрүнөт. Ага чыгып отурган Жаңыбай карыянын карааны көрүнөт. Анда санда койлорду үн салып кайрып койгону болбосо ырдап аткан болот.

**ЖАҢЫБАЙ:**

*Ак мөңгү тоодон жел келет,*
*Апийим гүлү термелет.*
*Аралап бассак окшошуп,*
*Ак, кызыл гүлдөр теңселет.*
*Чагылып күнгө кетмениң,*
*Жаркыным ойдон кетпедиң.*
*Карааның кетсе алыстап,*
*Кайра эле келет эстегим.*

Ушул маалда Жаңыбайдын арт жагынан Рыспайдын карааны көрүнөт. Эси дарти ырда болот. Шыбырт чыгарбай Жаңыбайдын ырын угат. Жаңыбай ырын улантат.

*Асмандагы жылдызга,*
*Сунган менен кол кыска.*
*Айтайын десем дартымды,*
*Өзүнчө эле бир нуска.*

**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) ырдын кени Жаңыбай абамда экен, карасаң оозунда сөзү белен, өткөндө да ырдап аткан, ошондо да уккам.

(Аңгыча кой үркөт).

Жаңыбай бул арам өлгүрлөр, жөн оттобос болду, баксаң балээ, бакпасаң да балээ койду! (ордунан өөдө туруп атып) Какый белим, сездирди карылык демин, калбады чамасы оорубаган жерим (колуна таягын алат) кош, кош дейм! Тезектен кур калгансып, баратышканын шашып. (Рыспай койдун алдын тосуу үчүн жүгүрөт).

**РЫСПАЙ:** Ава, токтогун, койду мен тосомун.

**ЖАҢЫБАЙ:** (Рыспайды карап тааныкбай) Бул кайсы бала, кайдан чыга калды, жок эле го жана, элпек көрүнөт, көз тийбесин ага

(Рыспай койду тегеретип тосуп келет).

**РЫСПАЙ:** Койлорду тосуп, тиги бетке өрдөтүп койдум, чөбү көп экен, койлоруңуз жыргап тойсун.

**ЖАҢЫБАЙ:** Ырахмат айланайын, чуркап кой тосконго жок эле дарманым, жакшы болбодубу сенин келип калганың. (Рысбай Жаңыбай чал менен учурашат).

**ЖАҢЫБАЙ**: Карылык келип турган чагы, кимдин уулусуң, тааный албай турам, ал үчүн кечир аваңы.

**РЫСПАЙ:** (уялыңкы) Абдыкадырдын.

**ЖАҢЫБАЙ:** (кууланып) Андай адам жок эле го айылда.

**РЫСПАЙ:** (жактырбай) Андай адам жоктур азыр айылда, бирок каза болуптур согушта.

Жаңыбай: (өзүнчө) Таарынтпайын баланы, (Рыспайга кайрылып) баса, айтып койчу атыңы?

**РЫСПАЙ:** (жаркылдап) Рыспай.

**ЖАҢЫБАЙ:** Айланайын атың жакшы экен, атаңы тааныйт элем, канча адамдын өмүрүн жалмады согуш деген, өмүргө өч согуш болбосо, атаң деле жүрмөк эли менен. (Рыспай муюп угат, Жаңыбай сөзүн улайт). Атаң жакшы киши эле узун бойлуу, кең далылуу, жүзү дайыма жадырап, биреөгө жалган сөзү жок. (үшкүрүп) Өмүрү кыска болду. Туулган жердин топурагы буюрбай, сөөгү бөтөн жерде калды. Согуш курусун, элде мындайлар азбы? (Рыспай көздөрүн сүртүп жашыйт).

**ЖАҢЫБАЙ:** Рыспай балам. Эсиңе ала жүр, ар кандай болот заман, окуйсуңбу, окубайсыңбы анан?

**РЫСПАЙ:** Окуйм.

**ЖАҢЫБАЙ:** Билим алганыңар жакшы, биз болсо билим албай дүнүйөбүз караңгы.

**РЫСПАЙ:** (кызыгып) Сиз дагы согушка бардыңызбы?

**ЖАҢЫБАЙ:** Барбай анан, эркек аттуунун баары барган, мен болсо трудовой фронтто болдум, ажал жок экен өлбөй келдим, теңинен көбү келген жок кеткендердин. (Рыспай башын чайкайт).

**РЫСПАЙ:** Сиз ырды кантип үйрөнүп алгансыз?

**ЖАҢЫБАЙ:** Менби (ойлонуп) Мен ар кимден угуп, өзүм да кошуп ием кэзде туруп.

**РЫСПАЙ:** (Жаңыбайга жакындап) Ава, сиз ырдасаңыз уккум келет, укмуштуу эргүү келип, жан дүйнөмдү эркелетет.

**ЖАҢЫБАЙ:** (чочуп) Эй бала, сен эмне деп турасың. Менин ырдаганымы качантан бери угасың?

**РЫСПАЙ:** (ыңгайсыз боло түшөт). Отун алып, куурай терип жүрүп, далай уктум, үнүңүзгө кулак түрүп.

**ЖАҢЫБАЙ:** (өзүнчө) Ээн жерде эч ким укпайт деп жүрсө. (Рыспайга карап) шарты келсе, азыраак ырдап коет аваң, мунуму эч ким билбейт дечү элем балам.

**РЫСПАЙ:** Ырдап берсеңиз ава?

**ЖАҢЫБАЙ:** (өзүнчө) Чунак бала дөсе, оюнда жок ырдан башка эч нерсе. Ырдаса ырдайын, көксүнү суугуча тынбайын (ал Рыспайга карап) Ырдаса ырдайын созолонтуп (Барпынын санат ырларынан ырдайт).

**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) Жаңыбай аванын жан дүйнөсү ырдан бүткөн окшойт. Эргигенин кара, доошунан жарылат аба. Айылдагыларга баркы жок, бул Жаңыбай деген адам жүрөт дешет. Ырдаганын көрүшсө, муну пайгамбардай сезмек.

(Рыспайдын оюн Жаңыбайдын үнү бузат).

**ЖАҢЫБАЙ:** Азыткы эмеспи бу бала, ырдатып коюп отурганын кара, мен го менмин, койлорум кана (колун серепчилеп, койлорду карайт).

**РЫСПАЙ:** (озунуп) койлоруңуз ана!

**ЖАҢЫБАЙ:** Көрдүм, көрдүм тоюшкандыр тандап жеп, тоонун чөбүн.

**РЫСПАЙ:** Тоюшкан го абдан, басышкандары илең-салаң, сизди убара кылбай, азыр айдап келип калам.

(Рыспай кой тоскону кетет).

**ЖАҢЫБАЙ:** (баланы узатып карап) Элпек бала көрүнөт, пешенесинен нуру төгүлөт, ырысы ашып-ташкан жигит болгудай, ылайым ырдан таап сый-урматты, элине кылсын зор урматты оомийин (бата берет).

## КӨРҮНҮШ

Үстү камыш менен жабылган үй. Рыспайдын апасы Зуура иштер менен алектенип жатат.

**ЗУУРА:** Куурайга кеткени качан, ушундай да бала болобу, берилген ишти унуткан, капа болуп жазылбайт, азыраак эле урушсаң. (куурай көтөрүп келаткан уулун көрөт) Кемирчегиң ката элек маалыңда, турмуштун ташпиши

тигинтип мойнуңда, тагдырыңы тайкы кылган наалатыңы айт согушка.

(Аңгыча куурай көтөргөн Рыспай кирет).

**РЫСПАЙ:** (жонундагы куурайын жерге ыргытып) Сылкыйып оорлугун айтпа, жага келсең түгөнөт бир паста! (кыжырлуу) Элдин турмушу качан оңолот, качан курсак тоюп, дасторкон толо нан болот, качан минтип отун ташуудан кутулабыз?

**ЗУУРА:** (бир чети эркелетип, бир чети кабатырланып) Э, айланайын балам, кыйналбай эле келдиңби анан, кеткениңе көп болду, зарыгып күттүм абдан, куурай жоктугунан, куурулбай калды талкан.

**РЫСПАЙ:** (эреркеп) Куурайды көп кылып тергемин апа, көтөрө албай жарымы калды анда.

**ЗУУРА:** Балам көтөрүшүңчө көтөр куурайды, көрсөтөм деп өзүңү кыйнабагын жаныңы.

**РЫСПАЙ:** Макул апаке (кубанып) бир нерсе айтайынбы апа, (нары бери басат).

**ЗУУРА:** Айт, айта гой.

**РЫСПАЙ:** Билесиз го Жаңыбай аваны.

**ЗУУРА:** Купшуңдак чалбы, кой кайтарган жанагы?

**РЫСПАЙ:** Антип айтпаңыз, төгүп ырдаган адам барбы ошондой, кандай ырдайт адегенде уксаңыз?

**ЗУУРА:** Билбейт дейсиңби аны, бакшыга окшоп бакылдайт, көзгө илбейт жашты же карыны.

**РЫСПАЙ:** Ошол киши ырдап атыптыр. Бир дөңгө отуруп алыптыр, обонду чындап салыптыр, аны Рыспай тыңдап калыптыр.

**ЗУУРА:** Койчу балам, жөнү жок шумданба, жаман адебин үйрөнүп, азгырылбай куу чалга.

**РЫСПАЙ:** (таарынгансып). Мен ал кишинин ырын көп угам куу чал, муу чал эмес элө ырларынан байкасам, жетип турган акылман.

**ЗУУРА:** (жумшарып) Билбөсем. Куу чал дешет, аларды туурап ошентем.

**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) ак көңүл, көңүлүндө кири жок адамдарды барктабайбыз. Жаңыбай ава да ошондой. Ал киши адамдарды улуу, кичүү деп ойлобой, айтканын айтып салат болгондой, ырда десе ырдай берет токтобой, арабызда

адамдар көп болсо ошондой. (Анан ал апасына кайрылат) Апа, ошо киши ырдаса, эргий берем, дүйнө кезип жетпеген жерге жетем.

**ЗУУРА:** (өзүнчө) Жаш баланын башын айлантканбы, эмне деп жатат, эмнени айтат чунак бала? Чалдын үйрөткөн үлгүсүн кара (уулуна кайрылып) айланайын Рыспай, ошондой ырларга этият бол, көп кызыкпай.

**РЫСПАЙ:** (таарынып) Кызыкпасам, кызыкпайм (төрдөгү төшөккө жамбаштайт).

**ЗУУРА:** Эмне кагылайын?

**РЫСПАЙ:** Ушул күндөр да калаар, куурай көтөрүп жүргөн, Рыспай да бой жетип, окууга шаарга бараар.

**ЗУУРА:** (жалбарып) Кагылайын тилегиң жакшы, жаштын тилегин берет. Оозуңа сала бериптир, ойлогонуң орундалат баары.

**РЫСПАЙ:** Ырчы болуп калсам, созолонтуп ырдап турсам, ошентип элге жаксам (ордунан туруп апасынын жанына келет) Жан апа, сиз уулуңузду карап, тулкуңузга кубаныч тарап, эл арасында бажырайып турсаңыз, ошондо бир кайрылып келээр беле бактыңыз?

**ЗУУРА:** (эргип) Тирегисиң апаңын, эркелеп маңдайымда турсаң, кыйналганымды, кайгырганымды, ач калганымды баарынунутам.

**РЫСПАЙ:** (кыялы учуп) Мектепти бүтүп, ылдый жакка окууга барсам, анан сиз мени издеп, кабаттуу үйлөрдү аралап- Рыспай деген барбы - деп сурап жүрсөңүз. Тердеп-тепчип жүргөн чакта өзүм алдыңыздан тосуп чыксам. (Рыспайдын кыялы алып учуп нары-бери басат).

**ЗУУРА:** Алдыңа кетейиним өзүң тилегендей окуп калсаң Ошуң калып, бармакмын Боронзого чейин.

**РЫСПАЙ:** (күлүп) Боронзого барам деп өзүбүздүн Өзгөндүн автобусуна түшүп алып, баса берсеңиз эми жеттим деп түшсөңүз, Өзгөн!

**ЗУУРА:** Койчу балам, сурай, сурай Мекеге барыптыр. Жол сурасам, жол көрсөтөөргө чыгаар адам.

**РЫСПАЙ:** (ойлуу) Эреркеп сүйлөп койдум апа, ал үчүн кечирип коюңуз. (Төр жака басып барып токтойт) (өзүнчө) Апа, бизди багам деп жүрүп арыдыңыз, карыдыңыз. Менин жан дүйнөмдү тынчытпай келет ушул жагыңыз.

Жетилсем, колуңуздан ишиңизди алсам, бапестеп баксам. Мен сиздин алсыз экениңизди сезем, жүзүңүздөн кабатталган түйшүктү көрөм. Жан апа, баарын билем, бирок айла канча?

**ЗУУРА:** Тамагыңы иччи кагылайын, кардың ачкандыр, көткениң качан. Коңшудан сүт алдым. Азыр аны бышырайын. Андан кийин ишимди кылайын.
(Апасы чыгып кетет. Рыспай тамак ичет).

## КӨРҮНҮШ

Рыспай кыйла бою өсүп, эр жеткенин сезгендей көңүлдүү жүргөн чагы. Айрым учурда Жаңыбай авасын туурап ырдагысы келип, кыңылдап коет.

**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) Апаман жооп сурайын, макул десе барайын (үйгө кирет) апа, апа, үйдө эч ким жокпу ыя? (ички үйдөн апасынын үнү чыгат).

**ЗУУРА:** Балам, мен мында.

**РЫСПАЙ:** (жароокерленип) Апа, жан апа, бир сөз айтсам болбойсузбу капа?

**ЗУУРА:** Эмнеге капа болоюн, айтканыңды жан дилим менен угайын.

**РЫСПАЙ:** Апа айтсам, теңтуштар менен Өзгөнгө барам.

**ЗУУРА:** (чочуп) Барып келдиң эле өткөндө, дагы кандай жумушуң чыгып калды Өзгөндө?

**РЫСПАЙ:** Бара турган жумушум, (сабырдуу) чакырыптыр Мамат досум.

**ЗУУРА:** Аның кайсы бала?

**РЫСПАЙ:** Аны билесиз апа, өткөндө таанышканбыз Өзгөнгө барганда, мен айтып бергенмин сизге ал туурасында.

**ЗУУРА:** Сөздү көп эле угам карылыкпы же унутчакмынбы уккандарымды дароо эле унутам, айтсаң айткандырсың балам.

**РЫСПАЙ:** (көңүлдүү) Мамат деген апа, өзү ырдайт, акардеондо өзү ойнойт, канча уксаң да ырына көңүл тойбойт. Ал эми акардеон дегениң анын колунда сыздайт да сыздайт...

**ЗУУРА:** Өнөрлүү бала тура!

**РЫСПАЙ:** (ырдагысы келип) Ошол жигитте өнөр деген, андайлар аз болсо керек, адамгерчилиги, жөнөкөйлүгү

ченде жок экен. (нары, бери басат) апа, Маматтын өзүнүн ырынан ырдап берем.

*Кара шоро, кооз жайлоо,*
*Достор менен барганга.*
*Көңүл ачып, кол кармашып,*
*Оюн, күлкү салганга.*
*Кара шоро кооз жайлоо,*
*Аба салкын арашан,*
*Кел, курбулар бул жайлоого,*
*Эс алууну каалasaң.*

**ЗУУРА:** Өзүбүздүн Кара шорону ырдаган тура.

**РЫСПАЙ:** Ыр жагынан бул чөлкөмдө, эч ким тең келбейт ага, бул ырынын бир чети апа! (апасына жакын келип) Апа, Өзгөнгө барып келсем болобу, мага да үйрөтөм деген акардеон ойношту.

**ЗУУРА:** (кыйылып) Барсаң бар. (Рыспай чыгат, артынан апасынын үнү угулат) Ойноп жүрүп албай, келегөр балам эртеңден калбай!

## КӨРҮНҮШ

Узата кеткен жарык бөлмөдө Мамат акардеон менен ырларды обону менен ойноп жатат. Сырттан Рыспай кирет.

**РЫСПАЙ:** Ассоллом алейкум, Мамат дос!

**МАМАТ:** (Рыспайды тааный коюп) Валеким ассалом (акардеонун кое коюп, кучагын жаят) Жүрөсүңбү аман, үйдөгүлөр сак саламатпы анан?

**РЫСПАЙ:** (колун кое бербей) Өзүңү көргөнүмө чексиз кубанычтамын, кандайсың анан?

**МАМАТ:** Өзүң көргөндөй Рыспай, жумуштан бошой калсам, ыр менен алпурушам тынч турбай.

**РЫСПАЙ:** (акардеонду айланып карап) Кантип үйрөнүп алгансың Мамат муну?

**МАМАТ:** Адамдардын акардеон ойноп жатканы жашымда эле кызыктырчу. (Рыспайга карап) Сени да ойногон кызыктырабы?

**РЫСПАЙ:** (жүзү жадырап) Ойногонду жакшы көрөм, ким үйрөтөт, кимден үйрөнөи?

**МАМАТ:** (жадырап) Мен үйрөтөм, сен үйрөнсөң. (Ал акардеонду асынып, клавиштерин баса баштайт, Рыспай да кызыгып басып көрөт. "Бап" деген үндөн чочуп, колун тартып алат) .

**РЫСПАЙ:** (ыңгайсыз) Колуң тийсе эле кыйкырат экен.

**МАМАТ:** (күлүп) Билгиче кыйкырат, бакырат билгенден кийин сенден мурда эле ырдап шаштырат.

**РЫСПАЙ:** (Кызыгып) Баскычтарды өйдө-төмөн басат, Маматтан акардеонду алып, өзү асынып көрөт.

**МАМАТ:** Куп гана жарашат экен Рыспай, акардеондун бактысы сенден гана ачылчуудай.

**РЫСПАЙ:** (күлүп) Адеп үйрөнөйүн, анан сүйлөшөйүн.

**МАМАТ:** (кубанып) Колдоруң тез эле эпке келе турган, жабыша калып жатат акардеонго байкап турсам.

## КӨРҮНҮШ

Мамат сырттан кирет. Рыспай акардеон үйрөнүп жаткан болот. Ага байкатпай Мамат акардеонду тыңшайт.

**МАМАТ:** Рыспай сенден бир нерсе чыгат, акардеон тилге кириптир эми чындап.

**РЫСПАЙ:** Маке, өзүмчө эле жыргап атам, жаш кезимде боло турган Жаңыбай деген адам. Адегенде эле таруу болуп куюлчу ыр оозунан, ошонун ырларынан эстей албай жатам. (Бир аздан кийин) эстедим , эстедим Маке (эски обондо Жаңыбайдын ырынан ырдайт).

**МАМАТ:** (Өзүнчө толкунданып) Кудай берсе, туш кылды дагы бир жакшы жигитке, үнүндө, ырында айып жок билгенге (Рыспайга кайрылып) Рыспай Өзгөнгө калып иште, сендей жигиттер керек маданият үйүнө, көөнүм толду аргендей болгон үнүңө.

**РЫСПАЙ:** (акардеонду кармалап) Калат элем жан дилим менен, билсөң Маке, үйдө жалгыз апам деген, жакшы болбойт ко таштап баса берсем.

**МАМАТ:** (ары-бери басат). Айтканыңа кошулам, ылайым , айырбасын апалардын доорунан, биздин ырыскыбыз дагы эле агып келип жаткансыйт, ошолордун колунан. (сырттан артист жигит кирет).

**АРТИСТ:** Мамат аке кайдасың?

**МАМАТ:** Мен мындамын.

**АРТИСТ:** Мында болсоңуз жакшы, адамдар даяр болуп калды.

**МАМАТ:** Жөнөйбүз анда, машинаны камда. (Артист кетет) жүр биз менен Рыспай, концерт койгону жатабыз. (Рыспай барсамбы, барбасамбы деген эки анжы ойдо калат. Мамат аны биле коюп) Барбайм дебе барасың. Эртең эле келип каласың (Рыспайдын колунан жетелеп сыртка жөнөйт).

## КӨРҮНҮШ

**САХНА:** Бирок анда эч ким көрүнбейт. Бери жак ызы-чуу. Эл артистердин сахнага чыгышын күтүп жаткан чагы.

**ЗАЛДАН:** Рыспай деген бар экен, ырдаганы бап экен.

**ҮН:** (кыздыкы) Мактабай кое туруңуз, адегенде угуңуз?

(Аңгыча сахнага алып баруучу чыгат, кол чабуулар).

**АЛЫП БАРУУЧУ:** Урматтуу жолдоштор, сиздерге арналган концертибизди баштоого руксат этиңиздер!

(Ал толкунданып, кол чабуулардын басылышын күтүп, бир саам туруп калат, анан ал:) Анда эмесе, азыркы номерибизде Рыспай Абдыкадыров өзүнүн "Түгөйүм" деген ырын аткарып берет. (Аккердеон көтөргөн Рыспай сахнага чыгат. Кол чабуулар. Рыспай ырдайт)

**ҮНДӨР:** Атаңгөрү, бар турбайбы мында, жаш экен өмүрүн узун кылсын кудаа.

(Оңол жанындагы кызга шыбырайт).

**ОҢОЛ:** Жүрөккө чок сала турган болду го.

**КУРБУСУ:** Бул жигитке ким туш болсо да оңду го.

**ОҢОЛ:** ( чын, азил аралаш) Рыспай сүйөм деп сунуш кылса мага, мен жан дилим менен макул болмокмун ага.

**КУРБУСУ:** (кызганган түрдө) Оюң эле бийикте да деги, жактырбай сени, сүйүп калсачы мени, а мүмкүн бар чыгаар теңи?

**ОҢОЛ:** (ыңгайсыз абалда) Тамашалап койдум, канча кыз бар, залды карап койгун.

**КУРБУСУ:** Тамашабы, чынбы, андан көрө записка жөнетүп , таанышпайлыбы?

**ОҢОЛ:** Өздөрү таанышууга жулунган кандай кыздар деген жаман ойдо калбайбы?

**КУРБУСУ:** (кагаз, калемин даярдап) Сынап көрөлү, оюн билели. (Жаза баштайт).

**ОҢОЛ:** Эмне деп жазып атасың, этиет кыл катасын, кыздар ката жазат деп бузуп албайлы санаасын.

**КУРБУСУ:** Бүтө салдым карачы? (Оңол угуза окуйт). "Рыспай аке саламатсызбы, карындаштарыңыз жазган бул катты, ырларыңызды угуп жан жыргады. Сиз менен таанышсак деген сезим тим турбады"

**ОҢОЛ:** (ыраазы болуп) Төп келиптир сөздөрүңдүн баары.

**КУРБУСУ:** Каттын этегине аттарыбызды жазалы.

**ОҢОЛ:** Антпесе болобу. (Курбусу катты жөнөтөт, көп өтпөй катка жооп келет). Экөө аптыгып, катты окуй баштешат. "Карындаштар, катыңыздар үчүн ыраазылык билдиремин оболу, таанышканга не жетсин, жакын тааныштардан бололу, эгер убактыңар болсо, бүгүн кечти чогуу тосолу? Рыспай" .

**ОҢОЛ:** (уялып) Тамашалап олтуруп, тааныша турган болдук.

**КУРБУСУ:** (эргип) бир бактыга кол созгондой эле болдук. Таанышып отуруп, тагдырлаш болуп калыш ажеп эмес. Андан көрө биз үнүнө, өңүнө суктанган жигитке жолугууга даярданалы. (Ордуларынан туруп жөнөшөт.)

## КӨРҮНҮШ

Рыспай саатын карап, нары-бери басат.

**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) Келгеним качан, күтүп эле атам, бийкечтер унутуп калган жокпу, жолугушууну анан. (Нары жактан кыздардын күлкүсү угулат.)

**РЫСПАЙ:** Келатышат чамасы. (ал өзүнчө) Рыспай жакшылап карачы? (четке басат ары жакты карап, бери чуркайт) Экөө экен, дал ушулар, кат жазышкан жанагы (кыздар кирет).

**РЫСПАЙ:** (сылык) Келиңиздер, жакшысыздарбы?

**КУРБУСУ:** (озунуп) Келдик, жакшы. (Кыздар бири-бирине карап уялышат).

**РЫСПАЙ:** (Сөздү эмнеден баштаарын билбей) Бүгүнкү концертке келдиңиздерби?

**ОҢОЛ:** (сыр бербей) Келдик.

**РЫСПАЙ:** Жактыбы?

**КУРБУСУ:** Жакмак тургай жакты.

**РЫСПАЙ:** (ыңгайсыз) Кай жерлик болосуздар?

**ОҢОЛ:** Сөз баштасаңар эле жигиттер ушинтип сурайсыздар.

**РЫСПАЙ:** Окуйсуздарбы?

**ОҢОЛ:** Окуйбуз.

**КУРБУСУ:** Жерибизди сурасаңыз, мен шаардан, бул Казармандан (Оңолду көрсөтүп)

Оңол өл, жинди дегенсип, курбусун алдыртан тиктейт.

**РЫСПАЙ:** (Өзүн кыздарга тааныштырып) Кара-Кулжадан болом, тоодо өсүп чоңойгом. (жадырап) Баса карындаштар , ким болот атыңар?

**КУРБУСУ:** Атыбыз жок, жөө жүрөбүз.

**РЫСПАЙ:** (күлүп) Жөө жүрсөңүздөр, ат таап алдыңыздарга тартайын.

**ОҢОЛ:** (тийишип) Ат сурагандарга ат бере бербейбиз.

**РЫСПАЙ:** Сиздер жөө жүрсеңүздөр. Мен аттуумун, атымын аты Рыспай.

**КУРБУСУ:** (күлүп) Биз деле аттуубуз.

**РЫСПАЙ:** Көрүнбөйт же билинбейт ко атыңар, андан көрө таанышалы атыңарды айтыңыздар?

**КЫЗДАР:** Оңол, Курбукыз (кыздар бирин-бири чымчылап уялышат).

**РЫСПАЙ**. Тааныштык. Руксат этсеңиздер, тигиндейрээк басалы, бир аз да болсо көңүл ачалы, анан жолугушканыбызды белгилеп, даам таталы.

(Кыздар кетмекчи болушат).

**РЫСПАЙ:** (айрыкча Оңолдун сымбатына суктанып) Оңол, сыртка каксаңар сунушту, көзгө илбегениңер го жигитти?

**ОҢОЛ:** (курбусуна шыбырап) Болбойт ко барбасак, обу жоктук болбойбу, жигиттин шагын сындырсак.

**КУРБУСУ:** Менменсинген жигит саза кылып турса, минтип барбасак, тагдырыбыз тайкы болбойбу кемип.

**ОҢОЛ:** (Рыспайга жадырай тиктеп) Сунушуңузга макулбуз.

**РЫСПАЙ:** (кыздарды колтуктап) Кабыл болсо сунушум, байкасаңыздар бакыт конгон учурум. (Кыздар жылмайып, Рыспай кыздарды колтуктап, көңүлдү басып, акырын ырдайт).

## КӨРҮНҮШ

Шаардын четки көчөлөрүнүн бири. Колуна чемодан көтөргөн Рыспай көрүнөт. Ал карбаластап нары-бери басат.

**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) Ушул жерден жолугушмак болгонбуз. (Чыдамы кетип) Кыздар, кыздар эй күттүрүп көнүшкөн, далдоолонуп өбүшкөн, чоюлуп калышат, анан эле көрүшсөң.

Албетте бул тамаша (нары-бери басат. Ушул маалда Аксуубай менен Калыйбек нары жактан көрүнүшөт. Көңүлдөрү шайдоот. Алар жакындап, Рыспайды көрүшөт.

**АКСУУБАЙ:** (Калыйбекке Рыспайды көрсөтүп) Тигини, тигини.

**КАЛЫЙБЕК:** Тоголото койбойлубу, корсойгон немени.

**АКСУУБАЙ:** Токто Калы, бара көрөбүз аны, эгер сөз кайтара турган болсо, тирүү калбайт жаны.

**КАЛЫЙБЕК:** (Рыспайга карап) Ай жигит чылым барбы?

**РЫСПАЙ:** (Тигилерге карап) Жок эле, тартпайм аны.

**АКСУУБАЙ:** (Рыспайга жакындап) Чылым тартпасаң жигиттигиң кайсы?

**РЫСПАЙ:** (арданып) Чекпегендин баары эле жигит болбой кызбы?

**КАЛЫЙБЕК:** Сенден сурабайбыз аны.

**АКСУУБАЙ:** Сөз кайтарат ко мунуң дагы.

**РЫСПАЙ:** (чочуласа да сыр бербей) Суроонорго жооп бердим, убакыт болуп калыптыр, мен кетейин. (Кетүүгө камынат.)

**АКСУУБАЙ:** (кекетип) Убактың болгон болбогону менен чатагыбыз жок, бул жерден жөн кетпейсиң аны да койгун ойлоп.

**КАЛЫЙБЕК:** (Рыспайга жакындап) Тыйын-пыйын болсо тезирээк чыгаргын, кантээр экен десе, байкелериң менен ойногуң келет чырагым.

**РЫСПАЙ:** Ишенсөңер байкелер, тыйын жок берерге жол кире араң таптым, ушул жерге келерге.

**ЭКӨӨ:** Уккубуз келбейт сөзүңү (Экөө Рыспайды тегеректеп, урууга далбас кылышат. Рыспай айланып кетенчиктейт. Ушул учурда үн угулат).

**ҮН:** Жигиттер, эмне болду силерге, кыр көрсөтүп, чырылдашсаңар жарабайт ко бири-бириңерге (үчөө тең үн чыккан жакты карай басышат).

**ҮН:** Байкап көрсөм, жакшылык келчүдей ар бириңин колуңан, кез келгениңер жакшы болду келаткан жолуман. Үчөөң тең билишимче ойлоруңар, бойлоруңарга жарашкан, сымбатыңарга менменсингөн сулуулар жымырыла карашкан, ылайым ыйык достор болуп жүргүлө, абийир алдында бири-бириңе ак санашкан. Үн бата кылат. Ага кошулуп үчөө колдорун беттерине тартышат. Шашып келаткан Мамат тиги үчөөнүн үстүнө кирет.

**МАМАТ:** (Рыспайды көрүп сүйүнүп кетет). Рыспайды көрүп турамбы, же көзүмө алданып атамбы?

**РЫСПАЙ:** Адашкан жоксуң Абдыкадыровмун!

**АКСУУБАЙ:** (өзүнчө) Ким деп жатат өзүн, угайынчы сөзүн? (Рыспайга кайрылып) Ким дедиң атыңы?

**РЫСПАЙ:** (Жайдары) Айтсам атымы Рыспай.

**КАЛЫЙБЕК:** Рыспай!?

**МАМАТ:** (сөзгө кошулуп) Ооба, Рыспай, бири-бириңерди таанybаганыңар кандай?

**АКСУУБАЙ:** Ойбой досум Рыспай, ит боло жаздаппыз го бири-бирибизди таанybай.

**РЫСПАЙ:** Силер кимсиңер? (Аларды утурлай басат).

**КАЛЫЙБЕК:** Бизби, биз деген ушул жерлик жигиттер. Калыйбек, Аксуубай атыбыз билсеңер.

**МАМАТ:** (Өзүнчө) Калыйбек, Аксуубай, ысымдар негедир кулагыма тааныштай?

**РЫСПАЙ:** (Таң калып) Силер эмне деп жатасыңар, чын эле ушердеби мен эңсеген адамдар? (Рыспай тиги экөөнө жакын барат. Алар да жакындайт) .

**РЫСПАЙ:** Издешпей табышат дегөн ушу!

**АКСУУБАЙ:** Ой досум Рыспай, тагдыр буюрган бизге ушуну. (Үчөө кучакташып көрүшүшөт. Мамат аларга суктанат).

**МАМАТ:** (өзүнчө) Үчөө тең кыйын обончу. Чыгып, чыкпай таскактары катуу болду, дүңгүрөтүп атат булардын ыры ойду тоону. Сыбызгыган обондор ар бир кыргыздын жүрөгүнүн толтосунда орду.

**КАЛЫЙБЕК:** (Рыспайды далыдан таптап) Тааныбасты сыйлабас болуп, кыйынсынганыбыз кайсы жорук!

**РЫСПАЙ:** (күлүп) Коюшуп алмакпыз, кайра табышмакпыз.

**АКСУУБАЙ:** Эфирдөн угуп үнүңдү, көрүүгө зар болдук эле өзүңү. Бул айтканым мактоо эмес, керүп алып көзүңү!

**РЫСПАЙ:** (толкунданып) Ушул жолугушууну күткөн элем, Фрунзеге ушул жолу келүүмдө.

**КАЛЫЙБЕК:** Бири-бирибизден алыс турган менен бизди бириктирип, тааныштырып турат ыр деген.

**АКСУУБАЙ:** (Маматка карап) Бул агайды таанибай турам?

**РЫСПАЙ:** Бул менин айылдашым, ары агам, аты-жөнү Мамат Оморов деген адам.

**АКСУУБАЙ:** Билебиз Мамат агайды, акардеону тамшандырып адамды, жакшы адамдар жолугуптур, история деп койсо болот мындайды.

**МАМАТ:** Мени тааныгандарга ырахмат, көңүлүмдү көтөрүп койдуңар мени мактап.

**КАЛЫЙБЕК:** Эй туугандар, карап турбайлы, жүргүлө кеттик, чогулуп ырдайлы! (Караандар узайт. Сахнада Рыспайдын обону жаңырат.

## КӨРҮНҮШ

Класс ичи. Бир топ кыздар. Айрымдары китеп окуп, айрымдары сүйлөшүп отурушат. Сырттан Давлет кубанычтуу кирет. Ал бөлмөнүн ичин кыдырып чуркап чыгат.

**ДАВЛЕТ:** Кыздар, кыздар дейм, бир жаңылык!

**КЫЗДАР:** Бир жакшы иш бар го, киргениңе караганда шашылып.

**ДАВЛЕТ:** Сүйүнчү берсеңер айтайын, болбосо айтпаймын.

**ҮН:** Сүйүнчү элеби аларың, аны азыр эле беребиз.

**2-ҮН:** Айтчу болбосоң аны өзүбүз эле иликтеп билебиз.

**ДАВЛЕТ:** Бизге практикант мугалимдер келиптир, алардан директор агай бизге да бөлүптүр.

**КЫЗДАР:** (чогуу) Качан келишиптир?

**ҮН:** Алар менен азилдешип, кудай бизге бериптир.

**ДАВЛЕТ:** Бүгүн келишкен го сыягы, аларды агай деп айтышка деле ооз барбайт, биздей эле курагы.

**ҮН:** Бизге бөлүнгөнү ким экен, кары бекен жаш бекен?

**ДАВЛЕТ:** Билгениме караганда, бизге бөлүнүптүр Рыспай, анан дагы бир агай, жигиттер экөө тең суйкайган сулуу айдай.

**ҮН:** Кайсы Рыспайды айтып жатасың?

**ДАВЛЕТ:** (толкунданып) Кайсы Рыспайды айтмакмын, обончу Рыспайды айтып жатамын.

**КЫЗДАР:** (бир добуштан) Давлөт чынбы, келгенде өз көзуң менен көрдүңбү Рыспайды?

**ДАВЛЕТ:** Силерди канча жолу алдадым айткыла? Ишенбесеңер тиги терезеге барып карагыла.

(Кыздар терезеге барып сыртты карашат. Давлет аларга Рыспайды көрсөтүп).

**ДАВЛЕТ:** Тиги колунда журналы бар Рыспай, анын жанында тургандары кошо келген агайлар.

**КЫЗДАР:** Ишендик Давлет! (Рыспайдын өң келбетине суктана карашкан кыздар көздөрү жоодурап) Сулуу экен Рыспай, жүрөк терметкен ырына суктансак, өзү дагы сулуу тура ырындай. (Кыздар орундарына келип отурушат).

**ДАВЛЕТ:** (шоктонуп) Жүрөгүмө чок салды, келбей туруп Рыспай, кыз жүрөгүнө чок салган, жигит бар экен ушундай.

**ҮН:** Сүйөөргө эле жигит таппай турган экенсиң?

**2-ҮН:** Көрбейсүңөрбү Давлеттеги сүйүүнүн беленин.

**ДАВЛЕТ:** (ого бетер эргип) Сүйө турган жигитти сүйүш керек, андай жигиттин ысыгына, суугуна күйүш керек, бүгүн чынын айтсам жүрөгүм элеп-желеп.

**КЫЗДАР:** Сен го жыргап сүйүп атасың аны, кандай болдуэкен үй-бүлө жагы?

**ҮН:** Үй-бүлөсү болгон экөн, азыркы учурда бой жүрөт дешкен.

**ДАВЛЕТ:** (теригип) Үй-бүлөсү болсо эмне экен, сүйүшкөн эки жүрөктө күнөө бекен, жаш тандабайт сүйүү дөген, бул сөз айтылып келет эзелтеден.

**КЫЗДАР:** Рыспай дартыбызды билээр бекен? Арабыздан кимибизди сүйөөр экен? (аңгыча Давлет терезеге барып карап, шашылып бери басат).

**ДАВЛЕТ:** Келатат бизге Рыспай, тымтырс боло калалы унчукпай.

**ҮН:** Давай ошентели кыздар, учур келди ырчыны сынаар. (журнал көтөргөн Рыспай кирет).

**РЫСПАЙ:** Саламатсыңарбы кыздар?

**КЫЗДАР:** (токтоо) Саламатчылык агай (Рыспай журналды столго коюп, окуучуларга көз жүгүртөт).

**РЫСПАЙ:** Тынч олтурат окшойсуңар аябай, өзүмү тааныштырсам аты-жөнүм Абдыкадыров Рыспай.

**КЫЗДАР:** Өзүңүздү көрбөсөк да атыңызды билебиз агай.

**РЫСПАЙ:** (толкунданып) Рахмат билгениңерге атымы, урмат кылып сыйлаймын баарыңы.

**ДАВЛЕТ:** (кыздардан озунуп) Агай, канча болосуз биз менен?

**ҮН:** Таанышпай туруп айтчу беле анысын агай деген.

**РЫСПАЙ:** (шашылып) Мени айып этпегиле кыздар, көпкө болом, силер каалап жактырсаңар. (жыргап күлөт).

**КЫЗДАР:** (тамашаны күчөтүп) Анда кетирбейбиз агай, биз менен болосуз такай.

**ДАВЛЕТ:** (Рыспайга тийишип) Азыр толкунданып атсаңыз керек?

**ҮН:** Агайдын толкунданганын ушул Давлет билет.

Давлет: (теригип) Билсе билээрмин, ошондой сезгич жүрөгүм!

**РЫСПАЙ**: Силердей жароокер, силердей сулуу кыздар менен болуу, Рыспай үчн арзуу, керек болсо силерге жүрөгүм тартуу!

**ДАВЛЕТ:** (назданып) Жүрөгүңүздү азыр бизге берсеңиз, анда кантет, ардактаган жеңебиз?

**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) Бул кыз оңой эмес көрүнөт.Өзү сулуу, жүзүнөн нур төгүлөт. (Давлетке карап) эми болот жеңеңер, той болгондо көрөсүңөр келсеңер, кечиргиле сүрдөп кетип, аша чапсам мен эгер?

(Кыздар шыбырашат).

**КЫЗДАР:** (өз ара)Бойдок экен, укканыма караганда үйленгөн дешкен.

**ҮН:** Үйлөнсө айтпайт беле?

**2-ҮН:** Анын кимге кереги бар эле?

**РЫСПАЙ:** Тынчтангыла кыздар, сабак баштайлы, башка сөздү таштайлы. (журналга үңүлөт). Кайсы теманы өттүңөр эле ырдан.

**ДАВЛЕТ:** Өткөндө өткөнбүз нотаны ыр сабагынан.

**РЫСПАЙ:** (шайыр) Ырдай аласыңарбы анан?

**ДАВЛЕТ:** Кем калбайбыз го ал жагынан.

**КЫЗДАР:** (чуулдашат) Агай, андан көрө ырдап берсеңиз, ыр угуп, жазылсын керибиз.

**РЫСПАЙ:** Адегенде өзүңөр ырдагылачы, анан кезекти мага ыйгаргыла, көрө жатаарбыз кезек келсе ырга. (Давлетке карап) Карындашым сенин атың ким?

**ДАВЛЕТ:** (уялыңкы) Давлет.

**РЫСПАЙ:** (көңүлү эргип). Давлет, атың сонун адамды эргитет, атыңа шайкеш, жылуу сезим, жакшы ниет.

**ДАВЛЕТ:** (тийишип) Жигит болгонуңузга карап чоюлган, сиздин атыңыз да жакшы коюлган.

**РЫСПАЙ:** (күлүп) Айтканыңдын баары эп, шайыр экенсиң Давлет.

**КЫЗДАР**: (шаңдуу) Агай айтканыңыз болсо эп, адегенде ырдайт биздин Давлет. (Давлет ырдайт, кезек Рыспайга келет). Ал "Алмашым" аттуу ырын ырдайт. Кыздар шыпшынып угушат.

**ДАВЛЕТ:** (өзүнчө) Ушул жигитке пар болсом, түбөлүк жар болсом, өзүмдү бул жашоодо бактылуумун деп ойлойм. Баса, бул оюму агай угуп калса, уят ко? (Уялып бетин басат).

## КӨРҮНҮШ

Чакан бөлмө өзүнө ылайык жасалгасы бар. Трюмо күзгү. Күзгү алдында Давлет чач жазылуу, жасанып, түзөнүп аткан болот. Эшик тыкылдайт. Давлет уялып кетип, ич көйнөктүн сыртына халатын кие салып, эшикти ачат.

**ПОЧТОЧУ АЯЛ:** (тамашалап) Көрүнбөгөнүңөн кирдим эле, сулууланып жасанып атса керек деп билдим эле.

**ДАВЛЕТ:** (сыр бербей) Коюңузчу эжеке, жасанмак элем эмнеге?

**ПОЧТОЧУ:** Жасанса жасана турган чагың, суктандыра турган келбетиң бар баарын.

**ДАВЛЕТ:** Мактап жибердиңиз эжеке (күзгүгө жакындап, жүзүн карап) сулуумунбу чын эле?

**ПОЧТОЧУ**: Ай, ай сиңдим, сен өзү кимсиң? Бул чөлкөмдө сендей сулуу барбы, ушул жагын билгин (ал Давлеттин келбетине суктанып, Давлетти айланып басат).

**ДАВЛЕТ:** (толкунданып)Ай, ким билет, өзүмө сулуулугум билинбейт.

**ПОЧТОЧУ:** Чунак кыз десе, сулуумун деп өзүңө-өзүң мактанмак белең, кыз көркүн, көрө билет, баалай билет жигит деген, ушуну да билбей калчу Давлет бекен?

**ДАВЛЕТ:** (күлүп) Көңүлүмдү көтөрүп койдуңуз, баса сизге чай ичиң деп айтпапмын, торгө чыгып отуруңуз, тездик менен тамак жасай коеюн.

**ПОЧТОЧУ:** Сиңдим тамакты жээрмин, андан көрө, сүйүнчүңү даярда, бир нерсе алып келдим.

**ДАВЛЕТ:** (жаркылдап) Эжеке, алып келгениңиз эмне, болобу аны көрсө?

**ПОЧТОЧУ:** Көрсөтөмүн сүйүнчүсү өнсө.

**ДАВЛЕТ:** Болот сүйүнчүсү. (Үйдүн ичинен сүйүнчүгө буюм издейт). Ушуну болсо да алыңыз, бекитип жүргөн сүлгү.

**ПОЧТОЧУ:** (Шаңкылдап күлүп) Мунун оюна койсо... сүлгү менен алдагысы келип турат мени болсо, мунуңа көнбөймүн, апкелгенимди бербеймин!

**ДАВЛЕТ:** (чындап) Аз көрсөңүз сүлгүнү (Халатынын чөнтөгүнөн акча алып сунат) кошуп алыңыз муну.

**ПОЧТОЧУ:** (өзүнчө) Мен эмне болуп жатам, ушуга жеттиби тамашам? (анан Давлетке карап) ай сиңдим, тамашалап койдум, мага минтип сүлгү бергениңди койгун, зеригип кетип сени менен божураштым (ал сумкасын аңтарып, катты таап чыгып, Давлетке сунат) сага мынабу белек!

**ДАВЛЕТ:** (таң калыштуу катты колуна алып) Ырахмат эжеке, жакшы жышаана сезилген, сиз үйгө киргенде (катты көкүрөгүнө басат).

**ПОЧТОЧУ:** (өзүнчө) Бой жеткен үкаларим болсо, колдон чыкпай турган кыз эле, көз тийбесин көркү менен келбетине, бир жагы кубанып, бир чети ичим ачышат, буга минтип кат келгенине (анан Давлетке кайрылып) О кокуй көп отуруп калган турбаймынбы, бара турган жерге барайын, иштеримди бүткөрөйүн (кетүүгө камынат, Давлет нан алып чыгып ооз тийгизет).

**ПОЧТОЧУ:** (колун жайып) Бактың ачылсын айланайын, теңиөи таап, бактылуу жаша дайым! (бата кылат).

**ДАВЛЕТ:** Айтканыңыз келсин эже, (анан тамашалап) Сизге кудай кубат берсе, алып келип, берип турсаңыз мага кат келсе!

**ПОЧТОЧУ:** (жыргап күлүп) Күн сайын келсе, күндө апкелем, андан көрө жигиттерге көбүрөөк кат жаз десең... (күлөт).

**ДАВЛЕТ:** Эже сиз айткандай жигиттерге заказ кылам, алардан тынбай кат алып турам. (Күлүшөт, почточу кетет. Аны Давлет узатат).

Бөлмөдө Давлет өзү калат. Анан ал стол үстүндөгү конвертти колго алып, аны айланта карайт. Кимден келди,

ким жазды? Ушул жагын ойлоп, дене бою ысып, конвертти ачууга аракеттенет, колдору титирейт. Бул кат кимден? (өзүнчө) Кимден келмек эле бул кат, мага азырынча табышмак? Катты ачкыча негедир эле жүрөгүм алып учат. Кимден экенин тили болсо кат небак айтмак. (ал катты өтө этияттык менен ачып, тыкан бүктелгөн шуудураган ак кагазга үңүлүп, катты окууга киришет).

**ЭРКЕКТИН үНү:** Давлөт, бүгүнкү замандашыңдын бактысы бардай, өзүңө кат жөнөтүп жатып, ушуну ойлоду агаң Рыспай. (Давлет каттын ушул жерине келгенде денесин ток ургандай, каны дүргүп башына чыкты. Далайга дендароо болуп турду. Кат колунда титиреди. Анан ал өзүнчө:

**ДАВЛЕТ**: Мына бул турган катты колумдагы, Рыспай агай жөнөтүп отурабы, мен мындай болоорун билип жүргөмүн. Сезимге бүлүк салчу, агайдын сырдуу көз карашы. (Эч ким жокпу дегендей ал эки жагын каранып) келип турган бул кат, чынын айтсам бакыт кушу жолумдагы (катты улап окуйт)

**ЭРКЕКТИН үНү:** Билгөн жанга көп кыйналдым. Сен аны сезбедиң, адатыңча шаңкылдап күлүп, жайнадың. Сен күлсөң, жаркылдасаң, жан дүйнөм өзүнчө жыргап турчу. Сен сезбейт элең муну. Сага деген самоом күч, көргүм келип утуру. Мен мынчалык сүйүүгө кабылам деп ойлобопмун. Сунганда кол жетпесе сүйүү дарт, сүйүү азап! Сүйүүгө кол жетсе ал гүлдөйт, кулпурат. Сүйүүдөн улам жүрөктөр табышат, сүйүүдөн улам өмүрлөр, жагылат. Кечир мени алтыным (мынтип айтканым үчүн). Сүйүүнүн философиясын чакпайын, болгонун болгондой айтайын. Мындан ары жашоодо бир бололу десең, колуңдан кармайын. Жүрөктүн ардактаган улуу сезимин өзүңө гана арнайын!

(Давлет катты колуна кармап саам үнсүз тунжурайт).

**ДАВЛЕТ:** (өзүнчө) Кыз кишиге кызыкдар болот көбү, суйсалып бою, суйкайса өңү, кат жазып жатпайбы минтип, ашык болуп агайдын өзү. Өзүм дагы агайды жакшы көрчүмүн. Аны кимдир бирөөлөрдөн тымызын кызганып, аны эч кимге билдирбей жүрчүмүн. Анымы кимге билдирип, кимге айтмакмын? (нары бери басып). Агай, бул турмушта сиз

менен түбөлүккө бир болууга чын дилден даяр карындашың, бир езүңө тең болоор кыз да болсо башым! (Рыспайдын ырынан кыңылдап ырдайт).

### КӨРҮНҮШ

**БӨЛМӨ**. Ортодо столго окшош нерсеге Рыспай кагаз коюп, ага бир нерсени жазып, чийип кайра ойлоно түшөт. Кээде көөнү ачылып алакандарын ушалап, кыңылдап ырдап, ошол замат, кагазга үңүлүп, жазып, чийип кирет. Рыспай (өзүнчө) Аманчылык болсо, обон чыкты. Обонду обон кылган, ырдын текстти мыкты. (обонду кайталап кыңылдайт. Ал обонду кайталап бүтүп). Адам байкуш өз сүйүүсүн издеп көлет, өмүр бою издей берет. Акынбы, музыкантпы, жөн адамбы ар биринин башында бар өз азабы ал сүйүү, ал махабат, аны эч ким чана албайт (эргип). Мен дагы сүйдүм, ага татыйбы, татыбайбы сүйдүм.. Сүйгөн кызым мына бул ырыман билсин, "Жолугарым сага билгемин" деген ырын ырдайт. (ошол учурда райкомдун катчысы кирет).

**КАТЧЫ:** (какшыктап) Кандайсың Рыспай баатыр, кийинки күндөрү көрүнбөй кеттиң да такыр!

**РЫСПАЙ:** Кимге көрүнмөк элем, ушул жерде эле жүрөм!

**КАТЧЫ:** Жүргөнүңү го билебиз, сени таппай качантан бери издеп жүрөбүз.

**РЫСПАЙ:** (жактырбай) Зарыл иш бар беле?

**КАТЧЫ:** (Рыспайдын моюн толгогонуна жини келип) Зарыл иш бар эле, даярданышың керек концертке? Эртең обкомдун биринчиси келет бизге!

**РЫСПАЙ:** Биз ырдап тосуп алабызбы биринчини?

**КАТЧЫ:** (жинденип) Эй обончу, тамашаны коелу, иште иштей бололу?

**РЫСПАЙ:** Мен тамашалаган жокмун, айттым болгонун.

**КАТЧЫ:** Ырда дегенде ырдайсың! Кызматың ошо, сөздү кыскартып жүргүнүң, мени менен кошо!

**РЫСПАЙ:** Кечирип коесуз! (Жини келип, нары бери басат) эч жакка бара албайт экемин. Айдаган жакка кетчү бекерчи эмесмин!

**КАТЧЫ:** (кекерлүү) Бул эмне дегениң, түшүнбей калдым сөзүңүн төркүнүн!

**РЫСПАЙ:** Түшүнбөй каласыңар, жаныңарга ачуу сөз тийсе, момураган баласыңар!

**КАТЧЫ:** (каары келип) Эй жигит! Тил деген сөөгү жок болот, ушул сөздөрүң, айланып келип башыңа келтек болот. (Рыспайды жекире карап) сага ким экенимди таанытышым керек экен, сөзүмө туруп бекөм!

**РЫСПАЙ:** (айтканынан кайтпай) Ал өз ишиңер, ансыз деле мага белгилүү ким экениңер!

**КАТЧЫ:** Ушундай де! Билгич болуп калганыңы кара, мындан кийин өзүңдү иште жокмун деп сана!

Анан көрөм демиң канча! (Катчы катуу басып чыгып кетет. Рыспай ачуусу тарабай ордунда турат).

**РЫСПАЙ:** Ушундай адамдар бар арабызда көкүрөгүн жарык кылар тырмактын агындай билими жок туруп, жетип алган тааныш-тамыр менен кызматка. Дал ошолор балта чабат тамырыбызга. Алардан арылууга арга жок. Коомубуздун бардык жеринде дал ошол адамдар чырмооктордой оролушуп алышкан. Өсүп бараткан эгинди чырмоок кандай чырмалып, аны өстүрбөй, саргайтып кууратат, турмушта чала сабат адамдар асыл адамдарга жаман, ыплас иштери менен көө жабат.

Ойлоп көргүлө, акылга сыярлык ишпи? Торпок туулса деле, Рыспай барып ырдаш керек, чеп жакшы чыккан жерге барып деле Рыспай ырдаш керек? Бир чала сабат чиновник курсагын тойгузганы келсе, ал жерде да Рыспай ырдаш керек? Кара мүртөс адамдарды көрүп туруп, турмушту өлө жек көрүп кетем. Ырда Рыспай дегенде жакшы. Сурап койгон чоң болсо абалыңды, жардан боюму таштайт элем! Бизде али бери жан дүйнөнү, талантты адамдагы жакшы касиетти учурунда баалай билген мамлекеттик жетекчилер чыгарына көзүм жетпейт. Ушунун баары өкүнүч эмей эмне? Тирилик дөп жүрүп, жашоонун маңызын билбей өткөн пенде канча? Курсак тойсо, кызмат болсо, өзүбүздү кудайдан кем санабайбыз көр пендө! (Рыспай кыжаалат ойдо турганда сырттан Сүйүнбек кирет).

**СҮЙҮНБЕК:** Досум Рыке барсыңбы, көптөн бери көрүнбөй, досуңу сагындырып салдыңбы?

Рыспай: (ачуусун ичине катып) Сүкө кел, өзүң да амансыңбы, көп жүрүп алдың, көрсөтпөй караанынды, бүгүн

эле ойлодум өзүңү, кантсе да жолдошчулук тынчытпайт экен санааны! (экөө кучакташып көрүшөт).

**СҮЙҮНБЕК:** Өзүң билесиң, иштин көп экенин, командировкадан кечээ келдим.

**РЫСПАЙ:** Ишиңер көп билемин. Баса кай жерде болдуң, ошону билейин?

**СҮЙҮНБЕК:** (чери жазылып) Адегенде Алайда, анан Кадамжайда, анан Карасууда.

**РЫСПАЙ:** (бир алдын сынап, ары тамашалап). Түштүктү түрө кыдырып коюпсуң досум, ушундай сапарларың байсалдуу болсун! (анан ал Сүйүнбекке башын жакындатып) сый жагы кандай болду?

**СҮЙҮНБЕК:** Ал жагы беш, мен айтсам, сен ишенбейсиң.

**РЫСПАЙ:** Кантип ишенбейин.

**СҮЙҮНБЕК:** (мактанып) Жүргөн жерибиз күндө той, күн сайын союлуп атты экиден кой, арак, кымыз, жандамайыбыз жалаң келин-кыз!

**РЫСПАЙ:** (какшык аралаш) Доор силердики болгон турбайбы?

**СҮЙҮНБЕК:** Өлбөгөн жанга ойноп күлүш керек экен Эки-үч күндө туруп Кетмөн-Төбөгө сапарга кетем. Ал жакта да жумалап туруп келем. (баш бармагын чычайтып) Досум, биз барган жерде баары белен, андан көре баргың келсе, чоңуң менен сүйлөшүп ала кетейин.

**РЫСПАЙ:** (өңү өзгөрүп) Мен деле самайм куштарланып көңүл ачканды, ким жаман көрөт курсак сылап, жыргап жатканды, бирок билесиң баскан турганымы сындап, сары изиме кезөмөл салганды!

**СҮЙҮНБЕК:** Өзүңү билбеген менен, айыл аралап ырларың ырдалат экен. Көрө албагандар андай-мындай дейт экен. Анткен менен алардын сөзү шоона эшпейт, суу кечпейт!

**РЫСПАЙ:** (тамашалап) Мен бара албайм. Андан көрө бир сумке камдайм, ошону берем, ошол сумкеге жеген ичкениңден сала келсең?

**СҮЙҮНБЕК:** (карсылдап күлүп) Көтөргөнүмчө ала келейин (анан күлкүсү тыйылып, өзүнчө)бул эмне деп жатат, мен буга тамак ташып келет экемин да, ырдап койсо, өзүн өөдө көрөт тура, мен ким экемин көрсөтөйүн буга.

**РЫСПАЙ:** Оой, Сүкө, сени эмне ой басты?

**СҮЙҮНБЕК:** (чочуп) Оюм чалды-куйду боло калбадыбы.
**РЫСПАЙ:** Кыйтыйма адатың бар эле.
**СҮЙҮНБЕК:** Кыйтыйса кыйтыйам да!
**РЫСПАЙ:** (өзүнчө) Тамактын кулу болгон жаман, жеген тамагына эмне дейсиң мактанганына анан. Баса жөнөшүңөр качан?
**СҮЙҮНБЕК:** (жакшы тамакты эстеп) Бүгүн бир аяштын туулган күнү, болобуз ал жерде түнү, жолго чыгабыз бүрсүгүнү.
**РЫСПАЙ:** Жакшы баргыла, элдин көңүлүн алгыла. (Сүйүнбек менен коштошуп кетүүгө камынат).
**СҮЙҮНБЕК:** (Өзү калып) Бул дегениң эмнеге эле кыйынсынат? Көрсөм ойлоп, түзүгүрөөк кийими да жок. Анан эле оюю бийик. Бечара, менден өзүн жогору койгусу келет. Менин жыргап жүргөнүмдү да көрө албайт. Рыспай менин алдымда ким? Мен дегенди чоңдор тааныйт. Аларга баркым бар. Алар эмне десе аткарам. Рыспайчы, чынчылмын деп керсейет. Анын чынчылдыгын ушул заманда ким уруп ойнойт? Бул шордуу баарына кыр көрсөтөм деп сыйурматтан кур жалак калды. Керсүн дагы! (чыгып кетет).

## КӨРҮНҮШ

**ЖАСАЛГАЛАНГАН БӨЛМӨ.** Пианинонун баскычтарын баскылап, Рыспай жаңы жазган обонун кайталап отурат. Бир убакта кубанып кетет.
**РЫСПАЙ**: (нары-бери басып) Таптым! Таптым! Ушул обондун жаралышына далай убактым кетти го. Жолу аябай катуу болду. Болбосо бир топ обондорум тез эле жарала калчу. (Кайра отуруп пианинону ойноп баштайт. Тулку бою эргип, обонго сүңгүп барат).
(Сырттан Давлет кирет).
**ДАВЛЕТ:** Ай абышка, (Рыспайды эркелетип ошентчү) Күтүп атып акыйдым, муздап калды бышкан тамагым. (Рыспай Давлеттин сөзүн укпайт. Пианино ойногонду уланта берет).
**ДАВЛЕТ:** (Рыспайды бир карап туруп) ай, абышка, тынчыңды алайын, муздап калды го ичээр тамагың.
**РЫСПАЙ:** (пианино ойногонду токтотуп, Давлетке жайдары карайт) Алтыным мени куттуктап койчу, жараткан обонум жагымдуу болду!

**ДАВЛЕТ:** (кубанып) Жаралса эле обонуң, биринчи угуучуң болоюн! Куттуктайм абышка, (Давлет Рыспайды кучактап бетинен сүйөт) ойноп көрчү угайын.

**РЫСПАЙ:** (кубанычтуу) Ушул обондун чыгышы кыйын болду, ишенесиңби эзип бүттү эле жанды, акыры келип байбиче ийине жетти. (ал пианиного колун коюп жатып) Бул обондун сөзү, Карымшак достуку, темасы "Сагынуу". Ойной баштайт. Давлет берилип угат. Үйдүн ичин бир аппак сүйүү каптап келе жатты. Ага Давлет магдыраса, бир жагынан чочуду. Рыспайды канатынакондуруп учуп кетсечи. Ошону ойлоп селт этти.

**ДАВЛЕТ:** (чындап кубанып) Көптөн берки эмгегиң, куттуктаймын үзүрүн бергенин!

**РЫСПАЙ:** (ойлуу) Мен үчүн, сен үчүн жакшы обон жаралды. Ал эми кабыл алыш угуучунун талабы.

**ДАВЛЕТ:** (Рыспайдын ийинине колун коюп) Ушул обон зоболоңду көтөрөт, Рыспайды, Рыспай деп эл билет. (Ал эркелетип Рыспайдын чачынан сылайт).

**РЫСПАЙ:** Давлетке эркелеп, саамайларынан сылап – алтыным сен бар үчүн жанымда, бактылуумун дагы да! Баса Сюта кана?

**ДАВЛЕТ:** Жанараакта уктады эле. Рыспай керебетте уктап жаткан кызын эркелетип.

**РЫСПАЙ:** (элжиреп) Жарыгым, көпөлөгүм, эрмегим, бөпөлөөрүм, ата-энеңе бакыт берип ылайым аман жүргүн! (Эшик такылдайт. Рыспай эшикти ачып сырттан Жолон кирет).

**ЖОЛОН:** (жайдары) Тынч-аман турасыңарбы, көрүшпөгөнүбүзгө көп болуп калды, силерге келгенче санаам тынч албады.

**РЫСПАЙ:** (кучагын жая) Жоке, кайсы шамал айдап калды, бизди да сурай турган сендей достордон барбы? (экөө кучакташып көрүшөт, Жолон Давлетке карап).

**ЖОЛОН:** (жайдары) Аяш ден соолук жакшыбы, бизди тааныбай деле калдыңар чамасы.

**ДАВЛЕТ:** Ырахмат аяш, ден соолук жакшы, өзүңүздөн сурасак, үйдөгүлөр тынчпы, Меңди жүрөбү?

**РЫСПАЙ:** (сөзгө кошулат). Аяшты сурабай калыпмын Жоке, аман-эсен жүрөбү Меңди, ал эмнеге келбеди?

**ЖОЛОН:** Келе калдым иштен бери, менин бул жакка келгенимди, билбейт Меңди. (Рыспай Жолонду төргө өткөрүп, отурушат. Давлет дасторкон алып келип салганы сыртка чыгат).

**РЫСПАЙ:** (Көңүлү көтөрүңкү) Кубанычымды кимге айтсам деп турдум эле, кубанычка ортоктош болдуң Жоке!

**ЖОЛОН:** (астейдил) Кандай кубаныч айтчы?

**РЫСПАЙ:** Бир обон жараттым, угуп алчы (пианинодо ойной баштайт) Жолон кунт коюп угат.

**ЖОЛОН:** Рыспай дос, куттуктайм, шумдук обон жаратыпсың, ыргагы да өзгөчө, сүйүү деп боздойт, от жагып жүрөкке.

**РЫСПАЙ:** (токтоо) Угуучу сынайт ко баарын, Жоке ошондо көрөрбүз ыр баркын (чай көтергөн Давлет кирет).

**РЫСПАЙ:** Жолон чай ичели, анан жай сүйлөшөлү. (Давлетке карап) Алтыным, тамак жаса, ага чейин алып кел бирдемең болсо (Чай ичишет. Давлет чыгат).

**РЫСПАЙ:** Жоке нан, чайга кара, көрүшпөй деле калдык баса.

**ЖОЛОН:** Ооба, ошондой болду (ойлуу) сени наамга көрсөтүп, татыктуу деп борборго жибергенбиз. Жакшы жагынан күткөнбүз. (унчукпай калат).

**РЫСПАЙ:** (каштары жыйрылып) Жоке, элиме ырдап келе жатам, жаманбы, жакшыбы, мен ошого сыймыктанам. Бийликтегилер наам бербесе бербесин, менин бактым ошо, көрөңгөлүү элим билсе.

**ЖОЛОН:** Үч-төрт обон жаратып, наамга умтулгандар канча. Ал эми эмгекти баалай билүү бул башка! (эшиктен Давлет бөтөлкө, рюмка, закуска салынган подносту көтөрүп кирет).

**ДАВЛЕТ:** (тамашалап) Рыспайдын илхамы келип, эч жакка чыкпай иштеп аткан чагы. Эки аптадан бери эч кимге жолукпай, зеригип турган маалы.

**РЫСПАЙ:** Асылым, аны-мунуңу коюп, алдыңдагыны куй. Жоке, экөөбүз көрүшкөнүбүз үчүн алып жиберели. Анан ич кызып, божурашып сөзгө өтөлү.

**ЖОЛОН:** Рыке, езүңдөй жан дүйнөсү оргуган, адам менен бирге болуу, бакытко дейм чыны. (Давлет рюмкаларды толтуруп, экөөнө сунуп, закуске даярдай баштайт. Рыспай менен Жолон каалоолорун айтып, рюмкаларды тийиштирип алып жиберишет).

**ДАВЛЕТ:** Силер жай отургула, бир чер жазып бугуңарды чыгаргыла. Ага чейин тамак жасай коеюн, анан силер менен бирге болоюн. (Давлет чыгып кетет).

**РЫСПАЙ:** (закускөдөн алып жеп жатып), Жоке билесиң бул жарыкта сенин көз алдыңда жашап келем. Мүмкүн менин ырларым үчүн мени элим баалар. Анысына көккө жетет төбөм.

**ЖОЛОН:** Сенин дидарыңа көрүүгө канчалар зар, арасында суйкайган сулуулары бар.

**РЫСПАЙ:** (сөздү бөлүп) Ойлошот көбү, Рыспайга жыргал таң аттырып, кеч киргизип жыргап жүрөт ыр-күү менен деп. Рыспайдын ичи толо арман экенин бирөө жарым билеби? Билбейт! Уулду болсом деп кыялым тилейт. Бирок бул ойго келбей турган маселе, бул арманбы, арман эмей эмине?! Өзүм ооруп көптөн бери догдурда каттоодо турам, бул арман эмей эмне!? Рыспай, Рыспай болуп аталганы менен дубалы таштан тургузулган бир бөлмөдө жашап келем, бул арман эмей эмне!? Ырларың ырдалып жүргөнү менен маданиятка азбы, көпбү салым кошуп жатасың, абалың кандай Рыспай деген атка минерлердин бирөөсүнүн да сөзүн укпадым. Бул Рыспай үчүн арман эмей эмине!?

**ЖОЛОН:** (сөздү бөлүп) Рыке, армансыз адам болбойт көңүлдү чөгөрбөчү, андан көрө баарын эстен чыгарып, маанайды көтөрөлү! (Рюмкаларды Жолон толтуруп, алып жиберишет).

**РЫСПАЙ:** Мен эмнеге капамын, көрөалбастыктан качан арылабыз. Жанагы галстук тагынып, шляпа кийген чоң сөрөйлөрдүн көбү тупой, көкүрөктөрү караңгы, ошолорду көрүп, жаным кашаят, ошондой адамдар коомдун азабы!

**ЖОЛОН:** Мындай тардык билбейм, жакын арада калабы?

**РЫСПАЙ:** Калбайт! Калса калаар эле эмгиче. Канча мыкты адамдарыбыз курмандыгы болду көреалбастыктын.

**ЖОЛОН:** Туура! (ойлонот) Рыке сөзүңү бөлөйүн. Бир ыр жаздым эле, ошону сага берейин. Эгер жарактуу болсо, обонго салсаң дегеним.

**РЫСПАЙ:** (ичи кызып). Ой Жоке, сен жазган ыр кантип жарабайт, кыргыздын кыйырына таанылган болсоң акын, келе берчи окуюун.

**РЫСПАЙ:** (Кагазды карап) Темасын куп келтирип койгон экенсиң "Издейм сени". (эргип) Издеп жүрүп, чарчай турган деле болдук Жоке. (шаңдуу күлөт).

**ЖОЛОН:** (күлүп) Эңсөө өзүбүз менен кошо кетет, ага чейин жан дүйнөбүздү эркелетет.

**РЫСПАЙ:** (кыялы алып-учуп, ордунан турат) Абдан туура. Адам сагынып келет, мындан ары да сулууну сагына бермек. (Рыспай Жолондун ырын окуп чыгат, Жолондун ырынан бир сапты кайталайт.)

... Акпы көкпү, кызыл беле жоолугуң! Кандай сонун ыр колума тийди! Сулуулар, ой сулуулар! Эңсетип, саргайтыңар го ар жанды! (нары бери шаңдуу басып) ушул ырга обон жаратып, угарманга жеткирип багын ачайын.

**ЖОЛОН:** Текст жакса, обон төп келип калса, экөөбүздүн эле эмес, элибизге чоң пайда.

(сырттан Давлет кирет).

**ДАВЛЕТ:** Тамак даяр болуп калды.

**РЫСПАЙ:** (ичимдикке маанайы көтөрүлүп) Алтыным, сен бар үчүн Рыспайдын дүйнөсү түгөл, чынбы? Анда эмесе алып кел тамагыңы! (Давлет чыгат).

(Рыспай менен Жолондун сүйлөшүп жаткан караандары алыстайт).

## КӨРҮНҮШ

**БАК-ШАКТУУ ҮЙДҮН КОРООСУ.** Бокендин нары-бери баскан караанЫ көрүнөт.

**БОКЕН:** (өзүнчө) көрүшө элекпиз көптөн бери, Рыспай үкамин ден соолугу кандай болду экен деги, тез-тез ооруп, доктурларга көрүнүп турчу эле. Кабарын да биле албай, же өзүм да Ошко саатын таап бара албай, алдастаткан турмушуң бул кандай? (ушул учурда сыртта ит үрүп басылат. Бокен оюн улап) Жыйыштырып салып бардык ишти, эртең жөнөйүн, көрүп келгени Рыспайды (сырттан Рыспай, Давлет, кызы Сиюта киришет. Аларды көрүп Бокен сүйүнүп кетет).

**БОКЕН:** Кайдан адашып, кубанычка бөлөдүңөр агаңдын кабарын билүүгө шашып, келгиле, айланайындар келгиле!

**РЫСПАЙ:** Аман турасыңарбы аке, кабар алууга дегеле чоло жок, бир бутубуз үйдө, бир бутубуз иште.

**ДАВЛЕТ:** Аман болсоңуздар, биздин кубанычыбыз бактыбыз, ошо эмеспи.

**БОКЕН:** Кызым Сиюта оорубай-сыркабай жүресүңбү, окууларың жакшыбы? (Сиютаны эркелетип чачынан сылап, пешенесинен сүйөт).

**СИЮТА:** (авасына эркелеп) Ава, сизди сагындым. Биздикине келбей койдуңуз. Биз болсо сизди келет деп эле күтүп жүрдүк.

**БОКЕН:** (шашкалактап) Кызым, ал айтканың туура, силерге барам деп даярданам, анан эле убакыт таппайм барууга.

**РЫСПАЙ:** Сиютанын айылга келгиси көле берет, айылдагы жашоону жакшы керет.

**ДАВЛЕТ:** (Сөзгө аралашып) Жеңем кайда, көрүнбөйт да?

**БОКЕН:** Ушул жерде жеңең (үн салат) О байбиче кайдасың (көп өтпөй Бокендин байбичеси кирөт.

**ДАВЛЕТ:** (абысынына карап) Кандайсыз жеңе, оорубай, сыркабай жүрөсүзбү, колу-коңшулар тынчпы?

**АБЫСЫНЫ:** Кудайга шүгүр, жакшыбыз, өзүңөр аман-эсенсиңерби, келип калабы деп көп күттүк силерди.

**РЫСПАЙ:** Аке-жеңе, бала чакаңар менен аман-эсен экениңерди көрүп кубанып калдык.

**БОКЕН:** Бул тирүүлүктө жолугуп, амандыкты көрүп тургандан өткөн сый барбы (ал меймандарды сый орундуктарга чыгарып отургузат).

**БОКЕН:** (байбичесине карап) Байбиче тездеп кыймылда, дасторконуңду даярда, жол жүрүп чарчап келишти, нак айрандан суусундук камда!

**ДАВЛЕТ:** (озунуп) Жеңеми жумшасак уят, мен турам го, бизден болсун кызмат. (Давлет турууга камданат).

**АБЫСЫНЫ:** Анда болчу беле, чочугандай анда-мында бир келсеңер, копшолбой олтургула, төрүбүздө меймансыңар.

**БОКЕН:** Туура айтат байбичем, чарчадым дей элек, тамактын түрүн жасоо колунан келет.

**РЫСПАЙ:** (жайдары) Билем аке аны, таңдайыман эч кетпейт, жеңем жасаган тамактын даамы.

(Аялдар сыртка чыгышат. Бокен менен Рыспай калат).

**РЫСПАЙ:** (чын дилинен) Мейманчылап бардык эле Алайга, бир азга туруп калдык Алайда, ал жактан келе жатып, сизге учурашканы бурулдук, Кара-Кулжага.

**БОКЕН:** Мени эстегениңер жакшы, анан жакшы эс алдыңарбы?

**РЫСПАЙ:** (эргип) Бир укмуш керемет ко Алайдын суулары, тоолору! (Бир саамдан кийин) Алсырап турган тулкума күч кошкондой болду. Тыныккансып калдым.

**БОКЕН:** (санаасы тынчып) Шаардын ызы-чуу турмушу барбы, ооруга тушуктурат ар кандай жанды, барган жериңин шыпаасы тийип, ден соолугуңу чыңдап алчы. (Сырттан Давлет кирет. Колунда дасторконго коюлчу даамдар. Ал дасторконду жайып, даамдарды, чайды коюп чыгып кетет).

**РЫСПАЙ:** (нан сындырып, чайды куюп сунат. Чайдан ууртап, бир нерсени айтсамбы, айтпасамбы дегендей ойлоно калат. Аке, жашооңор кандай, айылдын турмушун айтып жатам ).

**БОКЕН:** Элдин турмушу үч-төрт жыл мурдагыга караганда оңолгонсуп калды. Адамдар мал көбейтүп, дыйканчылыкка бет буруп, кызыгып калышты.

**РЫСПАЙ:** (жанданып) Жакшы кабар бар экен, турмуш оңолуп, эл бай жашаса өлкө оңолот.

**БОКЕН:** (башын ийкеп) туура, эмгек болбой жол жок бай болууга. (Рыспайга карап) Өзүңүн чыгармачылык ишиң кандай болууда?

**РЫСПАЙ:** (ойлуу) Болуп жатат акырындап, жаңы обондор жазылып жатат. Обондорумдун келечеги кандай болот деп ой-санаага да батам.

**БОКЕН:** (Бая эле алынып келинген арактан рюмкага куюп, Рыспайга сунат) Үкам, сенин келишиңе деп алдырдым, алып жибер, бул деми болот чыгармачыл адамдын.

**РЫСПАЙ:** (рюмканы колуна алып) Аке, сыйыңызга ыраазымын. Жакшы жагын да жаман жагын да көп көрдүм арактын. Чынын айтайын аке, ушуну ичүүдөн тажадым. Ичпей койгон оң экен, тарткандан көрө азабын.

**БОКЕН:** Бул оюң жакшы, мага жакты.

**РЫСПАЙ:** (рюмканы дасторкон четине коюп) Аке, мен сизге бир нерсени айткым келип турат.

**БОКЕН:** Айт, айта гой угайын!

**РЫСПАЙ:** (бир азга мукактана түшүп, сөзүн улайт) Аке, билесизби, мен быйыл жарык дүйнедөн жол кезем!

**БОКЕН:** (чочуп) Эмне, эмне деп жатасың Рыспай, сенден сөз чыктыбы ушундай!?

**РЫСПАЙ:** Ажал аңдып калды, сизден кантип жашырайын мен аны. Эч ким кутулган эмес ажалдан. Жашпы, карыбы, ажалы жетсе бул жашоодон аттанган.

**БОКЕН:** (ынанып) Аның туура. Бирок иним, азыртан өлүмдү алба оюңа.

**РЫСПАЙ:** (өзгине колун койгон абалында) Менин сөзүм катуу тийсе кечириңиз (сөздү тамашага буруп) Сизди кантээр экен деп койсом, жаман ойго берилдиңиз.

**БОКЕН:** (көңүлдүү) Тамашаны кайдан билдим, жүрөгүн түшүрдүң акеңин.

**РЫСПАЙ:** (саатын карап) Көчтеп кетти убакыт, аке кайталык, дагы жолугаарбыз башыбызда болсо амандык.

**БОКЕН:** (карбаластап) Бир-эки күн туруп кетсеңер болбойт беле, туулган жердин абасынан жутуп кере, эс алат эле го чиркин дене.

**РЫСПАЙ:** (ойлуу) Аке, менин деле өюм ушундай. Ким каалабайт, көңүл ачып жүргөндү. Бирок жашоо анча жактырбайт экен андайды. Жашоо күрөш деген ушул турбайбы. Иштен жооп сурагамын, эртең ишке чыгамын. (Рыспай кетүүгө камынат) Аны менен кошо Бокен басат. Сырттан Рыспайдын, Давлеттин үндөрү жаңырат.

**ҮНДӨР:** Кошкула аке, жеңе, аман болуңуздар, көрүшкөнгө дейре!

**БОКЕН:** (үнү бийик) Жакшы баргыла Рыспай үкам, Давлет келиним, Сиюта кызым. Бардык жамандыктан Жараткан өзү сактасын! (Машинанын үнү алыстайт. Кол булгалап, Бокендин карааны акырындап көрүнбөй калат.)

## КӨРҮНҮШ

**ТИГИ ДҮЙНӨНҮН КӨРҮНҮШҮ.** Аркайган тоолор. Шиштүү жарлар. Тереңде атырылып аккан дайра. Жашыл түстүү түзөңдөр сейрек учурайт. Бир топ жерлер жарыктан алыс, караңгы. Уюлгуган кара булуттар нары-бери сүрүлөт. Булуттар арасынан жер чийген, узун кара көйнөк кийген Давлеттин сөөлөтү көрүнөт. Чачтары жазылып, далысын жаап калган. Ал кайсалактап, бир нерсе издеп жаткандай.

**ДАВЛЕТ:** (өзүнчө) Мен жаңылдымбы, жо-жок, жаңылган жокмун.

Рыспайдын үнү: (Азыр эле кулагымын түбүнөн жаңырбадыбы? (кыйкырат) Рыспай, О, Рыспай кайдасың? (Давлеттин кыйкырганы жоопсуз калат). Ал эмнеге унчукпайт? Азыр эле үнүн уктум го (Давлет чачтарын желге сапырып, эми колун алдыга жайып, Рыспайын издеп жүгүрүп баратты (Рыспай, Рыспай суранам, менин сөзүмү угуп койчу!?) (Дагы деле жооп жок. Давлет чуркай берип, энтигип чыкты. Кара чычаладай куураган даракка боюн жөлөдү).Жан эркем, мени уксаңчы? Алыстан издеп келдим. Көп болду издегениме караандарды көрсөм эле сен экен дейм. Барсам башкалар. Ушинтип эле издеп келатам. Рыспай деги сен кайдасың? Сени издеп жүргөн өмүр шеригиң Давлетмин (терин аарчып үшкүрүнөт). Ушул маалда кайдан жайдан Рыспайдын үнү угулат.

**РЫСПАЙ:** Давлет дейсиңби?)

**ДАВЛЕТ:** (үнгө кулак төшөп) Мен экенимди сездиңби?

**РЫСПАЙ:** Сезгени го сездим. Сен эмнеге бул жакка келдиң?

**ДАВЛЕТ:** (үшкүрүнүп) Тирүүлүгүбүз кайтпас болуп калды. Ажал сени алгандан кийин кеп өтпөй мени алды!

**РЫСПАЙ:** (чочуп) Давлет, сен эмнени айтып жатасың?!

**ДАВЛЕТ:** (бир аз тынчтыктан кийин) Менби, ажалды айтып жатам.

**РЫСПАЙ:** Тирүү жандын түбүнө жеткен, ажал кимге опаа эткен?

**ДАВЛЕТ:** Рыспай, караңгыдан сени көрө албай жатам?

**РЫСПАЙ:** Көрө албайсың. Менде жок караан.

**ДАВЛЕТ:** Ай, ий, мен сени көрөм деп жатпаймынбы, көз талыта тиктеп караңгыны.

**РЫСПАЙ:** Үнүмдү угасың, өзүм деп туясың.

**ДАВЛЕТ:** Азыр сен каерде турасың?

**РЫСПАЙ:** Ыйык тоо бар, ошонун алды менин турагым.

**ДАВЛЕТ:** А эсиме келди, талашып жүрүп, араң алганбыз ошол жерди!

**РЫСПАЙ:** (таңданып) Койсоңчу, өлгөндөн да жер талашчуу беле?

**ДАВЛЕТ:** Чоң мүрздөн орун жок болуп чыкты, табытыңды койгону келгенде.

**РЫСПАЙ:** Кызыксың да Давлет, чоң мүрзөдөн орун болбосо, башка мүрзөлөрдөн деле орун болмок.

**ДАВЛЕТ:** Аның го туура. Таанымал адам катары, ошол чоң мүрзөгө койсокпу дегенбиз табытыңды, ошол жерге койдук акыры, сени таанып билген адамдардын тийип жардамы.

**РЫСПАЙ:** Тирүүмдө ардакталбаган жаным, өлгөн соң кимге керекмин?

**ДАВЛЕТ:** Эл үчүн төрөлгөн адам элең (үнү каргылданып) Сени түбөлүк жайыңа узатаарда, сени менен коштошкону кылкылдаган эл келди. Көбүнүн көздөрүндө жаш. Колдорунан келсе, сени ажалдан сактап калалы деген зор эле тилектери. Рыспай, ошондо ажал алдында пенде алсыз экенин биринчи туйдум!

**РЫСПАЙ:** Ошон үчүн Барпы акын:
*Ажалдан кимдер кутулган,*
*Амалсыз баары тутулган,* - деп айткан жери бар эмеспи. (сөз үзүлүп калат. Давлет алдыга карай басат.)

**ДАВЛЕТ:** Рыспай, угуп жатасыңбы? Эмнеге унчукпай калдың? (Ар кандай дооштор жаңырат, Рыспайдан жооп жок). Ай ий, издеп жүрүп араң таптым эле. Жоготуп жибердимби? (Дооштор азайып, Рыспайдын үнү угулат).

**РЫСПАЙ:** Боздогон шамал ортодон сөзүбүздү бөлүп салбадыбы?

**ДАВЛЕТ:** Рыспай, мен турган жер караңгы, сенде дагы ушундайбы?

**РЫСПАЙ:** Жер асты жарык болчу беле, жарыктык тирүү жанда эле.

**ДАВЛЕТ:** (тыныгуудан кийин) Акыркы жазган ырың бар эле го.

**РЫСПАЙ:** Угуп жатам.

**ДАВЛЕТ:** Ошону радиого бердим. Тез эле ырына айланып кетти элдин.

**РЫСПАЙ:** (тынчтык өкүм сүрөт). Жарыкта жашадымбы, жашабадымбы билбейм, чыны чын, заматта жок болуп кеткеним.

**ДАВЛЕТ:** Жашадык. (унчукпай калып анан) Өткөрдүк сонун учурларды, жаным чырылдайт, ойго алсам ушуларды.

**РЫСПАЙ:** Өткөндү эстөө пайдасыз. Бул жака келмек бар, кетмек жок.

**ДАВЛЕТ:** Жаным, аны туйам.

**РЫСПАЙ:** Туйсаң ошол (үнү жоголуп барып кайра пайда болот) Давлет, өзүңө жолуга албасам да, элесиңе сыйынам!

**ДАВЛЕТ:** Экөөбүздүн түбөлүккө орун алган жайларыбыз алыс жайгашкан болсо керек. Арбак болсом да муну жаным сезет.

(Ортодо дооштор жаңырып, Рыспайдын үнү угулбай калат. Давлет алдыга карай басат).

Унчукпай калдың, үн катсаң боло Рыспай? Же мага таарындыңбы? (Рыспайдан жооп болбойт. Шамалга чачтары жайылып, көкүрөгү ачылып, Давлет бар күчү менен чуркап баратты).

Рыспай, Рыспай, Давлетиңди уксаң? Бир жолу угуп койсоң! Айтаар сөзүм айтылбай калды! (Ал чуркай берип, энтигип да чыкты. Дубалга окшогон бир нерсеге сүйөндү) Баары бир сени издейм!

Сен үчүн жаралган жан элем, билсең? Менин махабатым, менин аруу тилегим, Сени издейм! (Шолоктоп ыйлап жатып муну айтты). Ишенип кой сени издейм! (Ушу маалда көк тарапта каркыралардын кыйкуулаган үндөрү жаңырат. Ошол үндөрдүн арасынан Рыспайдын үнүн тааный коюп) Рыспай, сен кайда кеттиң?

Суранам, мени таштаба!? Каркыралардын тобунун артынан Давлет чуркап баратты. Көп етпөй каркыралар тобу көк ирим белгисиздикке сиңип кетти. Чуркап бараткан Давлеттин карааны да көздөн кайым болуп кетет.

## Бекмамат
*(драма)*



| | |
|---|---|
| **Бекмамат** | - облус жетекчиси. |
| **Асанкул** | - бийлик кызматкери. |
| **Кузнецов** | - чоң кызматтын адамы. |
| **Осмон** | - Бекмаматтын атасы. |
| **Урматбек, Кылычбек, Жолборсбек** | - Бекмамат менен чогуу иштегендер. |
| **Корстон, Сүйгөнбай** | - Бекмаматтын каршылаштары. |
| **Мелис** | - Ак үйдүн чоң кызматкери. |
| **Күлчоро** | - карыя. |
| **Сажида** | - Бекмаматтын жубайы. |

**Башка каармандар да катышат.**

**(Окуя биздин күндөрдө болуп өтөт.)**

Бекмамат Осмонов чарбаларды кыдырып, ал-акыбал менен таанышып, кечирээк иш ордуна кайтып келген. Эми орундукка отуруп-отура электе телефон шыңгырады.

**БЕКМАМАТ:** (трубканы көтөрүп) Ало, угуп жатам. Аманчылык. Азыр Торкенттен келип турган жайым. Баары жайында. Жем, чөп жетиштүү. Өзүңөрдө кандай жаңылыктар? Тынч болсоңор болду. (токтой калып, трубкадан сөздү угат) Жалала-Абад облус болсо жакшы болот. Туура чечим. (Бекмамат саатын карайт). Жетише албайм го бүгүн. Эртеңкиге аракет кылайын. Жолугушканга чейин (трубканы коет). Ордунан туруп, терезеге басып келип, сыртты карайт. (өзүнчө) Жаз жакын, карлардын эришин кара. (Ал дароо бурулуп, илгичтеги жылуу тонун көздөй басты. Кийинди дагы катчыны чакырды).

**БЕКМАМАТ:** Мен азыр эки-үч короого барам. Бөкөнбаев совхозунда болом.

Эртең эрте Бишкекке жөнөйм. Угуп жатасыңбы?

**КАТЧЫ:** Бекмамат Осмонович угуп жатам.

**БЕКМАМАТ:** (бир азга туруп калып, орун басарын сурайт). Асанкул кайда, болсо чакырчы (катчы чыгып кайра кирет).

**КАТЧЫ:** Асанкул Санатовичке айттым. Келет азыр. (Катчы чыгып, орунбасары кирет).

**АСАНКУЛ:** Саламатсызбы, Бекмамат Осмонович?

**БЕКМАМАТ:** Ырахмат сакмын.

**АСАНКУЛ:** Сиз тапшырган ишти орундаттым. Жалпак Тектирдеги короого тоют жеткирилди. Согуштун майыбы Казак аксакалга ун, күрүч, кант берилди.

**БЕКМАМАТ:** Жакшы, Асанкул Санатович. Чычканга кире бериште суу арыктан чыгып, жолду каптап кеткен экен, ал эмне болду?

**АСАНКУЛ:** Сууну жолго салып, музду тазаладык.

**БЕКМАМАТ:** Кыш да аз калды. Күн берсе. Мал жаныбыз кыштан аман чыгып кетет. Буга мен ишенем. (пауза) Асанкул Санатович эртең эртелеп, Бишкекке сапар алам. Президенттик аппаратка чакыртып атышыптыр. Кандай маселе экенин келгенде айтам.

**АСАНКУЛ:** Райондун турмушунан кам санабаңыз. Жетекчилер, райондун эли турганда баары жайында болот.

**БЕКМАМАТ:** Мен райондун элине ыраазымын. (орунбасары экөө жылуу коштошот).

## КӨРҮНҮШ

Президент баш болгон өкмөт башчы, Жогорку Кеңештин төрагасы жасалгалуу залда төрдөн орун алышкан. Калгандары залда отурушат.

**ПРЕЗИДЕНТ:** (залга кайрылып) Жолдоштор, биз кыскача эле сүйлөшүп, макулдашалы.

**ҮНДӨР:** Туура айтасыз.

**ПРЕЗИДЕНТ:** Жалал-Абадды Оштон бөлүп, өзүнчө облус кылалы деген сунуштар бар. Сунушту баарыңыздар эле колдосоңуздар керек?

**ӨКМӨТ БАШЧЫ:** Зарыл болгон маселени алып чыгып жатасыз. Элүү тогузунчу жылга чейин Жалал-Абад өзүнчө облус болгон.

**ПРЕЗИДЕНТ:** Мурдагы облусту калыбына келтирели деп жатабыз. Ушул боюнча уюштуруу комитетин түзөлү деп жатабыз.

**БЕКМАМАТ:** Урматтуу президент, өкмөт башчы, төрага, облустун эли үчүн бул жакшы. Аймак өсөт, өнүгөт.

**ПРЕЗИДЕНТ:** Мен дагы ушуну ойлодум. Өкмөттүн деле, депутаттардын деле ойлору ушундай болсо керек?
(Президент колунда турган тизмелерге көз жүгүртөт, сөзүн улап). Мен төмөнкү адамдарды уюштуруу комитетине сунуш кылып жатам. (баары кулак төшөшөт) Облусту түзүү боюнча уюштуруу комитетинин төрагалыгына Эл депутаттарынын Чаткал райондук Кеңешинин төрагасы Равшанбек Камчыбековду сунуштайм. (Залда жандануу пайда болуп, кайра тынчыйт) Төраганын орунбасарлыгына Эл депутаттарынын Токтогул райондук Кеңешинин төрагасы Бекмамат Осмоновду сунуш кылам. (Зал дүңгүрөй түшөт).

**ПРЕЗИДЕНТ:** (тизмелерди улап окуйт). Курманбек Бакиев, Тынычбек Табылдиев, Алима Аманова, Абдикарим Бурканов (дагы бир топ адамдардын атын атайт).

**ТӨРАГА:** Жолдош президент, бардыгы татыктуу. Облустун шартын жакшы билишет.

## КӨРҮНҮШ

Чайканада адамдар көп. Бака-шака үндөр. Сөрүлөрдүн бириндө төрт адам чай ичип, кызуу сүйлөшүп отурушат.

**БЕКМУРЗА:** (саясатчы) Равшанбегиң облусту башкара албайт. Төрагалыкка башкасын тандаш керек.

**САПАР:** (молдо) Мен калысмын. Бакылдап сүйлөгөн менен жигит адам. Бекмаматты коюш керек эле.

**ЧОНДУ:** (бекерчи) Тизмесин карап көрдүм, дурусураак адамы жок.

**КАКЕН:** (эски кызматкер) Башыңарды оорутпагыла. Ким болот. Аны президент чечет.

**БЕКМУРЗА:** (айтканынан кайтпай) Равшанбек эмнеге жарабайт, жүда жарайт да!

**ЧОНДУ:** (тигинин жинине тийип) Равшанбек болбойт. Ал чоң жерде иштеген эмес. Ал болуп калса эле, сага кызмат бере коймок беле.

**БЕКМУРЗА:** Кызмат болсо сен деле жатпайсың. Мурдуңдун богун аарчып алып анан сүйлө (кызууланып) Равшанбек болуп калса, көт үка дейинби?

**ЧОНДУ:** Улуу деп сыйлап койсо, көт деген оозуңа урайын! Мага баары бир кимиси болбойбу! Ма десе кытайдан алып келип койсун.

**БЕКМУРЗА:** Мага атырылган сен кимсиң, өлбөгөн жерде көрүшөм сени менен!

(Экөө жакалаша баштайт. Какен ортого түшүп ажыратып калат. Экөө тилдешип, эки жакка басат).

**САПАР:** Силерге эмне зарыл, урушпай этпей эле койгула. Пешенеси ачылган дагы бирөө болот да. (наркы сөрүдөн үн угулат.

**1-ҮН:** Таза акмак экенсиңер го. Бакмамат Осмонов болот!

**2-ҮН:** Башыңарды оорутпагыла. Боло турган адам белгилүү. Ал Осмонов.

**КАКЕН:** Баракелде, нак туурасын айттыңар! (Үндөр алыстайт).

## КӨРҮНҮШ

Жалал-Абад облустук депутаттарынын сессиясы жүрүп жатат. Ага облустук Кеңештин депутаттары, байкоочу катары ар кандай тепкичтеги жетекчилер, уюштуруу комитетинин мүчөлөрү катышууда. Президиумда президенттин өкүлү Н. Кузнецов баштаган топ. Сөздү Кузнецов алат.

**КУЗНЕЦОВ:** (залды сыдырата карап) Урматтуу депутаттар, урматтуу сессиянын катышуучулары! Бүгүнкү сессияда уюштуруу маселесин карайбыз. Облустун башчысын шайлап алышыбыз керек.

**ЗАЛДАН:** Бир эле маселеби?
**КУЗНЕЦОВ:** Бир эле маселе.
**ЗАЛДАН:** Көрсөтүлөн талапкерлерди талкуулайбызбы?
**ДАГЫ ҮН:** Адегенде талапкерерди талкуулайлы.
**КУЗНЕЦОВ:** Туура (зал гүүлдөй түштү) Талапкерлерди жактап сүйлөгөндөр биринин артынан бири трибунага көтөрүлүштү.
Кетмен-Төбедөн келген депутат Пакирдин сөз алат.
**ПАКИРДИН:** Мен сөздү созбоюн, облусту башкарууга уюштуруу комитетинин төрагасынын орунбасары Бекмамат Осмонов татыктуу деп эсептейм. Анын өмүр жолун, иштеген иштерин менден жакшы билесиздер (Залдан туура деген үндөр чыгып, колдор чабылат).
Чаткалдык депутат Ташбай сөз алат.
**ТАШБАЙ:** (кагазын тактап) Равшан Камчыбековду баарыңар жакшы билесиздер. Иште такшалган. Камчыбековду колдоп берсеңер.
Сузактык депутат Субан сөз алат.
**СУБАН:** Кесибим дарыгер. Бекмамат Осмоновду сыртынан билем. Эл арасында бул жигит жөнүндө жакшы пикирлер бар. Облус башчылыгына Осмоновдун шайланышын туура деп эсептейм.
**КУЗНЕЦОВ:** Облустун башчысынын ордун ээлөөгө эки адамга сунуш түштү. Аталган жолдоштордун талапкерлигин добушка коелу. Ачык же жабык түрдө добуш берилсинби?
**ЗАЛДАН:** Жашыруун добуш берүү менен жүргүзүлсүн.
**КУЗНЕЦОВ:** Макул (добуш берүү бүтүп, эсептөө комиссиясы ишке кирет.) Эсептөө комиссиясынын төрагасы комиссиясынын токтомун окуйт.
**ТӨРАГА:** Жолдоштор, сессияга катышып отурган 91 депутаттан 62 депутат Бекмамат Осмоновду колдоп добуш беришти. (Кол чабуудан зал дүңгүрөй эле түшөт.) Төрага сөзүн улап, Камчыбековдун алган добушун эске салат. Кузнецов баш болгон адамдар тобу Осмоновду жеңиши менен куттукташат.
**ОСМОНОВ:** (толкунданып) Менин сиздерге, сиздердин мага болгон урматыңыздар зор экенине дагы бекем ынандым. Сиздердин урматыңыздарга башымды ийип таазим этем. Облустун оор жеңилин баарыбыз бир көтөрөбүз. Дагы бир жолу ырахмат сиздерге. (Башын ийип таазим этет).

## КӨРҮНҮШ

Бекмаматтын атасы жакандосторду каттап салдырып, сөрүдө отурат. Бир нерседен кабатырланган түрү бар.

**ОСМОН:** (өзүнчө) Бекмаматтын ишин кудай колдосун, элим, жерим десе уйкусу жок. Бүгүн иши ылайым оңунан чечилип калсын. Жараткан езүң колдо Бекмаматты. (Ошол маалда сырттан уулу Акылбек кирет).

**АКЫЛБЕК:** (атасын кучактап) Ата, уулуңуз Бекмамат облус башчысы болуп шайланды.

**ОСМОН:** Бекмамат бул кызматка качан эле жетиш керек болчу. Кеч болсо да камчысы колго тийди. Кудайым багын ачсын! (Бата берет) Сырттан Шермамат, Бекмамат, Айтмамат, Абдылла, Жакыпбек кирип келишет. Биринен бири калбай бойлуу, кең көкүрөк болуп ескөн уулдарын көргөн Осмон карыя толкунданып, бирок ичинен тобо кылат.

**БЕКМАМАТ:** Ата, жеңишти колго алдым. Көрсө, эл мени урматтайт экен. (Атасын келип кучактайт).

**ОСМОН:** (баласынын бетинен сүйүп) Уулум, жеңишиң кут болсун! Жаныңда тууган-уругуң, элиң бүт болсун! (бата берет).

**БЕКМАМАТ:** Айтканыңыз келсин ата, төргө өтүңүз уулдарыңыз толук келди. Учурдан пайдаланып боор батырышалы. Сиздин аталык мээримиңизге беленелү.

**ШЕРМАМАТ:** Ата ошентели.

**АБДЫЛЛА:** Акемин ооматы келди.

**АЙТМАМАТ:** Ишине жардам берели.

**ЖАКЫПБЕК:** Иши дагы алгаласын.

**ОСМОН:** (кубанып) Балдарым, Акман куттуу жер! Баарыңарда оомат бар, ошону кармап калгыла! (пауза) Бекмамат балам, сенде эл башкара турган касиет бар. Сени кызыл жолборс жылоолойт. Бул жолу да ошонун сүрү сага кызмат алып келди. Ошол касиетиңди ыйык тутуп, эл башында жүр. (Бир туугандар боор батырып, тарашат. Акман айылынын карааны алыстайт.)

## КӨРҮНҮШ

Бекмамат сырттан кирет. Ташкөмүрдөн келип түшкөн маалы эле. Ал орундукка отуруп, отурбай катчы кызды чакырат. Катчы кыз кирет.

**КАТЧЫ:** Чакырган экенсиз.

**БЕКМАМАТ:** (трубканы коюп жатып ) Корстонду, Абдымаликти чакырчы, киришсин (катчы кыз чыгып кетет. Аздан соң Корстон менен Абдымалик кирет. Саламдашышат).

**БЕКМАМАТ:** (жайдары) Жердеш деп жүрө бербей силерге колдоо көрсөтөйүн дедим. Каршы эмессиңерби?

**КОСТОН:** Андайга рахмат гана дейбиз.

**АБДЫМАЛИК:** Жакшы сөз жан эргитет эмеспи.

**БЕКМАМАТ:** (жадырап, жайнап) Корстон сен уюштуруу бөлүмүндө иштейсиң, анан районго аким болуп кетесиң. Менимче туура эле болот ко (Корстон туура деп баш ийкейт).

**БЕКМАМАТ:** (сөздү улап) Абдымаликке келе турган болсом жаш, өсе турган, билимдүү жигит. Сени акимдиктин аппарат жетекчиси кызматына коем. Себеби, мен аймактарда көп болгондуктан иш ордумда аз болом. Сен ушул жерде болуп, тиешелүү иштерди бүтүрөсүң. Болгон иштер боюнча мага маалымат берип турасың. (сөздү тамашага буруп) Өзүмсүңөр дегеним. Тааныш-билиштиктин пайдасы ушул (олуттуу түрдө) Эл үчүн иштеп берели. Эл ошондо урматтайт. (Тиги экөө ыраазылык билдирип чыгып кетишет).

## КӨРҮНҮШ

Залда чогулуш жүрүп жатат. Президиумда облустун акими Бекмамат, биринчи орунбасары Урматбек, орунбасарлары: Салима, Кылычбек, Карим. Трибунада Б. Осмонов.

**БЕКМАМАТ:** Урматтуу жолдоштор, Жалал-Абад облусу алты айлыкты жыйынтыктап жатат. Көп жакшы иштерибиз бар. Ошого карабай кемчиликтер көп. Буга мен баш болуп, менин орун басарларымдын ишти солгун уюштуруп жатканыбыз.

**УРМАТБЕК:** Иштеп атабыз. Ошон үчүн жакшы иштер жаралууда.

**БЕКМАМАТ:** Урматбек Капарович, сынды туура кабыл алың, калганын кийин айтасыз.

**УРМАТБЕК:** (сөзүн токтотпой) Болгонун айтып атам, каяша эмес. (Зал ичи күбүр-шыбыр).

**БЕКМАМАТ:** (Урматбекти сүрдүү карайт) Биз экөөбүз айтышканга убакыт табабыз. Ошончолук эле тил кайрыгың келсе, чогулуш бүтөт. Айтышканга да убакыт калат. (зал ог

бетер дуулдайт) Урматбек унчукпайт. Кылычбек менен Салима баштарын жакын кармап шыбырашып атышат.

**БЕКМАМАТ:** (иш жыйынтыгы боюнча айтып келип) Мен облустун башчысы катары жалпы журтка, жетекчилерге таянып иш жүргүзөм. Максатым эле элдин ден соолугу жакшы болсо, дасторконунда тамак ашы арбын болсо, бардык жерде бай турмушжаралса деп иштеп келатам. Иштин чети оюла элек. Мен буга ишенем. (кол чабуулар). Чогулуш аяктап, келгендер тарайт.

## КӨРҮНҮШ

**БӨЛМӨДӨ**: Урматбек, Кылычбек, Салима, Темиркул сүйлөшүп олтурушат.

**УРМАТБЕК:** Бекмамат Осмоновичтин бизге болгон мамилесин кандай баалайсыздар?

**КЫЛЫЧБЕК:** Палван мүнөз да, кээ бир учурда ойлонбой эле кадам жасайт.

**САЛИМА:** Кийинкилигин кандай болоорун ойлонбогон адам экен.

**УРМАТБЕК:** Бул адам кесиби зоотехник, мал чарбасын жакшы билет. Биздин облус өнөр жайлуу. Башкасын коюп эле зоотехник кесибине ооп кетип жатпайбы.

**САЛИМА:** Биреөлөрдүн тилине да кирип кетет сыягы.

**КЫЛЫЧБЕК:** Облусту жетектеген адам сылык болуш керек. Бул адам болсо бакылдап сүйлөп, этика жок.

**САЛИМА:** Кантип иштешебиз мындан ары.

**УРМАТБЕК:** Сөздүн кыскасы иштешип көрөлү. Ал кишинин палвандык мүнөзүнө капа болбойлу. Мезгил көрсөтөт. Биз да бош келбейбиз!

(Темиркул сөздөрдү угуп, унчукпайт).

## КӨРҮНҮШ

Бекмамат иш бөлөсүндө кунт коюп бир нерселерди жазып отурат. Сырттан Темиркул кирет.

**ТЕМИРКУЛ:** Саламатсызбы Бекмамат Осмонович! (Бекмамат тигини карабай туруп отур деп ишаарат кылат. (пауза) Бекмамат ишин токтотуп, Темиркулга карайт).

**БЕКМАМАТ:** Ден соолук жакшыбы, кайда болдуң, кайда турдуң, ошондон айт. (Темиркул жанданып, ордунан копшолуп алат).

**ТЕМИРКУЛ:** (эки жакка элең карап) Бекмамат Осмонович, кечээ замдарыңыз менен болдум. Алар менден шек санашкан жок. (Бекмамат сөзгө кулак төшөп, айта бөр деген белгини берет).

**ТЕМИРКУЛ:** (үнүн оңдоп) айтсам, биринчи замыңыз бар го?

**БЕКМАМАТ:** Урматбекпи?

**ТЕМИРКУЛ:** Ооба. Ошол сизди болгону зоотехник, башка тармактан түшүнүгү жок деп айтып атпайбы.

**БЕКМАМАТ:** (кашы түрүлүп). Чын айтып атасыңбы, жалган болсо, керт башың менен жооп бересиң?

**ТЕМИРКУЛ:** Бекмамат Осмонович, жалган айтып өлөөрүмө көрүнүптүрбү?

**БЕКМАМАТ:** (столду манжалары менен черткилеп, кекээрлүү күлөт) Менин специми Урматбек эми билип, элге жайгысы келген турбайбы. Жайса жайсын. Анын башка иши жок. (ичинен иштеген ишин талдап көрсө болмок) Кызык жаңылыктар көп экен, дагы кандай сөздөр болду?

**ТЕМИРКУЛ:** (жанданып) Кылычбек замыңыз палван мүнөз десе, Салима замыңыз мындай жетекчи менен кантип иштейбиз дейт.

**БЕКМАМАТ:** (сөздөргө ишенип, ишенбей) Замдар арасында ушундай сөздөр болуптур. Бул дагы көңүл бурчу маселе экен. (Темиркулду чыгарып жиберип, бөлмөдө нары-бери басат. (өзүнчө) Мен буларды эш көрүп, буларга таянсам, булардын сөздөрү, иштери башка. Мындай замдар менен кантип иштешем? (Бекмаматтын карааны алыстайт).

## КӨРҮНҮШ

**ЖАСАЛГАЛУУ БӨЛМӨ.** Мелис телефондо бирөө менен сүйлөшүп атат. Сүйлөшүү бүткөндөн кийин катчы кыз кирет.

**КАТЧЫ:** Кабыл алууда Жалал-Абаддан келген адамдар отурат. Сизге кирүүгө руксат сурап жатышат.

**МЕЛИС:** (столунун тартмасын ары-бери тарткылап) киришсин. Сырттан эки адам кирет. Бирөөсү Жолборсбек Сузактан, экинчиси Сүйгөнбай Базар-Коргондон. Саламды Жолборсбек баштайт.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (колун бооруна алып) Саламатсызбы Мелис Бейшенбаевич, ден соолугуңуз жакшыбы, үй-бүлөңүз соо саламат турушабы. (Сүйгөнбай дагы ийилип салам айтат).

**МЕЛИС:** (тигилерге жооп кылып) Баары жакшы. Өзүңүздөр тынчсыздарбы, үй-бүлөдө аманчылыкпы?

Экөө (колдорун бооруна алып) Тынч Мелис Бейшенбаевич, баарынан сиздин ден соолугуңуз керек. Сиз бар, биз бар. (Жолборсбек көздөрүн кыбыңдатып, төшөл десе төшөлүүгө даяр эле).

**МЕЛИС:** (алардын кичи пейилдүүлүгүнө таң калып) Ой ырахмат. Бир эле менде эмес, баарыбызда болсун ден соолук. (отурушат).

**МЕЛИС:** Жалал-Абад кандай анан, жаңылыктар арбын болсо керек?

**ЖОЛБОРСБЕК:** Жалал-Абад жери жакшы, эли жакшы. Бирок кечирип коесуз. Жеке бийлигин жүргүзүп, Осмонов элди кыйнап жиберди.

**СҮЙГӨНБАЙ:** (кошулуп) Туугандарын, жакындарын кызматка коюп, күнөөсү жок болсо да башкаларды иштен айдап атат

**МЕЛИС:** Билем, билем, информациялар келип турат. Замдарын да түгөл алмаштырыптыр. Мындай өзүм билемдиктен менимче Президент да кабарсыз.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (кабатырланып) Президент бул кылыкты билбесе, урматтуу адамга кабарды жеткириш керек.

**МЕЛИС:** Мен Осмонов жөнүндө президентке доложит эткемин. Башка булактардан да Осмонов жөнүндө президентте маалымат бар.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (кудуңдап) Тизгинин тартып койбосо болбойт. Улуу урматтуу президентти, экинчи жетекчи сизди көзүнө илбегенден кийин (анан ал папкесинен Осмоновдун үстүнөн жазылган он бир адам кол койгон катты Мелиске сунат).

**МЕЛИС:** (катты алып жатып) Факты менен тынчыталы деген турбайсыңарбы?

**СҮЙГӨНБАЙ:** Дал ошондой.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (Мелиске кайрылып) акыркы бир сөзүм бар эле, ошону айтсам болобу?

**МЕЛИС:** Болот.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (жеке өчүн алууга шарт болгонун сезип), Мелис Бейшенбаевич менин эмес Жалал-Абад аймагынын эли мындай бой көтөргөн, эч кимге баш ийүүнү каалабаган жетекчини иштен алып берет деген ишеничте бизди сизге жөнөттү.

**МЕЛИС:** Мен өзүм да ушул маселе менен Жалал-Абадка барам. Осмонов жөнүндө элдин пикири кандай?

**ЖОЛБОРСБЕК:** Өтө жаман. (Апыртып ийгенин өзү билбей калат).

**МЕЛИС:** Барганда жолугушалы. Элдин өтүнүчүн орундатабыз. (Мындай сөздү укпаган немелер колдорун бооруна алып, көтенчиктеген боюнча сыртка чыгышат).

**ЖОЛБОРСБЕК:** Шашылбагын сага окшогон палванды жок кылыш оңой. Кызмат сурасаң бербейт. Жакында айдалат. Суу куйду деген ушул. (Сүйгөнбайга карап) Сүкө, сени өзүмө зам кылып алам. Чыда, Сүкө чыда!

(Өзүнчө ырахаттанып алат.)

## КӨРҮНҮШ

Жолборсбек, Сүйгөнбай, Ынсапбек дагы бир топтору сүйлөшүп жатышат.

**ЫНСАПБЕК:** Кандай кабыл алды шеф?

**ЖОЛБОРСБЕК:** (маашырланып) Жолборсбек барганда кандай кабыл алат эле. Дагы сурап коңсуңар да?

**СҮЙГӨНБАЙ:** мен ойлогондон башка чыкты. Жакшы адам турбайбы.

**ЖОЛБОРСБЕК:** Кабыл алды. Айттык, катты бердик.

**СҮЙГӨНБАЙ:** (Тигинин сөзүн колдоп) Бизден башка жактан барган арыз каттар Осмоновдун үстүнен навалым экен.

**ЖОЛБОРСБЕК:** Куда каалаlса, Бекмаматты иштегенине жыл толтурбай сүрүп түшүрөбүз!

**ЫНСАПБЕК:** Бул ишти тездетиш керек. Палван аяк-быягын жыйгыча көтөрүп урбасак болбойт.

(Сырттан Абдымалик менен Корстон кирет).

**КОРСТОН:** (Кубанычтуу) Иш бүтөт, биздин пайдага.

**АБДЫМАЛИК:** Осмоновго бул ишти билгизбей, кире чыга мактап тура берели.

**КОРСТОН:** Өзүнөн көрсүн, Классташыбыз минтип мени кызматтан алып, жал байлап калды. Мен анын көзүнө көрүнөм!

**АБДЫМАЛИК:** Өзүм билем деген кыялы жаман.

**ЖОЛБОРСБЕК:** Азыр демократия, жеке бийлик кылчу учур кетти.

**ЫНСАПБЕК:** Мени кызматтан алып, мүйүзү чыктыбы, эми чабышып көрөбүз!

**КОРСТОН:** (баарына карап) Күндө кабарлашып туралы. Эки адамды кошуп койдум. Каерде жүрет, эмне деп сүйлөйт, кимдер менен байланышы бар, ошолорду тактап беришет.

**СҮЙГӨНБАЙ:** Фактыларын мойнуна койгондо, кыймылдабай калса болду.

**БААРЫ:** Жолдоштор, тилектештер, Осмоновду иштен кетиребиз! Облусту башкарганы ким келсе келе берсин. Биздин максат Осмоновду чаап түшүү. Чаап түшүрөбүз!

## КӨРҮНҮШ

Бекмамат жыйын залына кызматкерлерин чакырат. Эмне себептен чакырганын айтат.

**БЕКМАМАТ:** Президенттин тапшырмасы боюнча Америкага тажрыйба алмашуу үчүн жөнөп жатам. Менин ишимди орунбасарым аткарып турат.

**ҮНДӨР:** Иштеп, ишибизди аткарабыз. Ойлонбой барып келе бериң. (Залда шыбырашкандар кебөйөт)

Бекмамат аларды тынчытууга аракет кылат.

Ынсапбек менен Жолборсбек шыбырашат.

**ЖОЛБОРСБЕК:** Бийлигиң бүтүп калды. Америкага барып көңүлүңдү ачып кал!

**ЫНСАПБЕК:** Осмонов ал жактан келгиче чуңкурду терең кылып казалы.

(Бекмамат залдагылар менен коштошуп чыгып кетет). Зал уу-дуу. Бекмаматка жан тарткан адамдарга Бекмаматтын душмандары көздөрүнүн кыйыгы менен карашып - жакында кетесиңер палваныңар баш болуп дегенсишет.

## КӨРҮНҮШ

Бекмаматтын эки кабат үйү курулуп бүткөнү турган. Үйдүн эшигине жеңил машине келип токтойт. Ичинен видео-камера көтөргөн пастек бойлуу, арык адам Эркин чыгат.

**ЭРКИН:** (курулуп жаткан үйдү карап) Ой укмуш ко, облустун башчысы эл үчүн иштегени ушулбу? (Ал камерасын алып, үйдү тартууга киришет). Коңшу үйдүн короосундагы жүк көтөрчү машинеде Кочкор деген жигит иштеп жаткан болот.

**КОЧКОР:** (Эркинге карап) Ой аке , бул үйдө эч ким жок, ээнбаштык кылбаңыз?

**ЭРКИН:** (сөзгө теригип) Замалчи, мен өзүм билем. (Курулушта иштеп жаткандар Эркинди мазактап күлүшөт).

Эркин ого бетер үйдү айланып тартып, - бул чоңго таанылбасамбы - деп шерденет. Ошол маалда нары жактан Жолборсбек пайда болот.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (ете жайдары) Агай келип калдыңызбы, мен кабинеттен чыккыча баса берипсиздер. Иш оң келип жатат.

**ЭРКИН:** (Биреөнүн жакшы иштерин кере албаган мүнөзү бар) Жайлап тарттым. Карасаң кандай чоң үй салган!

**ЖОЛБОРСБЕК:** Бекмамат өзүмчүл, тууганчыл, үй салганынкарабайсыңбы, оозуң ачылат.

**ЭРКИН:** (эргип) Акимдерден пара алганычы…

**ЖОЛБОРСБЕК:** Дворецтей үйдү куруп жатканын президент көрсө таң калмак.

**ЭРКИН:** Быягын жайладык. Бул тартканым эфирден кетсе, элдин эси оойт. Ошондо Осмоновдун кадыры суу төгүлгөндөй төгүлөт.

(Экөө бири-бирине карап ырсайышат).

## КӨРҮНҮШ

Айыл четинен Күлчоро карыя көрүнөт. Колунда таягы, башында тебетейи, бутунда жаңы маасы, үстүндө кооз желек кийгени.

**КҮЛЧОРО:** (көктү карап) Адамдар пейлиңерди оңдобой-суңарбы, каяка баратабыз. Бийлик десе көз кызарган заман келди белем. Болбосо, Бекмаматтай иштин көзүн билген эр жүрөк, айтканынан кайтпаган жетекчини жок кылабыз деп чакан топ уюшуп иш жүргүзүп атканын угуп аябай таң калдым, өкүндүм!

**ҮН:** Кызматтан кеткендери Бекмаматтан өч алганы Ажого чейин барып атышат экен. Букаранын көбү Бекмамат тарапта.

**КҮЛЧОРО:** Ким болсоң да, менден кичүүдүрсүң. Бири кем токсондомун, көрбөгөнүм калган жок.

Жаманын көрдүм, жакшысын көрдүм замандын. Согушту көрдүм (үшкүрүнөт) эл үчүн кызмат кылам деген азаматтар бийликтин курманы болду го. Жанагыдай чагымчылдык, көрөалбастык алардын шорун кайнатты го!

**ҮН:** Бали ава, жакшы болсо көрөалбайбыз, жаман болсо асырай албайбыз. Бекмамат да эмгегинен оозго алына баштаганда ага асылышты да калышты.

**КҮЛЧОРО:** Кыйындарды, элди башкаргандарды көрө албагандар көп болгон. Ошондой жерде элдин өсүп өнүгүшү кыйынга турган.

**ҮН:** Акылгөй ава туура айтасыз?

**КҮЛЧОРО:** (шашып) Ырахмат балам, бара турган жерим көп. Акманга да барсамбы дегемин. Күн кечтеп калды. Бекмаматка жолугайын десем жер жайнаган суунун нар жагындагы өлкөгө иш менен кетиптир. Кош балам, баарыңар ынтымак болгула, ынтымак болбосоңор, чилдей тарап, тили буруу адамдардын эшигин сагалайсыңар! (Күлчоро карыя көздөн кайым болот).

**ҮН:** Ай, кызыр атага туш келген турбаймынбы. Билсем колун кармап, жалынып жүрүп болсо да батасын алмакмын! (үн басаңдайт).

## КӨРҮНҮШ

Иштен өтө кеч кайткан Бекмаматты жубайы Сажида уктабай күтүп алды.

**САЖИДА:** (Бекмаматтын кийимдерин илип жатып) үйгө эрте келген күнүң аз болду. Иш деп жүрүп, өзүңдүн ден соолугуңду да унутуп койгондой болдуң.

**БЕКМАМАТ:** (чарчап турганын сездирбей) Байбиче, ошон үчүн жетекчимин да (жубайынын чачынан сылап, бетинен өөп эркелетет).

**САЖИДА:** (эркелеп) Сагынып, дайым жаныңда болгум келет. Кандай таттуу күндөр артта калды. Эми ошол күндөр келбейт ко?

**БЕКМАМАТ:** (Сажиданын ийнине башын жөлеп, сүйүүбүздү ыйык тутсак, урматтасак эч качан картайбайбыз.

**САЖИДА:** (чачтарын жыйып, Бекмаматтын көөдөнүнө башын жөлөйт. Шыбырайт - аскар тоомсуң!) Сажида дасторкон салып, тамак алып келет. Экөө тамактанганы отурушат. Сажида сөз баштайт.

**САЖИДА:** Бир нерсени сурасам капа болбойсуңбу?

**БЕКМАМАТ:** Сен бир нерсени сураган учурда, мен жооп бербей койгон учурум болдубу?

**САЖИДА:** Сени жазып жатышат экен го…

**БЕКМАМАТ:** Көр пенделик экен, эмне дейсиң, жазып жатышат, жазгандардын ким экенин билем. Ишим ак, жаза беришсин.

**САЖИДА:** Айрым адамдар бар, жамандыктан башканы ойлобогон. Менин билишимче жеп алды, айланасына тууган уругун топтоду деген сөздөр болсо керек?

**БЕКМАМАТ:** Андан башка эмнени жазмак эле.

**САЖИДА:** Америкада жүргөндө эч кимге айтпай уурулукча үйүбүздү телеге тартып кетишиптир. Ушул да Кудайга жагабы? Же облуста бир эле биз үй салып жатыпбызбы?

**БЕКМАМАТ:** Менин ишими эл баалайт. Жанагыдай котур ташын койнуна катып, мени иштен кетирүүгө аракет кылгандарды Кудай өзү табат. (Ойлуу боло түшөт анан). Сажи кымбаттуум, кыргызга Исхак Раззаков жаккан эмес! Кыргызстанды кыргызстан кылып, башкаларга теңата кылган ошол адам болгон. "Улутчул" деп сая түшүп жазышып, иштен кетирип, Москвага айдашкан. Сөөгүн мекенине коюуну ыраа көрүшкен эмес. Мен Раззаковдун жанында жөнкөй эле адаммын.

**САЖИДА:** Канчалык ылай шыбап, мокочо кылып көрсөтпөсүн ак эмгек акыры бааланат.

**БЕКМАМАТ:** Ал турган сөз! (Тамактана башташат).

## КӨРҮНҮШ

Эл ичинде уу-дуу сөз жүрүп жаткан. Бекмаматка каршы топ, Бекмамат эки-үч күндө иштен кетет десе, көпчүлүк эл Осмоновду Ажо кантип эле иштен кетирип жиберсин деп атышкан. Ошондой күндердүн биринде Мелис Бейшенбаев эч кимге жарыя кылбай эле Жалалабатка келди. Бул келиши алтынчы жолу болду. Анын келишин Бекмаматтын ишканасынан Абдымалик облкеңештен Корстон билчү. Бул жолку келишинде да Корстон баш болгон топ Мелисти мерчемдүү жерден тосуп алышты.

**МЕЛИС:** (жайдары) Баарыңарды ден соолукта, толук керүп турганыма кубандым!

**КОРСТОН:** Биз дагы сизди көрүп, абдан курсантпыз.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (жойпуланып) Мелис Бейшенбаевич, Сиз айтканды күнбү, түнбү дебей аткарганбыз.

**МЕЛИС:** Шефиңер эмне иш кылып жатат, маанайы кандай?

**ЫНСАПБЕК:** Жүрөт чапкылап, бир деме дөшсө, күркүрөйт жолборстой.

**ЖОЛБОРСБЕК:** Үнүм бар, билегим бар деп элдин үшүн алып койду, байкуш корккон эл эмне десе ошого көнсө, анан эл мени колдойт дегенине күлгөндөн башка аргаң жок.

**МЕЛИС:** Кандай болсо да факты жетиштүү болсо, алып түшкөнгө жакшы.

**КОРСТОН:** Факты жетмек турсун ашып кетти. Базар-Коргондогу туугандарын айтпай эле коңюн. Атасынын үйүнө чейин адам койдуруп, атасы эмне тамак жейт, кандай ат минет, кимдер менен сүйлөшөт. Кайсы убакта уктайт, ушундай фактыга чейин алдык.

**МЕЛИС:** (жылмайып) Жарайсыңар! Иш аягына чыкканына аз калды. Мен эч кимге айтпай эле силердин ишиңер кандай жүрүп жатканын билүү үчүн Жалал-Абадка келдим. (саатын карап) бир сааттан кийин кайра учам.

**ЫНСАПБЕК:** Иш жагынан кам санабаңыз. Бекматтын өзү менен эки адамыбыз кошо жүрөт. Үйүнө кеткенде гана бөлүнөт.

**ЖОЛБОРСБЕК:** Иши бүтүп эле калды. Президенттен иштен бошотуу тууралуу эле жарлыгы калды.

**МЕЛИС:** Баса айтып коеюн, бул жерден бараарым менен президенттин кабыл алуусунда болом. Ошондо абалды толук доложит этем.

**ЖОЛБОРСБЕК:** (моокуму кангандай) Анда маселе бүгүн эртең эле чечилип калат турбайбы?

**КОРСТОН:** Элди наразы кылбай Бекматты сааты келсе азыр эле бошотуу керек. (өзүнчө) кысталак кыйын болуп аттың эле, кызматтан чаап түшүштү көрөсүң.Болбосо наразылык күндөн-күнгө күч алууда. (Калп айтып ийгенине ичинен Кудайдан кечирим сурап жиберет. Сырттан Алым кирет).

**АЛЫМ:** Келишиңиз менен Мелис Бейшенбаевич.

**МЕЛИС:** Алым Муратович шаарыңызга келсек жоксузго?..

**АЛЫМ:** (карыялар кабыл алууга келип, кармалып калганын айтат.) Сизди учканыңыз, конгонуңузга чейин кабардар болуп турдум.

**МЕЛИС:** Иштер кандай, жогортон нажым жокпу? (Мелис Алымды отуруңуз дегендей ишаарат берет.)

**АЛЫМ:** (отуруп атып). Кийинки күндөрү Осмонов ишке көп кийлигишчү болду.

**МЕЛИС:** (жанданып) Анык иши бүтөт. Өзүңөрдү бекем кармагыла, кийин кокус разбор болчу болсо, бекем тургудай болгула.

**КОРСТОН:** Биз сизди ишендирдик. Бир адамдай болуп жеңишке жетебиз!

**МЕЛИС:** Мунуңар жакшы. Облустук бийлик алмашканда жакшы орундар сиздердики болот. Буга ишениңиздер.

**АЛЫМ:** Мелис Бейшенбаевич, Сизге деген бир пиала чайыбыз бар. Даам татып кетиңиз.

**КОРСТОН:** Мелис Бейшенбаевич биздин салтта даамды таштабайт.

**МЕЛИС:** Түшүндүм. Түштүктөгүлөрдүн ушул характери мага жакты. (Баары ордуларынан турушат).

## КӨРҮНҮШ

Президенттин иш бөлмөсү. Көз тайгылткан стол, стулдар. Төшөлгөн килемдер. Президент кирип, ордуна олтурары менен баскычты басат, жардамчы кирет.

**ПРЕЗИДЕНТ:** Вице президентти анан өкмөт башчыны чакыр, мага киришсин.

**ЖАРДАМЧЫ:** Жарайт.

**ПРЕЗИДЕНТ:** (чырылдаган телефондун трубкасын көтөрөт) Да, саламатсызбы? Американын элчилигиненби. Жакшы, жакшы. Америкадан делегация келдиби? (Саатын карап), бир сааттан кийин кирсин. Макул, макул (трубканы коет). (Мелис менен Таңгышев кирет.)

**ЭКӨӨ:** (жарыша) саламатсызбы урматтуу президент, жакшы дем алып келдиңизби?

**ПРЕЗИДЕНТ:** Саламатчылык, жакшы дем алдым. Өзүңөрчү?

**МЕЛИС:** Дем алуу ойдогудай десем болот.

**ТАҢГЫШЕВ:** Баары жакшы ырахмат алыбызды сураганыңызга.

**ПРЕЗИДЕНТ:** (чоң дептерди барактап) Мелис Бейшенбаевич, Жалалабатка барып келдиңизби?

**МЕЛИС:** Бардым, облустун ак үйүнүн алдында топтолгон элге туш болдум.

**ПРЕЗИДЕНТ:** (кунт коюп) Эмнеге топтолгон эл экен?

**МЕЛИС:** (олуттуу) Бекмамат Осмоновду иштен алып бересиңер деген талап менен топтолуптур (өзүнчө) Бекмаматты колдойбуз деген топ эле го. Эл менин президентке тескери маалымат берип жатканымы билип коюпбу? (Ушул жерден Таңгышев сөзгө аралашат).

**ТАҢГЫШЕВ:** (Өкмөт башчысы катары Осмоновдун кайра тартпастыгын жактырбай) Урматтуу президент кечирип коесуз, андай орой, өзүм билемдикке салган адамды чоң кызматта кармап туруунун кажети жок деп ойлойм.

**ПРЕЗИДЕНТ:** Сиздердин маалыматка караганда Осмонов облустун башчысы болуп турушу татыксыз экен да?

**МЕЛИС:** (сөздү алып) Мен Жалалабатка барып Осмоновдун жетекчилик ишин, өзүн алып жүрүүсүн изилдеп, официалдуу, официалдуу эмес болуп, Жалалабатта алты жолу болдум. Өмүрбек Таңгышевичтин оюн толук колдойм.

**ТАҢГЫШЕВ:** Урматтуу президент дагы бир сөз да, Осмонов миңдей адамдар чогулган жерде бизди "Саясий кызтеке" деп атаптыр. Бул эмне деген палван ооздук!

**ПРЕЗИДЕНТ:** (таң калып) Оозунан ушундай сөз чыктыбы?

**МЕЛИС:** Өмүрбек Таңгышевичке айткамын, Жалалабаттык туугандар силерди "саясий кызтеке" - деп айтты дешип чуулдап жатышат.

**ПРЕЗИДЕНТ:** (намыстанып) Бул аша чапкандык!

**ТАҢГЫШЕВ:** (көңүлдүү) Облусту жыргатып башкарып жиберген жери жок.

**МЕЛИС:** Элди наразы кылбайлы урматтуу Президент.

**ПРЕЗИДЕНТ:** Мен эки күндөн кийин иш менен Жалалабатка барам. Иш сапарымды даярдагыла. (тигилер чыгып кетишет). Президент өзүнчө калып, бөлмөдө нары-бери басат, (өзүнчө) Осмоновду эл жакшы көрчү эмес беле. Эми болсо баары башкача чыгып жатпайбы. Эл дагы бекеринен наразы болбосо керек. Бара көрөм!

Эл айтканы туура болсо, токтоосуз кызматтан алам. Мага ошол керек. Каяша айтып, жоон моюндук кылгандарды тазалап туруш керек. Муну көптү көргөн еврей чал айткан болчу. Айдаган жагыңа барган, айтканыңа көнгөндү кызматка ал. Мугу туркиялык аалым айткан. Баш көтөргөн кызматкер мага каардуу душман! (Нары бери басат).

Президент айтканындай Жалалабатка келет. Аны облустук ак үйдүн алдында аянт толгон эл тосуп алат. Дээрлик баары Осмоновду колдогондор эле. Президент күчтүү кайтаруу менен келди. Ал эл алдында азыраак сөз сүйлеп, толкуган элди тынчтандырууга аракет кылат. Бекмамат Осмоновдун кызматтык тагдырын чечүү жабык эшик артында облустук кеңештин кезексиз сессиясында улантылат. Сессия башталганга чейин - биз Осмоновду колдойбуз - деп күпүлдөгөн айрым депутаттар Осмонов маселеси оор экенин, Осмонов үчүн кызматтан кетип калгылары келбей, сессиянын жүрүшүндө Осмоновду катуу сынга алышат.

Депутаттардын айрымдары оозуна суу ууртап алышкансып, унчукпай кутулушат. Осмоновдун адамдык касиетин, эмгегин баалаган, чындыкты айтуудан жалтанбаган депутаттардын сөздөрү кошоматчылардын үндөрүнүн арасында кумга сиңген суудай билинбей житип жок болот. Бул жыйында Осмонов бийликке таянган кошоматчы, көрөалбастардан ачык эле утулууга аргасыз болот. Ошондо да ал президентке тике карап, бийликке кызыкдар эместигин, болгону көтөрүлүп жаткан маселени реалдуу чечип берүүнү өтүнөт. Мындайда кайдагы калыстык? Бекмамат Осмоновду колдойбуз деп облустун район, шаарларынан келген өкүлдөр сыртта чындыкты күтүп турушту. Чогулушка Осмоновду каралап, жектеп сүйлөгөн, бийликтин кошоматчылары киргизилген болчу. Ошентип Осмонов жөнүндө анын колдоочулары бийликтегилерден чындыкты уга алышкан жок. Көрөалбастык, кошоматчылык, мажирөөлүк, билимсиздик бийликке таянып жолборс жүрөк жигитти ээрден оодарып түшүштү...

## КӨРҮНҮШ

1992-жылдын 3-декабры, кечки саат 17.00. Карандай суук. Жерде кар жок. Жалалабат облустук бийликтин жыйындар залы. Бул жерге кирип чыккандар арбын. Орундуктарда сүйлөшүп отургандар бар. Сыртта тамеки чегип тургандар, топтолуп сүйлөшүп тургандар. Маанай ачык, маанай чегүңкүлөр бар. Бул жерге келгендер бүгүн кандай маселе

күн тартибинде бар экенин жакшы билишет. Залга Бекмамат Осмонов киргенде зал ичи тынчтанды.

**ОСМОНОВ:** (залга көз жүгүртүп) Туугандар, дагы 40-50 мүнөткө күтө турасыңар. Бишкектен келген самалет Жалалабатка коно албай Ошко азыр конуптур. Келе турган меймандар азыр Оштон чыгышты: (саатын карайт) Анан чыгып кетет. Осмонов чыгып кеткенден кийин зал ичи дуулдай түшөт. Сыртка чыкканы сыртка чыкты. Тамеки чеккени тамеки чекти. Бир тобу тегерек тартып, жаңы жетекчини мактап жатышты. Мурдагыдай Осмоновду жандаган караан жок. Мүмкүн болушунча өздөрүн андан алыс кармоого аракет кылышты.

Жаңы жетекчиге "Осмоновду тигил жандап жүрдү, тиги жакын - деп жеткирчү "айгактар" арбын экенин аңдабай билгендер болду.

Бир убакта адамдар залга дүрбөп кире башташты. Айрымдары орундук таап, отурууга үлгүрбөй калды. Сырттан Осмонов баштаган төрт адам кирет. Президиумдан орун алышат. Сөздү Осмонов алат.

**ОСМОНОВ:** (мурда кандай болсо ошондой) Урматтуу жолдоштор, биринчиден сиздерден кечирим сурайм, кепке кармалып калдыңар. Бүгүнкү облустук активде каралчу маселе бирөө. Уюштуруу маселеси, алгачкы сөз республиканын вице президенти Николай Виллиаронович Кузнецовко берилет (сөздү тамашага буруп) Президенттин Жалалабат облусу боюнча куратору, себеби бул адам Жалалабат облус башчыларын кызматка коет, алат. Ошондой учурда гана Жалалабатка келет. Кузнецов адегенде Бекмамат Осмоновдун өз арызы менен ээлеген кызматынан бошотуу, андан кийин облустун жаңы жетекчисин дайындоо тууралуу президенттин указдарын окуйт. Жаңы жетекчинин дайындалышы Осмоновдун оппоненттерин катуу кубантты. Санаалаштарынын көңүлүн чөгөргөндөй болду.

**ОСМОНОВ:** (активде сөз алып) Чогуу иштештик туугандар. Мен баш болуп, ушул жерде отурган активдер элге кызмат кылсак деген ниетте болдук. Канча иш бүттү. Канчасы бүпөй калды. Иш үчүн жакшы да, жаман да айтыштык. Муну мен сиздерге жакшысын алат, жаманын кечирет деп айтып жатам. Биз жасай албай калган иштерди жаңы

жетекчи колго алат деп ойлойм. Баарыңыздарга жакшылык тилейм, аман болуңуздар!
(Актив бүтүп, залдан адамдар чыга баштайт).

## Кошумча маалымат үчүн

Бекмамат Осмонов жаратылыш турпаты, акыл-эси, жүрүм-туруму жагынан замандаштарынан өзгөчөлөнүп тургандыгын аны менен кошо жүрүп, бирге иштегендер айтышат. Ал шымаланып, элине кызмат кылып берсем деп аттанганда эле көрөалбастыктын курмандыгы болду. Анын бетке айткан тайманбастыгы, эр жүрөктүүлүгү бийлик башындагыларга, алардын жан-жөкөрлөрүнө жаккан эмес. "Өзөктөн чыккан өрт жаман - өзден чыккан жат жаман" деп айтылгандай, Осмоновдун душмандары бөлөк жактан келбесе керек. Чогуу чараан чоңойгон, сындырым нанды бөлө жешкендердин арасынан душман бар экенин туйду. Бирок өтө кеч сезди. Мындай болот деп түк ойлогон эмес.

Облустук жетекчиликтен кеткенден кийин "кыргызагро-инэкс"тин түштүк филиалында башкы директор кызматында иштеп калды. Иш бөлмөсү Сузак райондук акимчиликте болчу. - Бөлмөнү бошот, башка жактан жай таап ал - дешип бийликке жагынгандар Осмоновду ал жерден да кетирүүгө далбас кылышкан. Кийин Ошто жашап, иштеп калды. Адегенде Ош облустук мамадминистрациясында биринчи орунбасары кызматында болду. Облустук кеңештин депутаттыгына талапкерлигин коюп, депутат болуп шайланды. Биринчи уюштуруу сессиясында депутаттардын колдоосуна ээ болуп, облкеңештин төрагалыгына шайланат. Бекмамат Осмонов кайсыл жерде, кайсыл кызматта иштебесин анын дарегине негизсиз асылуулар токтолгон эмес.

**Ушул жерден Осмонов жетекчилик кызматта турганда жасаган иштерине кыскача токтолоюн.**

Облустун башчысы катары Бекмамат Осмонов элдин жашоо турмушун жакшыртууга өзгөчө көңүл бурган. Ошону менен катарда элдин рухун көтөрүү экономикадай эле эң маанилүү иш экенин эсинен чыгарган эмес. Нооруз майрамы элдин түшүнүгүндө жок маалында Нооруз майрамын жогорку деңгээлде өткөрүп, элдин аң-сезимине ыйман, боорукердик, өз ара түшүнүүчүлүк деген түшүнүктөрдү алып келген.

Маданият кызматкөрлерине бир жолку стипендия берилсе, көрүнүктүүлөргө жылдык стипендия чегерген. Журналисттер калкынын түйшүгү көп, маянасы аз экенин сезип, аларды мамлекеттик автобустарда акысыз жүрүүгө буйрук чыгарган. Улуу Жеңижок акындын 130 жылдык маарекесин утурлап акындын мекени Аксыда анын музейи Бекмамат Осмоновдун түздөн-түз кийлигишүүсүндө ачылган.

Облус жетекчилик кызматына чейин Токтогул районунун биринчи катчысы болуп иштеп турганда райондо улуу акын Токтогулдун анын шакирттери, Коргоолдун, Жоомарттын үй музейлери Осмоновдун жеке демилгеси менен курулган. Кетментөбөлүктөр келечектүү мындай ишке азыр да сыймыктанышат, Бекмаматтай жетекчини эстеп жүрүшөт.

Убагында падышалык Россияда Мамонтов, Морозов, Рябушинский, Третьяков сыяктуу байлар маданиятты өнүктүрүү үчүн көп акча каражаттарын беришкен. Азыр Кыргызстанда кайсы бай маданият өнүп-өссүн деп каражат берип жатат? Ойлонуп көр бир боорум!

Осмонов тирүү болгондо орустун байларындай эле маданиятка өз салымын кошоору турган сөз эле.

Бийликтегилердин калыссыздыгы, бийлик тегерегиндегилердин кошоматчылыгы, билимсиздиги Осмоновду катуу кабатырланткан. Мунун баары анын ден соолугуна терс таасирин тийгизген. Элүү эки жашында жүрөгү согуудан калды, кайран жигиттин!...





# Макалалар

## ТАРЫХТАГЫ АДАМ

### *же, улуу инсан Исхак Раззаков жөнүндө*



Эл оозунда аңыз болуп айтылган мамлекеттик, коомдук ишмер, кыргыз элинин көрүнүктүү уулу Исхак Раззаков жөнүндө айтуу, аны дайыма эскерип туруу биз үчүн канчалык сыймык, канчалык оор...

Куттуу жер Лейлектин Коросон деген чакан айылы мындан туптуура токсон беш жыл мурда кыргызга бир перзентти тартуу кылды. Ата-эне уулдуу болгонуна кубанып,чакан үйдү шаңга бөлөп, кошуналарга той өткөрүп беришти. Баланын өмүрүн тилешип, келечекте кандай адам болооруна баам да салышпады ата-эне. Бала чуркап, тили чыгып калганда апасы Жамийла каза болуп калды. Үч жашар Исхак боз үйлөрдүн эшигин ачып карап жүрсө,-эмне издеп жүрөсүң балам - деп сураган байбиченин суроосуна-апам Жамийланы издеп жүрөм-деп, ошол жердегилердин баарын ыйлаткан. Ошондо көкүрөгү зирек адамдар -мындан кийин бир нерсе чыгат дешип таң калышат. Өзүн окууга алып бараткан атасы жолдо каза болуп, алты жашында Исхак томолой жетим калат.

Тагдырдын таш боордугун кара. Томолой жетим Исхак Ходжenttеги балдар үйүндө тарбияланып, жогорку класска барганда Өзбекстандан окуусун улайт. Дегеле дээринде бар бала кайсыл жерде окубасын өзүнүн билимин, жендөмүн ырастады. Өзбекстанда жашап, иштеп жүргөндө Исхак Раззаков жөнөкөй кызматкерден жогорку мамлекеттик кызматтарга чейин өсүп жеткенин ал туурасында кабары барлар жакшы билишет. Кыркынчы жылдардын орто ченинде жетекчи кадр боюнча кыргызга бир чоң оомат келди. Өзбекстанда жетекчилик кызматта иштеп такшалган Исхак Раззаков өз мекенине Министрлер Советинин терагасы кызматына келип турду. Бул кыргыз эли үчүн зор кубаныч

болгонун айтып жүрүшөт. Элдин кубанычы акталып, Исхак Раззаков өз билимин, жаштык энергиясын элине арнап иштеп жатты. Генсек Сталиндин буйругу менен беш жыл өткөндөн кийин Исхак Раззаков Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин биринчи катчылыгына дайындалат.

Кыргызстан элүүнчү жыл менен алтымышынчы жылдардын аралыгында экономикалык жактан чоң өсүшкө ээ болду. Ондогон өнөр жай ишканалары курулуп,ишке кирди. Алардын катарында Фрунзедеги комволдук нооту комбинаты, Оштогу кездеме токуучу комбинат, Токтогул ГЭСи ж.б. илим, билим жайлары түзүлүп, элдин билимге, кесипке болгон талабын жеткиликтүү канаттандыруу жаралды. Айыл чарбасында да зор өзгөрүүлөр болуп жатты. Кыргызстандын стратегиялык багытын аныктаган пахта менен кызылча аянттары кескин көбөйдү.

Исхак Раззаковдун адамдык улуу касиети, уюштуруучулук жендөмү бардык тармактарда ийгиликтердин жаралышына негиз болду. Бул женүндө мамлекеттик, коомдук ишмер Апсамат Масалиевдин жетекчилигинде жазылган "Улуу инсан" деген китепте өтө кеңири айтылып кеткен.

Мекенин, элин жанындай сүйгөн Исхак Раззаков укмуштуудай ораторлук жөндөмгө ээ болгон. Анын мындай касиети жөнүндө улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов; - студент кезибизде Раззаков өткөргөн жыйынга анын сөзүн угуш үчүн барат элекдейт. Сталин Исхак Раззаковту бекеринен - Орто Азиянын булбулу - деп атаган эмес.

Ар кандай берилген ыңгайсыз суроолорго ал дароо жооп таба билген. Алматы шаарында чогулуш болуп калат. Ага СССРдин генсеги Н. Хрущев катышат. Исхак Раззаков сөз сүйлөп жатса, ага Хрущев минтип суроо узатат: -жолдош Раззаков,Казакстан бир миллиард пуд эгин беребиз деп жатышат, силер канча эгин бересиңер - дейт. Анда Раззаков: - казак, кыргыз бир тууган элбиз. Эки республика биригип, өлкөгө бир миллиард пуд, он миллион тонна эгин беребиз - деп жооп бергенде жоопко ыраазы болгон Хрущев шатырата кол чаап жиберет.

Жетекчинин ишиндеги кемчилиги үчүн катуу айтып, көңүлүн ооруткан эмес. Бир жолу совминдин төрагасы К.Качкеев экөө Өзгөнгө барышса, Жолдош деген башкарманын пахта

талаасын от басып кеткен болот. Абалды түшүнгөн башкарма калпагын алып жерге чаап,- чачымы жеген курт, мээми деле жеп койсо болмок- дейт. Анда Раззаков-жолдош Качкеев талааны башымдай кылып тазалап койом деп жатпайбы-дейт. Көрсө, башкарманын чачы жок экен. Үч күндөн кийин кемчилдик оңдолду деген телеграмма башкармадан келет. Балдар үйүнде өсүп, башка жерде иштеп келгендиктенби, же дээриненби Исхак Раззаков интернационалист болгон. Бул туурасында мамлекеттик кызматта иштеп жүрүшкөн Ю.Беляк, А.Иордан ж.б., өз эскерүүлөрүндө жазышат.

Ал орус, езбек, тажик, казак тилдеринде эркин сүйлөй алган. Кадамжайда эл менен жолугушууда Исхак Раззаков залды бир сыйра карап алып, адегенде кыргызча, анан езбекче, тажикче баяндама жасаган. Ошондо зал ичи көпкө чейин кол чабууларга жаңырып турганын айтып жүрүшөт.

Адабият, маданият, билим берүү, медицина тармактарынын калыптанып өнүгүшүнө Исхак Раззаковдун салымы эбегейсиз. Бир мисал, орус мектептерине кыргыз тилин окутууну киргизген.Окуучулардын бир маал тамагын бекер кылдырган. Бирок ушул жасаган ак иши айланып келип, өз башына келтек болуп тиерин түк оюна албады.

Көп улуттуу Кыргызстандын гүлдөп өнүгүшү үчүн ал болгон билимин, аракетин сарптап, жан үрөп иштеп атканы айрым кыкеңдерге жакпады. Ачык эле Искак Раззаковтун ишинен кемчилик издөөгө өтүштү. Интернационалдуу тарбия апган жетекчи бөлүнүп жарылуу болоорун ойлободу. Анда иштеп берсем, мекенимди гүлдөтсөм деген сүттөй ак тилек болгон.

Бирок ич күйдүлүк, көрөалбастык акыры аны кызматтан чаап түшүп, киндик каны тамган мекенинен башка жакка кетүүгө аргасыз кылды. Болгону ага "улутчул" деген жарлык тагылды.

Кыргыздын кылымдарда бир келчү кыраан уулу Москвада мекенине болгон айтып түгөтө алгыс кусалыгын көкүрөгүнө ка тып, жашап жүрүп өтүп кетти. Арман дүйнө, сөөгүн алып келип коюуга эки метр жерди ыраа көрбөдүк ко ага! Кеч болсо да сөөгү келди мекенине.

# АЛЫНБАЙ КАЛГАН КОЛТАМГА



1984-жылдын декабрь айы болчу. Күн суук, түкүрсөң, түкүрүгүң жерге түшкүчө тоңуп алкан. Кардын калыңдыгы бир метрден ашып түшсө дагы маал-маалы менен кар жаап турган. Ошол учурда Бишкекте (Мурдагы Фрунзе) аграрчылардын бүткүл союздук төрт күндүк семинар-кеңешмеси өтүп калды. Ага обкомдордун, райкомдордун айыл чарба бөлүмүнүн башчылары, газеталардын айыл чарба бөлүмүнүн тейлеген журналисттер катышышты. Мен дагы Сузак райондук газетасынын айыл чарба бөлүмүн тейлегендиктен бул форумга катышып калдым.

Борборго келгендер "Кыргызстан" мейманканасынан орун алышты. Барып келген жол кирелери бекер болду. Семинар-кеңешмеге союздун менмин деген агрардык окумуштуулары катышып, өлкөнүн айыл чарбасын өнүктүрүү багытындагы баяндамаларды жасашты. Биз үчүн семинар кеңешме көп нерселерди берди.

Семинар кеңешменин акыркы күнү биз менен Чыңгыз Айтматов жолугаарын кулакдар кылышты. Белгиленген убакытта ар кимибиз ордуларыбызга келип олтуруп, улуу сүрөткердин залга киришин күтүп калдык. Аңгыча биздин курстун жетекчиси болуп жүргөн Кашкабаева деген эжеке шашып кирип, - Чыңгыз Төрөкулович келатат - деп калды. Муну угуп баарыбыз ордубуздан копшолуп, эшикти карап калдык. Менин арт жагымдагы катарда оту рушкан смоленскилик делегаттар Айтматов ким дегенчелик кылып сүйлөшүп калышты. Аңгыча шаша баскан Чыңгыз агай залга кирип келди. Сууктун катуулугун кара, колдорун ушалап алыптыр. Президиумда отурган топ тура калып, Чыңгыз агай менен жылуу мээримде учурашып, ага ортодон жай бошотушту. Чыңгыз агай залдагылар менен да баш ийкешип, сүйкүмдүү учурашкандан кийин гана орундукка отурду.

Ошол жолугушууда Чыңгыз агай бир жарым саат тикесинен тик туруп суроoорго жооп берди. Жөнөкөй суроолордон баштап,

дүйнөлүк глобалдуу маселелерге чейин камтылды. Ошондо сөзүн минтип баштаган болчу. "Менин бул жерге бир мүнөткө келүүгө чамам жок эле. Курсташым, табакташым, курбум Ботбаев Иляс Махмудовичтин көптөгөн сураныччынан кийин келүүгө милдеткер экенимди сездим. Союздун эң мыкты окумуштуу - адистери менен жолугушуп отурганымдын езү мен үчүн бактылуу мүнөттөр". Ошондо арт жакта отурган меймандар Чыңгыз агайдын билимине, талантына аябай ыраазы болуп кол чабышканы дале эсте турат. Иляс Ботбаев болсо, Алай тукумундагы койлордун ойлоп табуучусу, айыл чарба илимдеринин доктору. Кеңешменин Бишкекте етүшүнө да ошол кишинин салымы айтаарлык болгон. Суроо жоопто Приморье крайынан келген бир жаш аял өзүн Чыңгыз агайга тааныштырып, - мен сиз менен бетме-бет болуп, сөзүңүздү укканымы эл жериме барганда далилдеш үчүн китебиңизге кол тамга калтырып берсеңиз - деп калды.

Анда Чыңгыз агай жарк деп жүзүн жадыратып - колтамга берүүгө даярмын - деди. Мен дагы улуу жазуучудан колтамга алып калууну ойлоп, сырттагы китеп сатчу жөрге ашыктым. Кечээ эле Айтматовдун жыйылып турган китебинин бири жок. Көрсө, колтамга жаздырып алыш үчүн кеңешменин катышуучулары китептерди калтырбай сатып алышыптыр. Китептерди сатып алган эмес элем. Ал китептер үйдө бар болчу. Бул сапар Айтматов менен кез келем деп үч уктасам түшүмө кирбептир. Эми болсо, китеп издеп ары-бери чуркап тим болдум. Жазуучудан колтамга ала албай калганыма абдан өкүндүм.

Алынбай калган колтамганы азыр да эстейм. Ошондо Чыңгыз агай 56 жашта болчу. Мезгилдин күлүктүгү. Мен минтип бир кездеги агай менен жолугушкан учурду чиймелеп жатканда ал адам 70 жашка жетип барды. Чыңгыз агай, ылайым улутуңуздун бийик руху болуп, биз менен бирге болуңуз!

Биз сыймыктанып, биз эле эмес баары сыймыктанган Чыңгыз агай адабият үчүн, маданият үчүн көп иш жасады. Анын бул эмгеги Союздун Баатыры, "Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры" деген жогорку наамдарды алып келди. Адабият үчүн көптөгөн өлкөлөр өз сыйлыгын берди. Бүгүнкү күндө жазуучунун чыгарма лары 60тан ашуун тилдерге которулуп окулуп жатканы ардак, урмат эмей эмне? Дагы да даңкын көтөрүп алып жүрө турган сыйлыктар Чыңгыз агайдын алды жагында күтүп турганы айдан ачык эмеспи!

# АЙКӨЛДҮК

Султан Ибраимов кыргыздын тарыхта калган инсандарынын бири десем жаңылбайт элем. Ал жөнөкөй жумушчудан



Кыргыз ССР Министрлер Советинин (азыркы премьер министри) төрагалык кызматына жеткен адам. Ичсе ашка, иштесе жумушка тойбой турган курагында партиянын Ош обкомунун биринчи катчылык кызматына келет. 1967-жылдар болсо керек. Түштүк анда бир эле облус болчу. Султан ава Ошту он жыл башкарып, облус болуп көрбөгөндөй өнүгүүгө ээ болгон. Түштүктүн стратегиясы болгон пахтачылык менен тамекичиликке езгөче маани берилип, аянттар кеңейтилип, түшүмдүүлүк жогорулаган. Мал чарбасы дүркүрөп өсүп асылдуулук өркүндөгөн. Айрыкча өнөр жай тармагы өнүгө баштаган. Карапайым элдердин жашоосу жакшырган. Илим-билимге көңүл бурулган.

Облус ар тараптан өнүгүп, иштин жыйынтыгы боюнча Ленин ордени менен сыйланууга арзыган.

Султан аванын мамлекетке, карапайым элге жасаган эмгеги оштуктар тарабынан даңазаланып айтылып келет, айтыла да бермекчи.

Негизи Султан Ибраимов кандай адам болгон? Мына ушуну билүү максатында эл аралап кеткен, ал тууралуу кептерге кулак төшөп көрөлү:

Султан ава тоют даярдоонун абалын өз көзү менен көрүү максатында Ноокатка барып калат. Райкомдун биринчи катчысын алып, чарбаларды кыдырып, тоют даярдап жаткандар менен сүйлөшүп, жашоо шарттары менен таанышат. Түн кирген чакта кайтып келе жатышса, ат арабага чөп жүктөп келе жаткан адамга кез келишет. Райкомдун биринчиси тиги кишини – чөп уурдапсың, - деген таризде жемелей баштайт. Султан ава машинадан түшүп, тигилерге басып барат. Чөп алып келе жаткан адам: - Каралашаар адамым жок. Карып

калган чагым. Трактирден түшүп калган чептөрдү жыйнап келе жаткан учурум - дегенде, Султан ава - үйүңүзгө чептү жеткирип алыңыз. Бул үчүн кабатырланбаңыз - деп карыяны жылуу жумшак узатып коюп, биринчи катчыга - биздин милдет, ушундай карыя адамдарга камкордук көрүү экенин унутпайлы - дейт. Биринчи катчы ошол карыяга бир машине чөп жеткиртип, жыйып бергенин Султан авага кат түрүндө билдирген.

Жумуш күндөрүнүн бириндe Султан ава иш бөлмөсүндө иштеп жаткан. Аңгыча кабылдамадагы кыз бирөөнү урушуп жатканын сезип калат. Эшикти ачып караса, кабылдамада бир байбиче отурат. Султан ава аны өзүнө киргизүүнү катчыга дайындайт. Байбиче бөлмөгө кирээри менен жердеги килемдин үстүнө отура калып, Султан авага ак тилек батасын берип жиберет. Бул көрүнүшкө Султан ава кызык абалда калат да, - эне жерге отурбаңыз, мына үстөлгө отуруңуз – деп отургучту көрсөтөт. Отургандан кийин ал-акыбалын сурап эненин, келген чоо-жайын сурайт.

- Балам, Чоң-Алайдан келдим. Чалым экинчи топтогу майып. Согуштан алып келген. Бала-чака жок. Экөөбүз эле турабыз. Үйүбүз тамчы өтүп, жыгылганы турат. Жардам сурап, райондун чоңдоруна көп эле кайрылдык. Жардам болбоду. Айла кеткенде өзүңө жардам сурап кайрылдым балам - дейт. Султан ава байбичени жылуу узатып, тамак-аштан жардам берип, үйүнө машинада жеткиртип коет.

Кеч күз ошол байбиче Султан авага атайын келип, - жаңы, жарашыктуу үй курдуртуп бердиң балам - деп Султан аваны кайра-кайра алкап, жетине албаптыр.

Сексенинчи жылдардын баш чени болсо керек. Пахта терим маалы күч экен. Ош облусунун пахтасынын дээрлик көбүн Карасуу, Сузак, Ленин райондору берчү. Пахта планын ким биринчи толтурат деп Ленин менен Сузак катуу атаандашат эле. Карасуу районунда пахта кечирээк ачылат болчу. Ленин районунда (азыр Ноокен) Коминтерн менен Коммунизм колхоздору пахта планын бир күндө аткарып, рапорт беришет. Эки колхоздун раистери план толгонду белгилеөөнү чечишет. Графинге арак алып келишип эми ичели деп турушканда эшик ачылып, Султан Ибраимов, анын орунбасары Петр Ходос кирип келишет. Амандашып болгондон кийин ичээрге муздак суу барбы - дейт Султан ава.

Раистер кайсалактап туруп калышат. Графин менен жанында турган кырлуу стаканды көрүп - суу бар турбайбы - деп Султан ава аракты стаканга толтура куюп жутуп жиберет да ачуурканганын сездирбей – кечинде жолугушабыз - деп коюп чыгып кетет. Эгер Султан авадан башка болгондо ошол жерден раистер угар сөзүн угуп, алар жазасын алмак. Раистер чийки май жегендей болуп, кечти күтүшөт. Обкомдун биринчи катчысы кандай чара колдонот, экөөнү кыжаалат кылган ушул ой болот. Күткөн убакыт келип, чогулуш башталат. Чогулушта Султан ава эки раисти эмгек жеңиштери менен куттуктап, акчалай сыйлык ыйгарат. Эки раис Ибраимовдун айкөлдүгүн көпкө чейин калың журт арасында айтып жүрүшөт.

Жолон Мамытов Москвадагы Горький атындагы бүткүл дүйнөлүк адабият институтунда окуп жүргөн маалы экен. Москвадан Ошко самалетто учуп калат. Султан Ибраимов менен жанаша отуруп, Ошко келип түшүшөт. Ошондо Султан ава: - Машинада мени менен кетесиң иним - деп сунуштайт. Султан ава үйүндө түшүп калып, айдоочусуна - Жолонду үйүнө жеткирип кой - деп табыштайт. Мындай адамгерчиликке Жолон акын эмне деп алкоо сөз айтаарын билбей алдастайт.

Биз ырын сүйүп ардактаган Рыспай Абдыкадыровду да Султан ава машинасында үйүнө жеткиренин анын минтип эскерген жери бар:

"- Иштен чыгып, үйгө кетүүнүн амалында аялдамада тургамын. "Волга" жеңил машинасы келип токтоп калды. Айдоочу мени өзүнө чакырып, алдыңкы эшикти ачып - отур деди - деди. Отуруп жатып, арттагы орундукка көз жүгүтсөм, Султан Ибрагимович отуруптур. Ыңгайсыз абалда, кайра түшүп калсамбы дегиче - Рыспай, отур, отура гой, үйгөбү - деди. Мен - ооба - дедим. Жолдо катар бир топ сүйлөштүк. Үйгө жетээрде аяк-быякты карап коем. Обкомдун биринчисинин машинасы менен келгенимди бирөө жарым көрүп калса, кандай бактылуумун деп ойлоп коем. Өчөшкөнсүп ошол барганымда кошуна-колоңдон бирөө жарымы мени көрбөгөнү өкүндүрдү".

Абылкасым Малаев Сузак райондук "Пахтачы" гезитинде жооптуу катчы болуп эмгектенчү. 1975-жылы жай аяктап, күз башталып калган учур. Тажик Республикасынын маданият

күндөрү Кыргызстанда өтүп калды. Тажик достордун жоон тобу Сузакка да келишти.

Аларды Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимов өзү баштап келди. Бир демде Сузактын борбору майрамга айланып кетти. Ошол майрамдык салтанатта Абылкасым Малаев тажик меймандардын урматына "Куш келипсиз, азиз достор" деген ырын окуп бергенде дүркүрөгөн кол чабуулар коштоп турду. Салтанаттын аягында Султан ава "Жанагы ыр окуган жигитти мага чакырып койгулачы" - дептир. Абылкасым акенин колун кысып: - Талантыңды еркүндөт, сага ийгилик каалайм, - деп ак каалоосун айтып, жаш жигиттин көңүлүн көтөрүптүр. Султан ава Малаевди көңүлүнө сактайт да, аны Алай райондук гезитинин редакторлугуна сунуш кылат. Малаев партиянын катарында жок экен. Аны дароо кандидаттыкка кабыл алышып, бир жылдан кийин КПССтин мүчөлүгүнө өтөөрү менен Алай райондук гезитине редактор болуп барат. Султан аванын адамды көрө билип, анын орду каерде экенин сезе билгенинде эле. Абылкасым Малаев Алайда бир топ жыл иштеп, Араван райондук гезитине редактор болуп которулуп, ал жерде он беш жылдан ашуун иштейт.

Аравандан өзү туулуп өскөн Сузактын "Көк-Арт нуру" гезитин жетектеп, ардактуу эл алууга чыгат.

Мен мисалга тарткан окуялар Султан ава жөнүндө айтылгандардын бир чети гана. Ал адам тууралуу эл ичинде даңазалуу канча сөздер катылуу. Ал сөздөр өлбөй турган сөздөр! Каргашалуу өлүм анын ысмын эч качан жок кыла албастыгын мезгил өзү моюндап отурат!



## БИРИНЧИ ЖАНА АКЫРКЫ ЖОЛУГУШУУ

1991-жылы Жалал-Абад телерадио компаниясы негизделип, мен анда иштеп калган кезим. Күндөрдүн биринде жумушка келип, иш бөлмөмдө отурсам, жетекчибиз Рысбай Жумабеков кирип келди. Амандашкандан кийин - бүгүн түштөн кийин премьер-министр Насирдин Исанов Жалал-Абадка келет экен. Сен саат терттөрдө аэропортто болгун - деп коюп чыгып кетти.



Күздүн акыркы күндөрү, тактап айтканда ноябрдын 28и болчу. Таң аткандан күндүн көзүн көргөзбөй кою булут асман бетин жапкан.

Айтылган убакытка аэропортко келдим. Келсем аэропортто ууруган-чууруган адам деле жок. Бир оокумда аэропорт өкүлү: - Аба ырайынын бузулганына байланыштуу премьер-министр учкан вертолет Жалал-Абад курортуна конот - деп жарыя кылды. Исановду күткөн жетекчилердин машиналары биринин артынан бири курортту көздөй зуулдап жөнөп калышты. Мен анан журналист Аким Акжолов (обл. гезиттин редакторунун орунбасары) экөөбүз Жалал-Абад облустук администрация башчысынын биринчи орун басары Баатырбек Анарбаевдин машинасына араң илешип калдык.

Курортко тез ылдамдыкта жеттик. Вертолет курорттун батыш тарабындагы деңге небак конуп, андан түшкөн Исанов баштаган топ ылдый карап түшүп келе жатышкан экен. Ортодо Насирдин Исанов башында бапах, жарашыктуу пальто кийип, мага айрыкча жагымдуу көрүндү. Аны коштоп жүргөндөрдүн көбү башка улуттардан экени көрүнүп турду. Алар тегизге түшкөндөн кийин жолугуштук. Насирдин Исанов аны тосуп алгандар менен көңүл коюп, мээримдүүлүк менен учурашып жатты. Биз менен да жылуу маанайда учурашты. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өзүмү Насирдин Исановичке таанышк-

тырдым. Облустук телерадио компаниясынын кабарчысынын суроолоруна жооп берүүнү өтүндүм.

Ал киши дароо макул болду. Ошондогу менин суроолорумдун негизин кыргыз жеринин жаратылыш байлыктары, өз алдынча болгон Кыргызстандын келечеги түзгөн болчу. Насирдин Исанов төрт-беш суроого абдан көңүл буруп, так, ынанымдуу жоопторду берди. Суроо-жооп бүткөндөн кийин - иним, меймандардан да интервью алууну унутпа - деп жанындагы Бирштейнди көрсөттү.

Бирштейн болсо, менин суроолрума кыска жоопторду айтып кутулду. Маегибиздин соңунда Насирдин Исанов тамаша чынга салып, - кыргыз жерин мен кичинекей эле деп жүрүпмүн. Жерибиз көрсө, абдан кең экен. Таластан Жалал-Абадка үч күндөн бери жетпейбиз. Вертолет дегениң күн бүркөк болсо учпайт экен. Караңгыда, кою туманда учпайт экен - деп айтканы дагы деле эсимде. Келген меймандар курортко кире турган болушту. Биз эки-үчөөбүз сүйлөшүп турсак Исанов бизге көөдөн буруп карады. Бизге көңүлү түштү окшойт. Ошондо гезит, телерадиодон баргандар адашып, Исановдун башкы күзөтчүсүнүн машинасына отуруп алыппыз. Орус жигит бизди түшүндү окшойт, бизди шаарга таштап, кайра курортко чыгып кетти.

... Өкүмүн салган караңгы түн коркунучтуу окуяларды коштоп келе жаткандай туюлду мага. Аялдамада автобус күтүп, Исановду эстедим да, Султан Ибраимовдой кыска өмүргө туш келбесе экен деп ойлодум. Мен күткөн автобус да келди. Жүргүнчүлөрдүн кажы-кужу кеби кулак сыртынан кетип, өзүм менен өзүм болуп, мен келе жаттым үйгө...

Эртеси ишке эрте келдим. Ишке такай эрте келүүгө аракет кылчумун. Жетекчинин тапшырмасы менен Сузакка кеттим. 29-ноябрь болчу. Райондун борборунда чоң жыйын өтмөкчү.

Жыйын өтчү жерге келсем, топ-топ болуп адамдар сүйлөшүп турушуптур. Өңдөрү суздай көрүндү мага. Четте бирөө менен сүйлөшүп турган "Дружба" совхозунун директору Абдыкадыр Мамаев менен учураштым. Негедир сабыры суз. Көп деле сүйлөбөдү. Күн бүркөк, аба суук тартып турган. Абдыкадырдын сунушу менен бир пиаладан ысык чай ичкени ашканага баш бактык.

Орундуктарга отургандан кийин:

- Төкө, жаман иш болуптур - деди үнү каргылданып.

- Кандай жаман иш болуптур? - деп чочуп көттим.

- Насирдин Исанов Кочкор-Атада автокырсыкка учурaптыр.

-Деги өзү соо бекен? Шашып кетип ушундай суроо узаттым.

-Насирдин Исанов каза болуп, машинада кошо бараткандар аман-соо экен. Суук кабар мени шалдайтты. Чайдан бир-экиден ууртап, кайра сыртка чыктык.

Асмандагы сүрүлгөн кара булуттарды карадым. Ошол булуттар Насирдин Исановду жоктоп, азыр эле жаш төгүп жиберчүүдөй топтолуп жаткандай сезилди мага. - Кечээ көргөнүң, бүгүн жок - деп айткандай кечээ кечинде жаркылдап жайнаган Исанов бүгүн арабызда жок экенин эстеп, Жараткандын алдында алсыз экенибизди моюнга алууга аргасыз болдум. Ойго батып кетсем керек, бир оокумда айланамы карасам, баягы топтошкон адамдардын бири жок. Сумкеми көтөрүп жолго түштүм.

Кечээ эле учурашып, сөзүн тасмага жазып, кыргыздын сүйүктүү адамы менен баарлашканымы кайра-кайра эстеп, өмүр жолуна үңүлем...

... Насирдин Исановду жогорку класстарга кадам коюп калган күндөн билип калдым десем болот. Бул адам жөнүндө гезиттерде көп жазылчу. Өмүр жолун толук билем дегенден өтө алысмын. Эсимде калган учурлары: Комсомолдун Ош обкомунун биринчи катчысы, "Нарынгидроэнерго" каскадынын партиялык уюмунун катчысы, Кыргыз ССРинин курулуш министри кызматтарын аткарып, кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондо анын биринчи премьер-министри болгон.

Ушул адам дүйнө жыйам деп түк ойлобоптур. Эли үчүн, мамлекет үчүн билимин, күчүн аяган эмес. Өмүрүнүн акыркы учурларында да мамлекеттин кен байлыктары анын тынчын алган. Ири өлкөдөн бөлүнгөн тамтуң баскан Кыргызстандын кен байлыктарын оңой жол менен ээлеп алууга алыс, жакын мамлекеттер кызыкдар болгон. Муну Исанов эң жакшы түшүнгөн.

Насирдин Исановдун өлүмү кыргыз коомчулугунда ар кандай күмөн ойлорду жаратып келет.

# МЕНИ СУКТАНТКАН МАКАЛА

***(эссе)***



Турмуш кызык. Бирде өөдө, бирде ылдый. Мына ушул турмушта жашап келебиз. Ар кимдин жашоосу ар башка. Өзүнө бап. Көңүлүңдү көтөргөн жашоо, көңүлүңдү чөгөргөн жашоо. Жашоонун мыйзамы өзү ушул.

Биз ушуларды китептен окуйбуз. Гезиттен окуйбуз. Анан ойлонобуз. Чын эле ушундайбы деп. Чын болбосо, жөнү жок жазылбайт да. Гезитте жазылган макалалар турмушту айтат. Адамдарды бил дейт. Алардын ишин бил дейт. Тарыхты унутпа дейт. Өзү биз кызыкпыз. Окуурун окуйбуз, кызыгып окуйбуз. Окуганыбыздан бирөөлөргө бирдеме айтып бере алабызбы? Же, окуган нерсең, көөдөнүңдө жүрүп, унутулуп кетеби? Маселенин баары ушунда болуп жатат.

Азыр ааламдаштыруу деген нерсе бар. Интернет-сайт, теле-радио, саноого чама жетпеген гезиттер!

Басылмалардагы жарыяланып жаткан макалалар. Ар түрдүү тема. Мазмуну да ар башка. Супсактары арбын. Суурулуп чыкканы аз. Ошого карабай эсте калчуулары да бар. Кыргыз журналистикасына көз таштаңыз. Эгер гезит окуп жүргөн болсоңуз. Чыгаан журналисттер арбын. Кален Сыдыкова, Жаркынай Темирбаева, Бермет Букашева, Мелис Эшимканов (көзү өтүп кетти) Бекен Назаралиев. Бул тизмелерди узарта берсең болот. Жаштар келе жатат. Үмүттөрдү жандырып. Буга кубансак болот.

Кесиптери башка болсо да, макала жазгандар бар. Дооронбек Садырбаев, Салижан Жигитов, Камбаралы Бобулов жана башкалар. Булар курч макалаларды жазышкан. Болгонун болгондой айтышкан. Айрыкча Салижан агай. Бул агайдын жазгандары кызык. Окурманды тартып турат. Ойлору терең. Биз эгемендүү болбодукпу. Элибиздин кулк-мүнөзүн чагылткан макалаларын гезиттерге берди.

Салижан агайдан сөздү угуп, сөздү жазып калууга ар бир калемгер кызыкдар эле. Бул киши көп кырдуу ой жүгүртө алганы менен айырмалана алат башкалардан. Салижан агайдын гезит беттерине жарык көргөн бир топ макалалары окуп калдым. "Кыргыздан соодагер чыкканына кубанам" аттуу макаласында 14-октябрь 1999-жыл "Кыргыз Туусу" гезитинде жарык көрүп калды. Ошол гезит колума тийди. Макаланы окудум. Макалада кыргыз журналисттерине да сын айткан. Элдин али билимин еркүндетүүгө ашыкпай жатканына кейип кепчиген. Агайды кубантканы кыргыз баласынын соода ишине үйрөнө баштаганы.

"Даңазалуу тойлор, жаназалуу ойлор" деген макаласы Бишкектен чыккан гезиттердин бирине жарыяланып калды. Окурмандар кызыгып окушту макаланы. Анда салт-санаадагы жакшы нерселер, элдин жашоосуна зыян кылган кыргызчылык, ыксыз чыгымдарды мисалга тарткан.

Калемдеш досу, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Кеңеш Жусуповдун эскерүүсүндө мындай деп айтылат: "Өткөн өмүр - аккан суу. Жерде кар жатканда күлойронду жоктогон элек, азанын арманы эмгиче арылгансыды, бара-бара көксөө да сууду окшойт.

Салижан Жигитовду бир көргөн, кебин эшиткен пенде эч унутпас эле. Анын биз билип, билбеген дидарынын жылдызы нурданып, мээрими төгүлүп турчу". Мына ушундай сыпаттоонун езүндө эмне деген касиет жатат. Салижан агай чоңдорго жийиркене карап, "Булардын баасы болгону бир козу" - дечү экен. Ал сөзмөр, чулу ойдун ээси экендигин анын жазган макалаларынан, берген маектеринен сезип туйчубуз. Азилкечтиги да сөздөрүнөн байкалып тургандыгын кепчүлүк окурман сезсе керек деп ойлойм. Салижан аганы эстегенде төмөнкү ыр саптары эске келет:

*Шуулдаба, терегим,*
*Теректерим,*
*Шуулдасаң, ачышып*
*Каректерим,*
*Шуу үшкүрүп*
*Ыйлагым келет менин!*

Салижан Жигитовдун өзүнө байланыштырып, минтип айткан жери бар. "Эми мен эл кашына чыкканда кыйын көрүнөйүн же бир образга кирип алайын деп деле аракет кылбайм. Бул жагынан ыймандай сырымды айтпасам да, эмне ойлосом айткым келет. Аша чапкан баатырдыгым да жок, коендой серектеген коркоктугум да жок. Ар бир киши өзүнүн ойлогонун айтууга тийиш. Ал да абдан кыйын, жан дилден ачык болуш, ойлогон оюн жалтанбай айтыш, айтканда да логикага салып айтыш абдан кыйын да. Менде көйрөңдүк такыр жок, элдин көбүндө көйрөңдүк бар".

Агайдын өз доорунда өзгөчө орду бар. Жараткан сүйгөн пендесине акылды, талантты башкаларга караганда көбүрөөк берет деп айтышат элде. Жараткан жарашыктуу өңдөн азга сараңдык кылса да, ойдон, сөздөн, фантазиядан агай жакшы касиетке ээ болгону көрүнүп турат. Салижан Жигитов кайсы бир макаласында минтип жазган жери бар. «1995-жылы Ташкенде Кыргызстандын элчиси болуп жүрсөм, бир күнү Өзбекстан телевидениесинин бир кабарчысы мени көчөдөн эле кармап алды. Аны - муну сураштырып, акыры мага собол берди: "Өмүрүңүздө кандай ката, кандай жаңылыштык кетирдиңиз?" - Мен бир аз ойлоно калып, мындай жооп кайтардым: "Менин бүткүл өмүрүм совет коомунда өттү. Ал эми ошол коомдун жаңылыштуу жактары көп болуп чыкпадыбы. Бир коомдун бүтүндөй тарыхы катага ширелип турса, менин жеке өмүрүм каяктан катасы жок өмүр болот эле. Балким менин бүт өмүрүм бир жаңылыш өмүрдүр".

Кайда жүрбөсүн кай жерде сүйлөбөсүн, ал болгонун болгондой айткан. Кыргыздарым түшүнсүн. Жаны күйсүн. Бирдемени сезсин. Болгонун болгондой айтып отурбайбы "кыргызга орусча айтмайынча түшүнбөйт" деп безиңе ийне менен сайып жатпайбы.

"Өлкө өзүнүн өсүү жолун туура таап, эл байымайынча интеллигенция деле жарыбайт. Ачыккан адам маданият жөнүндө ойлонобу? Ал бирөөнүн көзүн карап калат да. Бүгүн баарын жыйыштырып коюп, өлкөнү өнүктүрүү жолун издеш керек окшойт" - деп жазган гезиттердеги бир макаласында.

Мамлекеттик жана коомдук ишмер Ишенбай Абдуразаков: "Анын турмушка көз карашы жаштайынан калыптанды көрүнөт. Жаштайынан жетим калып, балапан бөбөктөрүнүн

камын көрдү. Аздыгына карабай тапкандарынын бир бөлүгүн "жетимдериме" деп арнап койчу. Баарын окутту. Өз ден соолугуна кайыл болуп жүрүп сыркоолоп калды. Кийинчерээк ошол кезди эске салып айтып калчу. "Чыгыш элдеринде ата-энесине, бир туугандарына жардам бериш - парз делет. Ал парзымды колдон келишинче аткардым окшойт". Жасаган иштерин угуп отуруп, тамаша аралаш сурап койдум. "Сенин туугандарың өзүңү тартып баары эле таланттуу болбой калган көрүнөт. Эгер болсо, далай эле таасирдүү кызматта жүрдүң, чоңдор менен мамилең жылуу болду, баарын болбоо да бир экөөнү чоңойтуп жиберет элең да", - десем, каткырып күлдү да: - Ой, мен ошого бара албадым. Бир туугандар өз бооруң да, алар таланттуу өңдөнө берет. Чоңойтуп жиберүү мүмкүн, бирок ишин ойдогудай аткара албай калса, өзүң да уят болосуң, анан бүт өлкөгө зыяны тиет да. Мында, молдоке, сенин да күнөөң бар. "Жөндөм жетишсиз тууганыңды жооптуу кызматка коюш башка татыктуу адамдын ордун тартып алган менен барабар, мамлекеттин илдети ошондон башталат" дейсиң го. Ошол туура. Жакын туугандарым жөнүндө бирдеме айтууга ооз барбайт экен, бирок идреги бар, ушул ишке жарайт деп ишенгендерди тартынбай эле колдоп жүрдүм, кудай жалгап ошолор ишенчимди актап жүрүшөт".

Бул адам турпатына өзгөче шык, жөндөм менен жаралганын бирге жүрүп, кошо иштегендер такай айтып жүрүшөт. Агайдын осуяттай сөздөрү бар "Бирөөгө жамандык кылбагыла, алдабагыла, мүлкүнө кыянаттык кылбагыла, үнөмдүү жашагыла, ысырапыкка барбагыла, байлыгың менен башкаларды кемсинтпегиле" деп айткандары дале жадыбызда. Турмуштун оош-кыйышын баштан кечирген сайын Салижан Жигитовдун көрө билгендей айтканына таң калабыз. Ушундай адамдар жараткан макалалар түз жолуңду сайып көрсөтүп турат.

## ДОМБЫРАДАН ТӨГҮЛГӨН ЫР...

***Белгилүү төкмө акын Майра Керим кызы менен маек***



Майра Керим кызы, төкмөлүк жагынан аргымактай жулунган инсан экени бүткүл Кыргызстанга белгилүү. Ал акындардын Орто Азия регионундагы айтышында биринчи орунду ээлеген. Майра жакында Жалал-Абад шаарында болуп, эл менен жолугушуп, домбырасын шаңшытып, булбул тилин сайратып, ак билеригин жаркылдатып, ыр сүйүү-чүлөрдүн көңүлүн сергитип, ырга балкытып кетти. Эл алдында ырдап, көмөкөйүнөн ыр чубурткан акын кызыбызга биздин кабарчыбыз жолугуп, айрым суроолорду узаткан эле.

**- Майра өзүңүздү көгүлтүр экрандан көрүп, ырдаганыңызды суктанып угуп жүргөн элек. Эми болсо, насип экен, жашыл, сүйкүмдүү шаарыбыз Жалал-Абадда минтип кез келишип отурабыз.**

- Менин ырчылык өнөрүм канча экенин аны эл баалар. Бул башкы маселе. Бул жакка келип калышыма Жалал-Абад шаарынын жетекчиси Асылгүл Абдурекменованын сунушу негиз болду. - Биздин элге өнөрүңдү тартуула - деген. Мындай болот деп оюма албапмын. Уюткулуу Жалал-Абаддын тузу буйрук экен, жерин көрүп, элин аралап өнөрүмдү көрсөтүп, эли менен даамдаш болгонума дүйнөм жаңырып турат.

**- Бизге келгенге чейин бул жактагы төкмөлөрдөн таанып-билгениңиз бар беле?**

- Бишкекте айтыш болгондо бир тобун таанып калгамын. Бул жака келгенимде төкмө Рахматулла Козукеев тосуп алып, элди кыдырууда мени менен кошо жүрдү. Дагы бир тобу тааныш, кол тийип алар менен жолугууга учур болбой калды. Атайын келип, жолукпай кетиптир деп таарынышпасын.

**- Жолболду Алыбаевди билээр чыгаарсыз?**

- Обончу агайбы? Албетте, билем, буга чейин атын угуп, өзүн көрө элек элем. Жолугушуп тааныштык. Анын "Чолпонум" деген дастаны мага жагат. (Ал домбырасын күүлөп, "Чолпонум" дастанынан накта кыргызча ырдап берди, Анан ал тамашалап) Шолпанды байга берген жери жакмады. Негизинен обончу байкенин ырлары жакшы.

**- Орто мектепти аяктап эле, ушул өнөргө баш койдуңузбу?**

- Кайдан. Мектепти бүтүп, бухгалтер деген адис берүүчү окууга кирип, аны бүтүрүп, бухгалтер болуп иштеп жүрдүм.

**- Анан кантип акын болуп калдыңыз?**

- Жашыман эле ырга кызыгат элем. Жакшы болбосо да бир канчалык деңгээлде ырдайт да болчумун. Домбыра чертишти үйрөндүм. Домбыранын үнү жан дүйнөм, эч ким билбеген сырымдын ачкычы. Домбыранын коштоосу менен көңүлгө келген саптарды куюлуштуруп ырдай коюп жүрдүм. Барып, төкмө акындардын таалими да болду. Нө бир таланттуу төкмөлөр менен айтыша калганым менин бактылуу тагдырым деп ойлойм.

**- Кыздардан төкмө акын сейрек чыгат. Эгер жолдошуңуз болсо, сиз ырдап атканда, командировкага чыкканда, анда эркектик кызганыч болбойбу?**

- Менин жолдошум андай эмес. Аты Канат. Кыргыздын кулуну. Өзүм болсо, казак кызымын. Жолдошум ар ишти орду менен түшүнө билген жигит. Менин жан дүйнөм ыр деп турганын ал сезип, туйганы менин ырчылык бактым деп ойлойм. Мүмкүн "сен ырдабай үйдө олтур" деп койсо, колума домбыра алып, эл алдында жаркылдап ырдап туруш кайдан болмок. Жубайлардын бирине-бири түшүнө билгени үй бүлөнүн бузулбас пайдубалы.

**- Ысык-Көл көркү жагынан кыргыздын кооз жери. Ошондой көркү ашкан жерден келип, Жалал-Абадыбыз жакпай калбадыбы?**

- Жалал-Абад шаарында, ага жакын жайгашкан, курортунда болгонумда жериңердин касиеттүү, кооз экенине ынандым. Байкаган адамга мындай жер ар жерден эле жолуга бербейт. Биз тамшанчу жер-жемиштин түрү Жалал-Абадда экен, Ысык-Көл, Жалал-Абад менен, Жалал-Абад Ысык-Көл

менен көрктүү экенине ынандым. Жалпы алганда кыргыз жери өзүнүн көркү, байлыктары менен ааламды суктантканын ким жашыра алат.

**- Баса, жогоруда айтып кетпедиңизби, төкмө акын Рахматтулла сиз менен кошо жүргөнүн. Эл менен жолугушаарда төкмөлүк салтка таянып, айтышып да көргөн чыгаарсыздар?**

- Акындык өнөр айтышта такшалат. Антпесе, талант мокоп, өнөр өлөт. Рахматулла чоң акын экен. Биз барган жерде жолугушууну айтыш менен баштап аттык. Жеңиш күнүндө, педагогикалык окуу жайынын 70 жылдык тоюнда жана башка жерлерде болгондо Рахматулла экөөбүздүн айтышыбызды эл сүрөп, ырахаттанып укту десем жаңылышпаймын.

**- Жолдошуңуз айылдабы же?..**

- Ал мени менен кошо келди. (анан тамашалап) Менин лично телехранителим. (ачык мүнөзү менен жарк этип күлүп алды).

**- Азыр иштеген ишиңиз кайсы тармакта?**

- Акындык өнөр өз кесибимен болуп калды. Азыр Кара-Көл шаарында театрда ырчы болуп эмгектенем. Ыр деп жашап калдым. Тагдыр ушуну буйруган экен.

**- Майра, сизге адамдагы кайсы мүнөз жагат?**

- Ачык, жан дүйнөсү таза инсан.

**- Ысык-Көлгө барганда Жалал-Абад шаары эсиңизге түшөөр?**

- Аманчылык болсо, тарыхы тереңге катылган бул шаарга келип турам деп ойлойм. Көөдөнүмө бул жерден көп эсте калаарлык, өмүрүмдүн бир сонун учуру катылган сагыныч калды окшойт, бул жерликтер адамгерчилиги жогору турган эл экен.

Кайрылып элиңизге барганда Жалалабаддыктардан ысык салам жолдоңуз.

- Ал деген нагыз милдетим. Ошол саламдын ичинде элди, жерди бириктирген, элдин духун көтөргөн эң күчтүү сөз бар. Аны мен элиме төкпөй-чачпай жеткирем. Көрүшкөнчө элиңер, жери ңер аман болсун!.

- Сизге да турмушуңузда башыңызга бакыт консун!

## ЫСАК МЕРГЕН

Кызыл-Суу айылы колхоздоштуруу мезгилинде Ленин атындагы колхоз болуп уюшулуп, экономикасы өскөн чарба болгон. Ошол аймакта куудул, комузчу, балбан, көзгө атар мергендер чыгып, сулуулугу суктанткан кыздар жашап өткөн. Бүгүн биз сөз кыла турган мерген, жөө күлүк Тиленбай уулу Ысак.

Ысактын эки уулу, Баит, Дордок болгон. Дордок бала-чакалуу болгондон кийин оорун жүрүп көзү өттү. Баит ава Улуу Ата Мекендик согушка активдүү катышып, азыр арабызда жашап жүрөт. Бала-чакалуу жашы жетимиштен өтүп калды. Бизге Тиленбай уулу Ысак жөнүндө карыя мугалим Ысакбай Кадыркулов айтып берген эле.

### *Мергенчилиги жөнүндө*

Ысак элдин башында жокчулук, ачкачылык өкүм сүрүп турганда бир айылды мергенчилик өнөрү менен кайберендердин (кийик, элик, тоодак, улар) эти менен баккан экен.

Ысактар жайлоодо экен. Күндөрдүн биринде айлананы жөө туман басып түн караңгы, күн шыбаттап жаал турат. Ошол учурда карышкарлар улуп, короого жакындай баштайт. Ысак керегеде илинип турган мылтыкты алып, эшикке чыкпай туруп, үйдүн кийизин көтөрүп туруп, капшыттан карышкыр улуган жакты мээлеп туруп атып калат. Ошол маалда карышкырдын "каңк" эткен үнү чыгып басылат, Ысак ошол бойдоп сыртка чыкпайт. Эртеси эртең менен караса атылган ок биринчи карышкырга тийип, андан өтүп, экинчи карышкырга тийгенде ошол карышкыр каңк эткен экен. Экөө тең өлүп жатыптыр.

Басмачылар менен кызылдардын кармашуусу күч алып турган кез экен, Ысак басмачылар тарабында, ал эми анын теңтушу Попов болсо кызылдардын командири болгон Попов баш болгон кызылдар тобу, басмачыларды колго түшүрүү максатында тоо аралап кетип баратты. Кызыл Армияны баштап бараткан Поповдун кепкасын бир оокумда ок шыпырып кетет. Ошол Попов - бул жакта Ысак бар экен,

жолубуз болбойт - деп артка кайтат, Көрсө, Ысак досуна кыянатчылык кылууну ыраа көрбөй "сен эсен аман кайтып кет" деп келкасына атып белги берген экен.

## *Жөө күлүктүгү жөнүндө*

Кызыл-Суунун, Дөбөттүн-Жону деген жайлоосунда Ысак бир киши менен (аты белгисиз) кымыз ичип отуруп, сөздөн сөз чыгат. Тиги киши - Жалалабатка базарга жылкы алып барып сатышым керек, жол алыс, качан жетем - деп наалыйт. Анда Ысак; "Бул Жалалабатың бир пастык жол, ошол да кеппи - дейт, андай болсо барып көр, - дейт тиги.

- Мен жөө эле барам - дейт Ысак. Ошентип тиги киши менен Ысак мелдешет. Экөө Жалалабаттын кожо маалесинде (Кожолор жашаган жер) жолугушмак болушат.

Ысак, Кызыл-Суудан чоң шашкеде жөө чыгып, бешимге жетпей кожо маалеге жетип келет. Аралыгы 50 чакырымдан арбын. Келсе ал жерде эч ким жок. Келе турган адамды көпкө чөйин күтөт, Ысак зеригип, азыркы курорт жайгашкан Азрет айыпка чыгып зыярат кылып, дары суулардан ичип, КөңҮЛ сергитип кайтат. Келсе дагы эч ким жок. Ал күнү кечкирип, биреөнүкүнө түнөп калат. Эртеси шашке чөнде баягы киши аттуу, жылкы жетелеп келе жаткан болот. Келери менен тиги - айланайын Ысак. мен жеңилдим, жөө күлүктүгүңө эми ишендим - деп Ысактын колуна беш сом карматат. Ысак элүү тыйынга шаар аралап көңүл ачып, курсагын тойгузат. Элүү тыйынга үйүнө белек-бечкек алат. 4 сому жанында калат.

Бир күнү Ысактын атасы Тилөнбай: - койлор туз сурап болбой калды, эмне кылсам болот экен - деп өзүнчө капаланат. Муну уккан Ысак куржунга бир нанды ороп салып туз алып келгени Тогуз-Торого жөнөйт. Мезгил кеч күз. Ал убакта Кызыл-Суулуктар - тузду Тогуз-Тородон ташып келишкен. Кызыл-Суу менен Тогуз- Торонун ортосу жалаң эле тоо-таш. Андан калса аралыгы элүү чакырымга жакын. Күн чыга жолго чыккан Ысак "Тегерек Кайың" деген жерге келип дем алат. Жанындагы нандын жартысын жейт. Дабанга жетип, анын башына чыгып, туз кенге барып, андан көтөрүшүнчө туз, алып кайра жолго чыгат, Калган нанды дагы Тегерек-Кайыңга келип дем алып отуруп жейт.

Ысак койлор жайыттан кайткыча тузду көтөрүп үйүнө кирип келет. Тузду бекитип коюп, атасына жолугат. Туз алып келдим десе атасы ишенбей коет. Ал бекиткен тузду алып чыгып көрсөтөт. Атасы буга ичинен кубанса да бул кызматын эч кимге билдирбөөгө ичинен ниет кылат. Бала - көзүгүп калбасын дейт. Ошол күнү Тилебай уулу Ысакка элден бата алып берүү максатында кой союп, айылдагыларды сыйга чакырган экен.



## АБДЫРАЗАК КУУДУЛ

Көгарт өрөөнүндө куудулдугу менен Абдыразак өз замандаштарына кеңири белгилүү болгон.

Айтылуу куудул болжол менен 1896-жылдары Көгарт айылында жарык дүйнөгө келген.

1969-жылы оорудан каза болгон. Абдыразактан Жалил, Калил деген уулдары жана кыздары бар. Куудулдун айрым жоруктарынан сиздерге сунуш кылабыз.

### *Кадыр түн тосуу*

Көгарт айылында кыштын күнү кадыр түн тосмок болушат. Тапкандарын алдыларына коюп, Жаратkандан суранып, тиленип, кадыр түн тосуп калышат. Күн суук, ат баскан жолдун эки жагы додолонгон кар. Абдыразак бир кызыкты көрсөтөйүн деп, күчүктү кармап, панар майга (керосин) салып, күкүрт чагып күйгүзүп, күчүктү кое берет.

Күчүктүн жүнү өскүлөң болгондуктан, күчүктү жалын оройт. Денеси күйө баштаганына чыдабай күчүк жол менен чуркап жөнөйт.

Айланага жайылган жарыкты көргөндөр жакаларын карманып, "Кадыр түн жарыгын чачып келе жатат" дешип сыйына башташат. Күчүк жолдун ортосуна жетип, өрттөнүп өлөт. Айылда эртеси кадыр түн жөнүндө уу-дуу кеп болуп, Кудай өткөрүшөт. Куран китепке башын тийгизип, аны тегеренип өтүп жаткандар молдонун алдына тыйын-тыпыр таштап өтүшөт. Кезек Абдыразакка келет. Молдого бергенге тыйыны жок. Абдыразакты молдо мазактаганда Абдыразак: – Менго мен, өрттөнүп өлгөн күчүккө Кудай өткөргөн сени Кудай урат ко! дегенде, молдо кечиндеги окуя Абдыразактын колунан келгенин элге жарыялап салат. Элдер Абдыразакты жазаламак болгондо ал качып кутулат.

### *Эт бөлүү*

Айылда жылкы союлуп, деңгене болот. Бөкөл болуп, ошол жерлик Кулу, Асыран, Айбаш деген адамдар этти бөлүшөт. Эт

бөлүштүргөндөр өздөрүнө көбүрөөк эт алып алгандарын байкап калган Абдыразак минтип ырдаган экен:

*Кулу гөштү курутту,*
*Асыран тонун унутту.*
*Айбаш кетти төш менен,*
*Анык көргөн киши бар,*
*Алты чөксе гөш менен!*

Тигилер уялып, алгандарын кайра беришкен экен.

## *Уят болуптур*

Абдыразактын каралмалык Назаң деген досу болот. Бир күнү Абдыразак Назаң менен учурашканы үйүнө барса, аяш энеси Назаңдын Өзгөндүн Ийри Суусуна кеткенин, бир жума болуп калганын айтат. Абдыразак Назаңды Ийри Суудан табат. Бир үйдө бозо ичилип, төрдө кызуу, бакылдап отурган Назаңга Абдыразак: - Аяш энем, о дүйнө… көзүнө жаш алып, буулугуп сүйлөй албай жаткан Абдыразактын жаман кабар менен көлгенин туйган Назаң отурган жеринен шашып чыгып, атына минип, эч кимди карабай үйүн көздөй катуулап жөнөйт. Артынан куйрук улай Абдыразак келет.

Үйүнө жакындаганда Назаң, - айрылдым апа! Дөөлөтүм апа! - деп зоңкулдап өкүрүп, атын чаап жөнөйт. Назаң үйүнө жеткен де, - балам тынччылык, мен аманмын - деп апасы үй алдынан тосуп алат.

- Баягы Абдыразактын кылганы, ага мен көрсөтөм!, - деп атын бура тартып караса, Абдыразактан дайын жок. Жумалап сайрандап жүргөн Назаң ушинтип уят болгон экен.





# ӨМҮРҮҢ КЫСКА ЭКЕН

***Саясий жана коомдук ишмер маркум Сатыбалды Жээнбековдун элесине***



Караанынды эш тутуп жүрдүк эле,
Өзүң менен шаңкылдап күлдүк эле.
Балалыкты Тайгараевке таштап салып,
Чолпон болуп, алыстан жандың эле.

Болооруң баштан эле анык эле,
Ар ишке дилгирлигиң каныk эле.
Элиңе кызмат кылып берээр чакта,
Ажалга көөдөн тостуң барып эле.

Аттиңай, жүрөк муздап ишенбейбиз,
Ажалга алсыз болуп, жер тиктейбиз.
Колдон келсе, ажал колун кайрып салып,
Жан салып, кайра өзүңдү алсак дейбиз!

Айтылбай сөздөр калды көөдөнүңдө,
Аны биз сезип, туйдук өткөнүңдө.
Оттой жанып, алоолоп жашап өттүң,
Өзүңө буйрук кылган кыска өмүрдө…

# ТААЗИМ

***Ички иштер кызматынын ветераны, Жалал-Абад шаарындагы "Базарный" көчөсүнүн жашоочусу, маркум Жоробек Өмүрзак уулунун жаркын элесине.***

О, ал күндөр сиз жашаган,
Өчпөй калып, жашап келет сезимдерде.
Таң калтырып, акыл чачкан сөздөрүңүз,
Курал болуп, кызмат кылат кези келсе.

Мээримиңизде жылындым далай ирет,
Жакшы сөздөр өзү кандай керемет.
Боорукер, жөнөкөй болгон мүнөзүңүз,
Жашоодо мага дем берип, эргитет.

Биз дайыма жөлөк кылып өзүңүздү,
Үлгү болчу дайма кайратыңыз.
Турмушта өксүп,- уулдуу болбодум – деп,
Жарыңыз Тоту эжеге да айтпадыңыз.

Мынакей эрдик эмей, ушул эмне!?
Эгерде сизден башка бирөө болсо.
Жеңилип тентек кыял оюнуна,
Жар көңүлүн оорутмак, башка ойдо.

Эркелетип кыздарды уулдан артык,
Аталык тарбияңыз эсте калды.
Тоту эже да өзүңүзгө тирек болуп,
Жашоодо сиз менен кошо басты.

Аттандыңыз жашоодон эрте, эрте,
Ойго келбес иш болду ушул жагы.
Кайгыдан арылып, арыла электе,
Уул төрөп, Тоту эже жадырады.

Артыңызда уул калды Белек деген,
Көрбөй кеттиңиз, ушунуңуз арман болду.
Ава, улап келе жатат Бөлегиңиз,
Сиз баштаган турмуштагы улуу жолду!

## БООРУКЕР АДАМ

***Же Эши уулу Жунус жездемин жаркын элесине***

Сизден угуп жакшы сөздү,
Бала кезден көңүл өстү.
Азыр дагы ошол сөздөр,
Көңүлүмдү көкөлөттү.

Кандай жакшы адам элең,
Көөн көтөрүп эркелеткен.
Көкүрөктө турат сөзүң,
–... Өксүбөсүн бала – деген.

Колго таяк бекем кармап,
Бүт эмгекти элге арнап.
Жашап өттүң Жунус жезде,
Ар-намысты бийик санап.

Эс-эс билем, жаңылбасам,
Конуш алдык. Чаңдуу журттан.
Чабан болчу жездем Жунус,
Жылкычы болчу чоң атам.

Эки үйлүү кошунабыз,
Чаңдуу Журтта отурабыз.
Кеч киргенде бирге болуп,
Чер жазышып, божурайбыз.

Жездем баккан койдун эти,
Жеген сайын, дагы дешчүү.
Бал кымыздан кана жутуп,
Келгендер ырахат алчуу.

Жездем болсо мени кыйбай,
Майлуу эттен кесип кыйгай.

Мага улам сунуп коюп,
- Тое же - дейт –Төкөм эч уялбай.

Тойсом дагы тойдум дебей,
Бергенин улам ала бермей.
Алганымды кийизге бастырып.
Кое берем эч кимге билгизбей.

- Тойсо болду, баланыкы ушул да -
Жездем айтып кубанат ушуга.
Бала чиркин жеген жок эчтеке,
Майлуу эттер калды кийиз алдында.

Кимсан эжем билип жүрөт эртеси,
Чаңын күүп, тазалайын деп кийизди,
Жездем болсо тамашалап айтыптыр:
- Эми чакырбайбыз, «эт жебеген немени».



## КАРГАШАДАГЫ ТОЛГОНУУ

Каргаша... Кызыл суунун кире беришинде жайгашкан жер. Эң жаман угулат кулакка ушул сөз. Бала кезибизде ушул сөздү укканда дене дүрүлдөп, жүрөк туйлап турат эле. Үч жыгачка чырмалып байланган табыт атка өңөрүлүп, Каргашаны көздөй жөнөйт... Биздин көз алдыбызда канча табыттар ушул Каргашага келип жашырылды. Ошондонбу Каргаша биздин сезимге тескери таасири менен эсибизде сакталып калды. Бул ат качан, кантип сакталып калганын эч ким билбейт.

Биз Кызыл Сууга барып келгенде Каргаша менен өтүп, ал жерде жайгашкан бейитке куран окуп өтөбүз. Аталарыбыз, аваларыбыз, карындаш уруктун, тааныш-билиштердин сөөктөрү ушул жерде түбөлүк уйкуда. Кечээ эле биз менен жүргөн асыл мүнөздүү адамдар ажалдын тузагынан кутула албай ушул жерди жазданышкан. Ушул жерде жаткандарды эскерген сайын беш күнчүлүк өмүрдүн бүтпөгөн ыры кулагыңа жаңырат...

Чекелектин уулу Абдыразак,
Куудулдугу ченде жок.
Өлгөндү да күлдүрчү,
Эми болсо элде жок.
Көр түбүндө караңгы,
Кантип жатат көөнү ток?

* * *

Ысмайылды билишет,
"Эл башы" - деп жүрүшөт.
Канча өмүр сүрсө да,
Мындан келип жай алды.
Каргашадан таап түнөк,
"Элим" деп жүрүп токтоду.
Муштумдай болгон бир жүрөк.

* * *

Кеп кылышат Жунусту,
Топтолуп калса карылар.

Көкбөрүнүн керкү эле,
Көп өнөрү дагы бар.
Өлгөндердүн сабында,
Эшиев Жунус дагы бар.
Ким табылаар пендеден,
Шум ажалды жазгыраар.
* * *
Калбайдын уулу Мамытты,
Кара жер алып ал тынды.
Аны аңдыган шум ажал,
Кайдан билсин баркыңды.
* * *
Кызыл Суунун баш жагы,
Кары менен жаш дагы.
Ооз комузду шаңшыткан,
Жан жыргатып баарынан.
Сакедей шумдук өнөрлүү,
Эстешет ошол адамды.
* * *
Саруудан чыккан Ысакты,
Ажал алды аны да,
Жайып коюп тузакты.
Кереге көктөп, уук чапты.
Көзү өткөндө ал адам,
Боз үйүн эстеп ыйлашты.
Аяса ажал аямак,
Өнөрлүү мындай адамды.
* * *
Атка минсе жарашкан,
Сөөлөтүнө карашкан.
Алыбеттүү Шаа дагы,
Шум ажалга бой сунуп,
Жөр алдынан жай алган.
* * *
Токсонго чыкканча тоготпой,
Карылык деген нерсени.
Кадыркул дагы акыры,
Ажалга көнүп кел деди.
Ак аскалын жайкалтып,
Айылдын болчу эрмеги,

Төбөң көккө жетсе да,
Ажал калтырбайт экен пендени.
* * *
Кара жерди жастанып,
Катып жатат канча адам.
Шаан-шөкөт куруп кечээ эле,
Исраил жүрдү эле.
Тынчу жайы табылып,
Тынып жаткан кези эми.
* * *
Сөзүнөн адам жадабай.
Берилип угуп аябай.
Мергендигин айтканда,
Жыргайт элек баладай.
Ат жабдыгын жасаса,
Кештелеп, түрлөп тажабай,
Айтсак Зулпукар авабыз.
Адам болчу ушундай.
* * *
Эртелеп татып турмушту,
Жашынан кылган жумушту.
Атадан эрте калса да,
Раимберди байкасам.
Эл үчүн кызмат көп кылды.
Сүйлесө элди муюткан,
Жол таап чыккан туюктан.
Аны да ажал жөн койбой,
Жер алдына уюткан.
* * *
Кара аксакал бар эле,
Каада-салтты кармаган.
Көп сүйлебөй сөз угуп,
Жакшы, жамандан калбаган,
Аны да ажал жалмаган.
* * *
Ак сакалын жайкалтып,
Жашап өттү Рысбай.
Жаштарга үлгү болоорлук,
Сөзүн айтчу шашылбай.

Сөзүн угууга зарыктык,
Арабыздан табылбай.

* * *

Муну менен катарда,
Үзөнгүлөш жашаган.
Нуралынын Жээнбеги,
Ал да кетти катардан.
Андай адам кем болот,
Баарын жеңип жашаган.
Анын айкел көөдөнү,
Көп адамды көгөрткөн.

* * *

Көбүртүп, жабыртып сөз айтып,
Көпчүлүктү шаңданткан.
Кадимки Калбайдын Жээнбеги,
Учурунда даң салган.
Ал да кетип арадан,
Түр көрсөттү бу жалган.

* * *

Акмат менен Залимбек,
Теңтуш жана дос болгон.
Алар барган жерлерде,
Ыр-күүлөрү коштолгон.
Бири болду полномочун,
Бири болду чоң ферме.
Айрыкча айтып кетээрим.
Абдыкадыр Апиев,
Көп адамдын эсинде,
Жоргону минип туйлатты,
Ооматы келген кезинде.
Үчөөнү бирдей мойсоду,
Ажал гана оңбосун!

* * *

Көп көрүшүп сүйлөштүк,
Мүнөзү ачык жайдары.
Баары билет Таңырды,
Жаш карыны бөлбөгон.
Жашап өттү жаркылдап,
Адам эле эл сүйгөн.

* * *

Оозго тиштеп камчыны,
Жерден эңип улакты.
Сүргөн далай топторду.
Абдырайым палванды,
Бүгүн эли жоктоду.
Ага окшогон чабандес,
Эми келбейт окшоду.

* * *

Бирин бири узатып,
Жаштарын төгүп көлдөткөн.
Кечээ эле бизге жанашып,
Кошо басып жарашып.
Кулназаров Мойдунду,
Сурасаң билет кептөрдөн.
Актив болуп ал өткөн,
Ал дагы өттү дүйнөдөн.

* * *

Басканы тыкан жарашып,
Кыз-келин кыйгач карашып.
Абдыкадыров Бакирди,
Койгондой көрктүү жаратып.
Өлбөйм деп жүргөн кезинде,
Шум өлүм муну да алды каратып.

* * *

Жарыкчылык жакшы экен,
Өлбөй жүрсөң бакты экен.
Ыракаш ава күлмүңдөп,
Жашап жүрчү биз менен.
Казакча өлөң айтканда,
Албырып чыкчуу ыраңдар.
Ал өткөн учур алыста,
Гүлдөдү далай кыраңдар.

* * *

Сөз болсо канча оюнда,
Жаап жашырбай боюна.
Ортого таштап салчу эле.
Абдыкаар палван чынында.
Чабандес жагы өзүнчө,
Төң келиш ага кыйында.

* * *

Сүйүнүп жүрдү Мама,
Согушта өлбөй калдым - деп.
Болуп жүрдү эсепчи,
Өлүмгө бербей кезекти.
Өлүмдүн качан келээрин,
Иш деп жүрүп сезбеди.

* * *

Согушка барып атышып,
Башынан аяк катышып.
Ажалы жетпей Кула,
Айлына келди бак айтып.
Суналып жатат ал дагы,
Ажалдын кемип салмагы.

* * *

Осмонду баары билишет,
"Табып" деп айтып жүрүшөт.
Жылан менен курт чакса,
Уусун байлап жылдырбай,
Денеден айдап кетирген.
Көп адам шыпаа тапкан дейт,
Ал кишинин деминен.
Жайын тапкан ал дагы,
Түбөлүк жатчуу жеринен.

* * *

Чөпкө да зыян кылбаган,
Адамдын баарын сыйлаган.
Маматов Осмоналыны,
Өлүм кантип алды анан?
Жашыңы сурап, боору ооруп,
Койбойт тура бул арам!

* * *

Өз теңдүүлөр сабында,
Кызматын жасап калкына.
Жашап өттү Карим,
Жашоонун жетип баркына.
Билгизбей жүрүп аны да,
Кара жер алды койнуна.

* * *

Ыса аксакал узакка,
Жашап жүрүп жаркылдап.
Ал да илинди тузакка,
Таштап кетпейм дечү эле,
Калып калды Доскана.
Бири кем дүйнө нө дейбиз,
Жазганы ушул маңдайга.

* * *

Сакенбайдын баласы,
Сатымкулду билээрсиң.
Жүзгө жашы барганда,
Таякты колго алганда.
Чалып жыгып аны да,
Салып алды койнуңа.

* * *

Шаамини баары билишет,
Күлдүрүп сүйлөп көптөрдү.
Таржымал кылып айтчу эле,
Согушта болуп өткөндү.
Ал дагы кетти катардан,
Калтырып ушул дүйнөнү.

* * *

Замандаштар сабында,
Жашап өткөн маалында.
Билишет болчу Дыйканды,
Катылып жатат ал дагы,
Капкалуу жердин алдында.

* * *

Баит ава улуусу,
Дордок ава кичүүсү.
Ысак мергендин балдары,
Эл үчүн иштеп жүрүшүп,
Булар да элде калбады.

* * *

Кешегеде жашаган,
Берүнү көбү унутту.
Бөлөкмүн дебей кыргызга,
Тууган болгон туруктуу.
Аны да ажал курутту.

* * *

Жума менен Абдыкаар,
Бакир, Рысбай, Куланбай.
Көкөй, Чырмаш, Кубаттар,
Алымбай жана Эсенбай,
Аскар, Бектен, Жаасындар.
Абийир, Атике, Ормондор,
Үсөнбек, Болоткан, Анварлар.
Көркү эмес беле айылдын,
Чымга айланды кайрандар!

* * *

Алабарман, ак көңүл,
Адамды алдың Каргаша.
Кара көңүл, көөнү пас,
Жаманды алың Каргаша.
Айыл көркү аксакал,
Муну алдың Каргаша.
Ак тилектүү энени,
Муну алдың Каргаша.
Дагы көптү аласың,
Ошентип моокумдан канасың.
Айай турган түрүң жок,
О өлүм, адам баласын!

* * *

Жогоруда айткандар,
Мен көзүн көрүп калгандар.
Мага чейин канчасы,
Сага келип жай алган.
Сенден турпак буюрбай,
Канчасы калды алыста.
Кимиси кайда калганын,
Эгер билип калганда.
Жол жобосун аткарып,
Турбайт бөлек башында!
Үлгүнң болсо бир кордук,
Туугандан турпак буюрбай.
Бүтүн жерге коюлуп.

# МАЗМУНУ

## ДРАМАЛАР


Барпы ___ 4
Сени издейм ___ 49
Бекмамат ___ 83


## МАКАЛАЛАР


Тарыхтагы адам ___ 106
Алынбай калган колтамга ___ 109
Айкөлдүк ___ 111
Биринчи жана акыркы ___ 115
Жолугушуу ___ 115
Мени суктанткан макала ___ 118
Домбырадан төгүлгөн ыр… ___ 122
Ысак мерген ___ 125
Абдыразак куудул ___ 128


## ЫРЛАР


Өмүрүң кыска экен ___ 132
Таазим ___ 133
Боорукер адам ___ 134
Каргашадагы толгонуу ___ 136



**Төрөбай Исмаилов**

**ТҮРКҮН ТАГДЫРЛАР**

Редактор: Т. Раимбердиев
Техникалык редактор: М. Маматалиев
Корректор: Б. Төрөбаева
Комп. терген: Г. Карабашова
Комп. жасалгалаган: Ө. Жакыпов

Басууга 21.06.2013-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1\16.
Көлөму 9 басма табак.
Нускасы 100. Буюртма № 617

«Ошбасмакана» АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209